457

Аң-сезим
Ал-Ваъй
الوعي
Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал
Отуз тогузунчу жыл чыгышы, сафар, 1446-х. – сентябрь, 2024-м.

Ал-Ваъй сөзү

# Уммат Хизб-ут-Тахрир жетектеген өзгөрүү алдында


Батыш Халифалыкка каршы күрөшүү менен анын тикеленишин моюнга алуу ортосунда 49

Аскерий доктрина: Мусулман армиялары-нын Газага жардам көрсөтүшүнө эмне тоскоолдук кылат? 13

Газа калкына нусрат берүү үчүн Ислам Умматынын уламаларына кайрылуу 63

Газага каршы согуш Батыш идеология-сынын маңызын, кандай саясат алып барышын ачыктоодо! 34

Эрдоган: Биз Асад менен жолугушуу уюштуруп, тарыхий чакыруубузду колдоого алуусун ынтызарлык менен күтүп жатабыз 48

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

457

Отуз тогузунчу жыл чыгышы
Сафар 1446-х.
сентябрь. 2024м

# Ушул санда

– ***Ал-ваъй сөзү:*** Уммат Хизб-ут-Тахрир жетектеген өзгөрүү алдында ................ 3

– Аскерий доктрина: Мусулман армияларынын Газага жардам көрсөтүшүнө эмне тоскоолдук кылат? (2) ........................................ 13

– Газага каршы согуш Батыш идеологиясынын маңызын, Батыш мамлекеттери кандай саясат алып барышын ачыктоодо! ......................... 34

– Батыш Халифалыкка каршы күрөшүү менен анын тикеленишин моюнга алуу ортосунда ........................................ 49

– Газа калкына нусрат берүү үчүн Ислам Умматынын уламаларына кайрылуу ........................................ 63

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары*** .. 70

– ***Куръани Карим сабагында*** ................ 75

– ***Алардын хидаятына ээрчигиле:*** Робиъ ибн Зияд Харисий ................................................ 82

– ***Соңку сөз:*** Эрдоган: Биз Асад менен жолугушуу уюштуруп, тарыхий чакыруубузду колдоого алуусун ынтызарлык менен күтүп жатабыз ........................................ 87

– Өлтүрүү менен коркутуу жана акараттоолор… Франция олимпиаданын «ачылышынын уюштуруучулары» кабылган маселе боюнча тергөө баштады ........................................ 88

## НУСКА БААСЫ

Ливан 1000 лира
Яман 30 риял
Түркия 1 доллар
Пакистан 1 доллар
Австралия 2,5 доллар
Америка 2,5 доллар
Канада 2,5 доллар
Германия 2,5 евро
Швеция 15 крон
Бельгия 1 евро
Британия 1 евро
Швейцария 2 франк
Австрия 1 евро
Дания 15 крон

بسم الله الرحمن الرحيم

## УММАТ ХИЗБ-УТ-ТАХРИР ЖЕТЕКТЕГЕН ӨЗГӨРҮҮ АЛДЫНДА

**Мухандис Абдуллах Салахий**
**Яман вилаяты**

Бүгүнкү күндө мусулмандар башынан өткөрүп жаткан кордук, аларды чулгап алган кыйын жана оор абалдар адамдардын баарына ачык-айкын болуп калды. Бул нерселер душмандын айла-амалында жана мусулман өлкөлөрүнө өкүмдарлык кылышында көрүнөт. Муну менен бирге, бул нерсени мусулмандардын абалынан, алардын көпчүлүгүнүн Ислам таалиминен алысташканынан, Аллах Субханахунун шарияты четтетилип, аны менен өкүм жүргүзүү жана андан өкүм суроо четке кагылганынан көрүү мүмкүн.

Мусулмандар бүгүн өз тарыхынын эң караңгы доорлорунун бирин башынан өткөрүшүүдө. Себеби, алар күч-кубаттан алсыздыкка, жетекчилик жана жолбашчылыктан көз карандылык жана кордукка кептелишти. Мусулмандардын бүгүнкү абалы жөнүндө фикирлеген киши начарлык белгилерин ачык-айкын көрөт жана мусулмандар турмуштун бардык тармактарында Исламдын түпкү маңызынан четтешкенин байкайт.

**Эй, мусулмандар!**

Ислам Умматынын тарыхына көз чаптырып, алтын барактарын дыкат карап чыккан адам таң калбаска аргасы жок. Улуу инсандардын бул нур барактары Исламга итааткөйлүк, Куръан менен хулктануу, ахиретке талпынуу, дүйнөдөн өзүн алып качуу, Аллах жолунда жихад кылуу жана Аллахтын динин жайып, бардык адамдарды Аллах тартуу кылган ушул диндин кучагына жетектөө сыяктуу позицияларга бай экенине күбө болуп, таң калганынан жака кармайт.

**Эй, мусулмандар!**

Биз бүткүл жер жүзүндө мусулмандар кыргын кылынып жаткан, өлкөлөрүнөн куулуп, намыстары тебеленип жаткан жана байлыктары талап-тонолуп жаткан бүгүнкү оор абалда болсок да, жүрөгүбүздө жеңилүү жай албашы керек. Себеби, биз Аллах Азза ва Жалланын:

﴿وَنُرِيدُ أَن نَّمُنَّ عَلَى ٱلَّذِينَ ٱسۡتُضۡعِفُواْ فِي ٱلۡأَرۡضِ وَنَجۡعَلَهُمۡ أَئِمَّةٗ وَنَجۡعَلَهُمُ ٱلۡوَٰرِثِينَ﴾

***«Биз болсо ал жерде кордолгон кишилерге камкордук кылууну, аларды*** *(кордук, бечаралыктан чыгарып, адамдарга)* ***башчы заттарга айлантууну жана аларды мураскорлор кылууну каалайбыз»*** [28:5]

деген аятын анык билген Умматпыз.

О.э. Аллах Азза ва Жалланын бул сөзүн да өтө жакшы билген Умматпыз:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдарды кылгандарга, кудум мурунку өткөн*** *(итикаддуу)* ***заттарды халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн кооп-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким ушул*** *(убада)****дан кийин куфрону*** *(ниъмат)* ***кылса, анда, алар фасыктар»***[24:55]

Аллах Тааланын бул сөзүн да билебиз:

﴿إِنَّا لَنَنصُرُ رُسُلَنَا وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فِي ٱلۡحَيَوٰةِ ٱلدُّنۡيَا وَيَوۡمَ يَقُومُ ٱلۡأَشۡهَٰدُ﴾

***«Албетте Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтиргендерге дүйнө тирүүлүгүндө да, күбөлөр тура турган Күндө да жардам беребиз»*** [40:51]

**Эй, Аллахтын пенделери!**

Мусулмандардын душмандары күч-кубаттуу жана мусулмандарга өкүмдар. Алар батыл жана куфрда болуп, текебер жана кержейишкен кимселер. Биз Ислам Умматы акыйкат жана хидаят Умматы болгондугубузга карабастан, кор

жана алсызбыз. Түпкүлүгүндө, күч-кубат жана нусратка биз акылуубуз. Себеби, акыбет таквадарларга, нусрат момундарга таандык. Анык ишенебиз, либералдар, илманийлер, динсиздер жана ааламдар Роббисинин шариятын колдонууну жаман көргөндөр эч качан үстөмдүк даамын татышпайт. Аллах Таала бул жөнүндө айткан жана Расулуллах ﷺ ушундай кабар берген. Аллах Таала айтат:

﴿يُرِيدُونَ أَن يُطۡفِـُٔواْ نُورَ ٱللَّهِ بِأَفۡوَٰهِهِمۡ وَيَأۡبَى ٱللَّهُ إِلَّآ أَن يُتِمَّ نُورَهُۥ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡكَٰفِرُونَ ۝ هُوَ ٱلَّذِيٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ﴾

***«Алар Аллахтын нурун ооздору** (т.а. пайдасыз сөздөрү) **менен өчүрмөкчү болушат, Аллах болсо,** (кафирлер) **каалашпаса да Өз нурун толук жаюуну каалайт»*** [9:32-33]

Ислам күнгө окшойт, эгер бир тарапка батса, башка тараптан чыгат т.а. чыкпай токтоп калбайт. Расулуллах ﷺ айткан:

«لَيَبْلُغَنَّ هَذَا الْأَمْرُ مَا بَلَغَ اللَّيْلُ وَالنَّهَارُ, وَلاَ يَتْرُكُ اللَّهُ بَيْتَ مَدَرٍ وَلاَ وَبَرٍ إِلاَّ أَدْخَلَهُ اللَّهُ هَذَا الدِّينَ بِعِزِّ عَزِيزٍ أَوْ بِذُلِّ ذَلِيلٍ, عِزًّا يُعِزُّ اللَّهُ دِينَ الْإِسْلَامِ, وَذُلاًّ يُذِلُّ بِهِ الْكُفْرَ»

**«Бул иш күн жана түн жетип барган жайга жерге чейин жетип барат. Аллах бир да отурукташкандын жана көчмөнчүнүн үйүн калтырбастан ага бул динди азиздин азиздиги же кордун кордугу менен киргизет. Ушундай бир азиздик, аны менен Аллах Ислам динин азиз кылат. Ушундай бир кордук, аны менен Аллах куфрду кор кылат».**

Нусрат кечигиши мүмкүн. Себеби, Уммат дагы эле Аллахка жана Анын даъватына өзүн бүтүндөй тартуу кылган жок. Кечигиши мүмкүн, себеби, чөйрө акыйкатка, изгиликке жана адилетке кучак жаюуга дагы эле даяр эмес. Нусрат нафстар анын алдына чыгып, сактап калууга даяр болгонго чейин кечигиши мүмкүн. Бирок, Аллахтын убадасы шексиз келет:

﴿وَعۡدَ ٱللَّهِۖ لَا يُخۡلِفُ ٱللَّهُ وَعۡدَهُۥ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

*«(Бул) **Аллахтын убадасы. Аллах Өз убадасына тескери иш кылбайт. Бирок көп адамдар** (муну) **билишпейт»*** [30:6]

Аллах бизди сапты бириктирүүгө, түпкү өзгөрүү жана Анын шариятын колдонуу үчүн катуу аракет кылууга буюрду. Аллах Азза ва Жалла айтат:

﴿وَأَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَلَا تَنَٰزَعُواْ فَتَفۡشَلُواْ وَتَذۡهَبَ رِيحُكُمۡۖ وَٱصۡبِرُوٓاْۚ إِنَّ ٱللَّهَ مَعَ ٱلصَّٰبِرِينَ﴾

***«Дагы Аллахка жана Анын Пайгамбарына итаат кылгыла жана*** *(өз ара)* ***талашып-тартышпагыла, антпесе араңар суздашып, күч-кубатыңар кетет. Сабыр кылгыла! Албетте, Аллах сабыр кылуучулар менен бирге»*** [8:46]

Бул аят каримада Роббибиз бизди талашып-тартышуудан жана бөлүнүүдөн кайтарып жатат, анткени, бул алсыздыгыбызга себеп болот. Ал эми душманыбызды жеңишибиз үчүн биригип, жүрөктөрүбүздү дос кылышыбыз керек. Ушул себептен улам бүгүн Ислам Умматы сапты бириктирүүгө жана өкүмдарларды өзгөртүү үчүн аракет кылууга абдан муктаж. Себеби, ушул өкүмдарлар болбогондо Умматка яхудийлер болобу, башкалары болобу, эч бири өкүмдарлык кыла албайт эле. Уммат өз сабын оңдоп, биригиши керек. Себеби, биримдик – нусраттын союздашы. Өкүмдарларды өзгөртүү Умматты даъват кылып, аң-сезимин ачып, мурунку улуулугун жана жалгыз мамлекеттин эске салмайынча ишке ашпайт. Анткени, нусрат вакиъликти түптөн өзгөртүүгө тыгыз байланышкан. Вакиъликте Умматка анын өкүмдарларынан, тогуттарынан жана жамандык уламаларынан катуу азап-кыйынчылыктар келип жатат, алардын баары Умматты алдоо жана аны ааламдар Роббиси жараткан фитратынан бөлүү үчүн болгон күчүн жумшап жатышат. Жамандык уламалары өкүмдарлардын калоосуна ылайык келген, Умматтын даңкын жана кубатын тебелеп, элди эзүүгө жана яхудийлерди дос кылууга урухсат берген фатваларды чыгарышууда. Алар Умматтын ойгонушуна, Халифалык туурасындагы шаръий акысын жана милдетин таанышына каршы күрөштө өкүмдарларды колдоп турат. О.э. алар Умматтын бир уммат жана бир мамлекет болушуна каршы күрөшүүдө өкүмдарларды колдоп жатышат. Ал бир мамлекет ушундай мамлекет, анын араб-ажам, кара-ак, чоң-кичине, жетекчи-катардагы адамдан турган жарандары анын кучагында жана анын шариятынын көлөкөсүндө биримдүү болуп жашашат.

Биз мусулманбыз, үмүтсүздүккө түшпөшүбүз керек. Тескерисинче, биз кайгылуу жана оор абалыбызды өзгөртүүгө олуттуу аракет кылышыбыз зарыл. Бул өзгөрүү акыйдабыздан, принциптерибиздин, Аллахтын убадасына жана момундарга нусрат беришине болгон чын ыйманыбыздан келип чыгышы зарыл. Уммат анын желкесиндеги малай жана мунафыктардан кутулуу үчүн өзгөрүүгө абдан муктаж. Газа калкы өз кайраты жана сабыры менен нусратка жетүүгө үмүт шексиз бар экенин ачык-айкын көрсөтүп беришти. Шек-күмөнсүз, абалыбыз Ислам шарияты негизинде түп-тамырынан өзгөртүлүп, коомубуз ушул негизде оңдолсо гана нусрат келет.

Умматты түптөн өзгөрүү Батыш өзүнүн ыфлас демократиясы менен үгүттөп жаткан өзгөрүүнү түшүндүрбөйт. Тескерисинче, ал Ислам шариятына негизделген жана залим малай режимдерди кулата турган өзгөрүү болуп, ал жер жүзүндөгү алсыз-бечара мусулмандарды коргойт. Биз алар жөнүндө кыяматта Аллахтын алдында жоопкербиз. Аллах Таала:

﴿وَقِفُوهُمۡۖ إِنَّهُم مَّسۡـُٔولُونَ﴾

***«Аларды токтоткула, себеби, алар суралуучулар»*** [37:24] деген. Деги, Газадагы боордошторубуздун өтө кайгылуу абалы жана яхудийлер аларга иттей чабуул кылып жатканы ушул өзгөрүүгө жана залимдердин тактысын кулатууга чакырык эмеспи?! Газадагы бул душмандык маскаларды сыйрып, анын артындагы жүздөрдү ачыкка чыгарды. Эми эч кимде – өкүмдар-жаранда – дүйнөдө, айрыкча, мусулман өлкөлөрүндө абал өтө туруксуздугун жана өзгөрүү анык экенин түшүнбөшүнө, жоопкерчиликти мойнуна алып, баары менен биргеликте түпкү өзгөрүүнү ишке ашырууга салым кошпошуна эч кандай үзүр калбады. Салым кошуу эмес, ага шашылуу керек. Бул ушундай өзгөрүү болуп, ал жемирилүүнү токтотот, мусулман өлкөлөрүн кооптуу абалдан жана батыл жол менен өзүн урматтоого мажбурлаган кишилер гана урматталып жаткан бул дүйнөдөгү караңгы келечектен куткарат.

Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкты кайра тикелөөдөгү негизги фактор жана башталгыч чекит – бул түпкү өзгөрүү жасоо. Бул Халифалык өз динин жана ыйык нерселеринин кызганган ар бир мусулман умтулуп жаткан чындык.

Уммат жаштарынын ар биринин долбоору жана жалгыз камташбиши Халифалыкты кайтаруу болушу зарыл. Аны кайтаруу Ислам жана Уммат тагдыры үчүн кайгырган, кафирлер каалашпаса да бул динди үстөм кылууга умтулган, дин душмандарынын тынчын бузган жана мусулмандарга чабуул кылуусунан кайтарган ар бир гаюр мусулмандын мээсинде жайгашкан талап болушу керек.

Ушуга байланыштуу «Ал-Жазира нет» сайтында жарыяланган бир текстти келтиребиз: "«Тартып алынган Халифалыкты кайтаруу» маселеси учурдагы исламий кыймылдарды эң көп ойлондурган маселелердин бирине айланды. Усманий мамлекеттин же Усманий Халифалыктын кулатылышы ири эл аралык исламий кыймылдардын пайда болушуна түрткү болгон күчтүү жана түздөн-түз себептердин бири болду. Мисалы, Мисирде Ихванул Муслимин жамааты чыкты, Индияда Исламий «Таблиг» жамааты, Түркияда «Нур» жамааты жана алардан кийин пайда болуп, Халифалык маселесине негизделген жана Халифалыкты өзүнүн негизги меселесине жана туруктуу иш-аракетине айланткан Хизб-ут-Тахрир жамааты чыкты". («Ал-Жазира нет»).

Хизб-ут-Тахрир өзүнүн фикири, манхажы жана акыйдасы менен өзгөчөлөнүп турган жалгыз жамаат. Ал Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыктын тикеленишине толук ишенет. Негизи, анын тикелениши – Аллах Таала убада бергендей – анык. Аллах Таала айтат:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтиргендерге жана жакшы амалдарды кылгандарга, кудум мурунку өткөн** (итикаддуу) **заттарды халифа кылгандай, аларды да жер жүзүндө халифа кылууну убада кылды жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон** (Ислам) **динин үстөм кылууну о.э. аларды көргөн кооп-коркунучтарынан кийин бейпилдикке бөлөп коюуну убада кылды. «Алар Мага гана ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул***

*(убада)***дан кийин куфрону** *(ниъмат)* **кылса, анда, алар фасыктар»** [24:55]

Бул жөнүндө Расулуллах ﷺ да айткан:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ. ثُمَّ سَكَتَ».

**«Силердин араңарда Аллах каалаганча пайгамбарлык уланат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот.** Андан соң Пайгамбар ﷺ сүкүт кылды**»**. (Имам Ахмад риваяты).

Ислам Умматы өз дининин нусраты үчүн чоң курбандыктарды берди, дагы эле берип келүүдө. Ал Исламды жашоого кайтаруу маселесин бир нече мусулман өлкөлөрүндө өмүр же өлүм маселеси кылып алды. Фалестин, Ирак, Шам, Алжир, Мисир, Кашмир жана башка өлкөлөрүбүздөгү көрүнүштөр Уммат Исламдын үстөм болушу жана Аллахтын калимасын бийик кылуу үчүн ал тургай өмүрүн берүүгө да даяр экенин көрсөтүп жатат.

Хизб-ут-Тахрир өз долбоорун сунушьады, курбандык берди. Анын мүчөлөрү да Ислам Умматынын ойгонуу долбоору катары Исламды Халифалык мамлекети аркылуу бийликке алып келүүнү эбак эле өмүр-өлүм маселеси кылып алышкан... Чындыгында, Хизбдин көптөгөн мүчөлөрү Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык долбооруна даъват кылуу жолунда куугунтукка учурашты, камакка алынышты, кыйноолорго салынышты жана өлтүрүлдү... Алардын олуттуу

иш-аракеттери, курбандыктары жана сабыр-кайраты менен ушул долбоор ишке ашуу босогосу алдында турат. Бул нерсеге долбоордун ээлери да, башкалар да күбө...

**Эй, нусрат ээлери!**

Эми силер диниңерге нусрат берүүнү өмүр-өлүм маселеси кылып алышыңар калды. Ушул орунда силерге экинчи Акаба байъатын жана ал жерде Расулуллах ﷺ менен ансарлардын ортосунда болуп өткөн нерсени эске салабыз. Ансарлар: «Я, Расулуллах, биз сага улуу ата-бабаларыбыздан мурас алган согуш перзенттери жана согушкер калк катары байъат беребиз», - дешти. Расулуллах ﷺдын аларга айткан сөздөр арасында:

«بَلْ الدَّمَ الدَّمَ وَالْهَدْمَ الْهَدْمَ، أَنَا مِنْكُمْ وَأَنْتُمْ مِنِّي أُحَارِبُ مَنْ حَارَبْتُمْ وَأُسَالِمُ مَنْ سَالَمْتُمْ»

**«Канга кан, жанга жан. Мен силерденмин, силер да мендènсиңер. Ким менен согушсаңар, мен да аны менен согушамын. Ким менен тынчтык орнотсоңор, аны менен тынчтык орнотмун»,** деген сөздөрү келген.

**Эй, күч-кубат ээлери!**

Расулуллах ﷺ айтты:

«لَا طَاعَةَ لِمَخْلُوقٍ فِي مَعْصِيَةِ الْخَالِقِ»

**«Жаратуучуга итаатсыздык кылууда пендесине итаат кылынбайт».**

**Эй, командачылар, эй, азат аскерлер!**

Кана намысыңарды, Ислам жана мусулмандарга болгон кайратыңарды козгой турган ыйманыңар?! Газада жана башка жерлерде боордошторуңар курман болуп жатканын жана намыстары тебеленип жатканын көрбөй жатасыңарбы?! Силерде Муътасимдин кайраты жокпу?! Шерменде абалыңарды көрбөй жатасыңарбы?! Акыры силер Умматка каршы фитна кылган, аны саткан, акыйда жана мабдасынан бөлгөн адамдар менен тил бириктирип жатасыңар.

**Эй, командачы, эй, аскер!**

Силер Аллахка, Анын Китебине, Пайгамбарына жана ага түшүрүлгөн сөзгө ыйман келтиргенсиңер, мен силерден Аллахтын аты менен сураймын: Ислам калкы жана боордошторуңар Газада кыргын кылынып, ачкалыктан курман

болуп жатканда кантип ээн-эркин уктап жатасыңар, кантип жеп-ичип, ойноп-күлүп жатасыңар?!

**Эй, күч-кубат ээлери!**

Расулуллах ﷺ мындай деген го:

«مَثَلُ الْمُؤْمِنِينَ فِي تَوَادِّهِمْ وَتَرَاحُمِهِمْ وَتَعَاطُفِهِمْ مَثَلُ الْجَسَدِ إِذَا اشْتَكَى مِنْهُ عُضْوٌ تَدَاعَى لَهُ سَائِرُ الْجَسَدِ بِالسَّهَرِ وَالْحُمَّى»

**«Момундар бири-бирине достук, ырайымдуулук жана мээримдүүлүк көрсөтүүдө кудум бир денеге окшойт. Дененин бир мүчөсү ооруса, калган мүчөлөрү да ага кошулуп уйкусуз болот, ысытмалайт».** Мусулмандардын саны болжол менен эки миллиардга жетип, адамзаттын төрттөн бирин түзүүдө. Алардын өлкөлөрү учурда 57 мамлекетке бөлүнгөн. Муну менен бирге мусулман диаспоралар бүткүл дүйнөгө жайылган. Бирок, динибизге жана акыйдабызга кайтпасак, бул көпчүлүктүн, куралдарыбыздын көптүгүнүн – кудум селдин көбүгү сыяктуу – кыйматы жок. Эгер Аллахка дуа кылып, шариятты колдонууга жана бир мамлекетти тикелөөгө аракет кылбасак, бизде таптакыр жакшылык жок. Бул – биз анын коргоосу менен корголо турган жана жакшылыктарынан пайдалана турган Пайгамбарлык минхажы негизинедги Халифалык. Аллахтын убадасы шексиз акыйкат. Уммат өз динин коргоого, анын ыйык нерселерин жана манхажын сактоого кызыктар жана бул несе үчүн жоопкер. Демек, Уммат өкүлдөрү Ислам улуулугун кайтаруу, аны душмандардын айла-амалынан жана зулумунан куткаруу үчүн колунан келгенче аракет кылышы жана мүмкүнчүлүктөрүн ишке салышы керек.

Биздин вазыйфабыз Аллахка жакшы күмөндө болуу т.а. Аллах Умматты – кандай абалда болбосун, канчалык алсырап, зулумга учурабасын – албетте жарыктыкка чыгарып, аны үстөм кылышына ишенүү. Себеби, бул Аллахтын убадасы жана Расулунун башараты. Биз үчүн сабит болгон нерсе алдынан да, артынан да батыл келбеген жана Хаким, Хамид Зат тарабынан түшүрүлгөн Куръанда жана күнөөдөн аруу Пайгамбарыбыздын сахих Сүннөтүндө ачык-

айкын көрсөтүлгөн. Күч-кубат ээлерине дагы ушуну эске салабыз, алардын өз дини жана Умматы алдындагы жоопкерчилиги – ыймандын бир бөлүгү жана анын чыныгы далили. Ислам кол тийгистигин коргоо бардык мусулмандарга фарз. ❑

# АСКЕРИЙ ДОКТРИНА: МУСУЛМАН АРМИЯЛАРЫНЫН ГАЗАГА ЖАРДАМ КӨРСӨТҮШҮНӨ ЭМНЕ ТОСКООЛДУК КЫЛАТ? (2)

**Устаз Бассам Фархат**
**Тунис вилаяты**

Исламий аскерий доктринанын сакафий жагы ушуларга негизделет:

1 – **«Ал-вала вал-баро»** (Аллах үчүн достошуу жана Аллах үчүн душмандашуу):

Аскерий доктринанын исламий версиясы «ал-вала вал-баро» багытында жамдалган жана бул Расулуллах ﷺдын сийратында ачык-айкын байкалат. Расулуллах ﷺ нусрат талап кылынгандарга пайгамбарлыгына, рисалатына жана саясий долбооруна ыйман келтирүүнү жана Курайш мушриктерине каршы шексиз согушууну шарт кылды. Курайш мушриктери Аллахка каршы чыккан, Расулун жалганга чыгарган, акыйкаттан жүз үйрүп, батыл менен чектелген эле. Ал зат Бану Амир ибн Саъсаанын жана Бану Шайбандын шарт коюлган нусрат-жардамын кабыл албады. Себеби, ал нусратты чектеп, анын мазмунун жокко чыгарган. О.э. ал согуш майданын, анын себептерин жана кимге каратылышы керектигин чектеген. Ал адамдар тарабынан түзүлгөн мыйзамдарды, төмөн дүнявий кызыкчылыктарды Аллахтын шариятынан, Ислах жана мусулмандардын жогорку кызыкчылыктарынан үстөм коёт. Ошентип, кафирлер үчүн момундар үстүнөн жол берет. «Ал-вала вал-баро» багыты Исламда борбордук орунда турат. Себеби, мусулман үчүн – катардагы жаран же аскерий болушуна карабастан – кимди дос тутуу жана кимди душман тутууну, кайсы негизде достошуу жана душмандашууну «ал-вала вал-баро» белгилеп берет. Анын жолунда согуш кылынышы керек болгон шаръий кызыкчылыкты жана ага каршы же анын тарабында согуш кылынышы керек болгон тарапты да белгилеп берет. Ал тургай, аскерий кызматка чакыруунун (важиб) өкүмүн, согуштун сыфатын (т.а. жихадды), анын даражасын (интизамий жазаны, багийлерге каршы согушту жана жок кылууну) жана өлтүрүлгөндөрдүн акыбетин (т.а. шахиддикти) белгилеп берет.

Бул багыт биринчи кезекте Ислам акыйдасына негизделет. «Ал-вала вал-баро» калыс Аллах жана Анын Расулу үчүн болушу керек. Ошондуктан Аллах жана Анын Расулун дос туткандарды дос тутушубуз, Аллах жана Анын Расулуна каршы согушкандарды душман тутушубуз лазым. Расулуллах ﷺ айтат:

«أُمِرْتُ أَنْ أُقَاتِلَ النَّاسَ حَتَّى يَشْهَدُوا أَنْ لَا إِلَهَ إِلَّا اللَّهُ وَأَنَّ مُحَمَّدًا رَسُولُ اللَّهِ وَيُقِيمُوا الصَّلَاةَ وَيُؤْتُوا الزَّكَاةَ، فَإِذَا فَعَلُوا ذَلِكَ عَصَمُوا مِنِّي دِمَاءَهُمْ وَأَمْوَالَهُمْ إِلَّا بِحَقِّ الْإِسْلَامِ وَحِسَابُهُمْ عَلَى اللَّهِ»

**«Адамдар Аллахтан башка кудай жок жана Мухаммад Анын элчиси, деп күбөлүк беришмейинче жана намаз окуп, зекетти беришмейинче аларга каршы күрөшүүгө буйрулганмын. Эгер алар муну кылышса менден өз өмүрлөрүн жана малдарын сактап калышат. Бир гана Исламдын акысы мындан тышкары жана алардын эсеп-китеби Аллахка таандык».**

Ислам акыйдасы – Ислам мамлекетинин саясий акыйдасы. Т.а. ал мамлекеттин негизи болуп, анын вужудунда, жихазында, мухасаба кылынышында же ага байланыштуу бардык нерселерде Исламий акыйда негиз кылынбаган нерсенин болушу мүмкүн эмес. Себеби, ал негизги идея (фикрат) болуп, мамлекеттеги бийлик ага негизделет. Бийлик тарабынан мамлекет ичинде колдонула турган жана бүткүл дүйнөгө рисалат катары алынып чыга турган түшүнүк, өлчөө жана канааттануулар топтому да ага негизделет. Бул болсо, мамлекет өз вужудун, жихаздарын, конституция жана мыйзамдарын, эң алгач аскерий доктринасын Ислам акыйдасына моюн сундурууну талап кылат. Аскерий мекеме бул жихаздардын пайдубалы экендигин айтпаса да болот. Ислам мамлекети рисалатты жеткирүүчү мамлекет болуп, ал жихадды улантат. Аскерий доктринадагы ар кандай, ал тургай, жөнөкөй бир өзгөрүү да мамлекеттин Исламий касиетин жоготуп, анын суверенитетинен жана бийлигинен ажырашына алып келет. Ошондуктан «ал-вала вал-баро» бүтүндөй кайрадан калыптандырылышы, бир гана калыс Аллах жана Анын Расулу үчүн болушу керек. Бул заманбап

саясий терминологияда «аскерий мекеменин согуштук доктринасын калыптандыруу» деп айтылат.

2 – **Кеңири көлөмдүүлүк жана жетиктик:** аскерий доктринанын Ислам акыйдасына негизделиши аны кеңири көлөмдүү жана жетик доктринага айлантат. Ал аскерий иштердеги чоң кичине нерсени четте калтырбастан (согуштук доктрина, коопсуздук доктринасы, логистика, аскерий стратегиялар, куралдануу, даярдык, аскерий кызматка чакыруу, сафарбарлык, уюштуруу иштери, согуш аракеттери, сакафат жана маънавият, ахлак жана мамилелер) сыяктуу бөлүктөргө бөлүп баян кылат жана тартипке салат. Ислам өркөчүнүн чокусу болгон жихадда жана мусулман согушкерге анын согуштук жөндөмүн жакшыртуу үчүн зарыл болгон рухий энергияны берүүдө аскерий доктрина негизги ролду ойногону үчүн Ислам ага олуттуу көңүл бурат. Ошондуктан, шаръий өкүмдөр аскерий доктринанын (принципиалдык, идеологиялык, геостратегиялык, техникалык, технологиялык, сафарбарлык, коопсуздук, саясий иштер, ахлакий жана гуманитардык иштер) сыяктуу бардык даражаларын өз ичине алат жана аларга исламий түстү берет. Алардын бардыгы ээрчилиши керек болгон шаръий өкүмдөр. Ошондуктан, Ислам фундаменталдык жана идеологиялык даражада армияда исламий жана жалпы сакафатты о.э. Ислам акыйдасын бекемдөөгө этибар берет. Мисалы, Аллах Таала бизди тообо кылууга, ибадат кылууга, орозо кармоого, намаз окууга, жакшылыкка буйруп, жамандыктан кайтарууга о.э. бейишке жетүү үчүн мал жана жанды курбан кылууга үндөйт.

﴿إِنَّ ٱللَّهَ ٱشۡتَرَىٰ مِنَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ أَنفُسَهُمۡ وَأَمۡوَٰلَهُم بِأَنَّ لَهُمُ ٱلۡجَنَّةَۚ﴾

***«Албетте, Аллах момундардын жандарын жана малдарын алардан бейиш менен айырбаштап алды»*** [9:111]

Аллах бизди сабыр кылууга, бекме болууга жана жихад үчүн дайыма белибиз бек абалда даяр турууга үндөйт.

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱصۡبِرُواْ وَصَابِرُواْ وَرَابِطُواْ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ لَعَلَّكُمۡ تُفۡلِحُونَ﴾

***«Эй, момундар, сабыр кылгыла жана сабыр-такаат кылууда*** *(кафирлерден)* ***жогору болгула о.э. дайыма*** *(жихад үчүн белиңер байлануу абалда)* ***даяр болуп тургула!***

***Аллахтан корккула,** (ошондо) **мүмкүн нажат табасыңар!»*** [3:200]

О.э. Расулуллах ﷺ бизди Аллахтын жолунда жихад кылууга үндөп айтты:

«مَقَامُ الرَّجُلِ فِي الصَّفِّ فِي سَبِيلِ اللَّهِ أَفْضَلُ مِنْ عِبَادَةِ الرَّجُلِ سِتِّينَ سَنَةً»

**«Адамдын Аллах жолунда сапта турушу алтымыш жылдык ибадатынан афзел».** Техникалык даражада Аллах Таала душманды коркутуу үчүн мүмкүнчүлүк жеткенче маддий (материалдык) курал-жарак, техника жана жабдууларды даярдоонуу важиб кылат. Бул даярдык заманбап аскерий багыттар жана эң жогору даражадагы технологиялык өнүгүү менен шайкеш болууга мүмкүнчүлүк бериши керек.

﴿وَأَعِدُّواْ لَهُم مَّا ٱسۡتَطَعۡتُم مِّن قُوَّةٖ وَمِن رِّبَاطِ ٱلۡخَيۡلِ تُرۡهِبُونَ بِهِۦ عَدُوَّ ٱللَّهِ وَعَدُوَّكُمۡ﴾

***«**(Эй, момундар)**, алар үчүн мүмкүнчүлүгүңөр барынча күч жана токулуу аттарды даярдап койгула, муну менен Аллахтын жана өзүңөрдүн душманыңарды жана да алардан тышкары силер билбеген — Аллах билген башка бирөөлөрдү да коркунучка саласыңар»*** [8:60]

Күч даярдоонун иллети – коркутуу. Бул болсо заман, мекен, душмандын көлөмү жана технологиялык өнүгүүнүн өзгөрүшүнө карап өзгөрөт. Расулуллах ﷺ Ислам армиясын модернизация кылууга жана аны арабдар билбеген куралдар менен камсыздоого жан үрөп умтулган. Ошондуктан, ал зат Таиф калкына каршы манжаник (катапульта) орнотту, башка жайлардан эң жакшы куралдарды алдырды жана ал жайга курал жасоону үйрөнүү үчүн адам жиберди. О.э. ал суuda сүзүүнү, жаа атууну жана чабандездикти үйрөнүүгө үндөдү. Булардын бардыгы ошол доордогу аскерий фандын (илимдин) эң акыркы багыттары эле.

3 – **Сафарбарлык:** амалий сафарбарлык даражасында Ислам мусулмандарга жихадды фарз кылды жана аскерликке даярдоону мажбурий кылды. Аллах Таала айтат:

﴿وَقَٰتِلُوهُمۡ حَتَّىٰ لَا تَكُونَ فِتۡنَةٞ وَيَكُونَ ٱلدِّينُ كُلُّهُۥ لِلَّهِۚ﴾

***«Тээ** (дүйнөдө) **бир да фитна калбай, бүткүл дин Аллах үчүн гана болгонго чейин алар менен согушкула!»*** [8:39]

Расулуллах ﷺ айтты:

«جَاهِدُوا الْمُشْرِكِينَ بِأَمْوَالِكُمْ وَأَيْدِيكُمْ وَأَلْسِنَتِكُمْ»

**«Мушриктерге каршы малыңар, колуңар жана тилиңер менен жихад кылгыла».** О.э. Аллах Таала бизди согушка чакырды:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلنَّبِيُّ حَرِّضِ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ عَلَى ٱلۡقِتَالِۚ﴾

***«Эй, пайгамбар, момундарды согушка чакыр!»*** [8:65]

Шахиддикке үгүттөдү:

﴿وَلَا تَحۡسَبَنَّ ٱلَّذِينَ قُتِلُواْ فِي سَبِيلِ ٱللَّهِ أَمۡوَٰتَۢاۚ بَلۡ أَحۡيَآءٌ عِندَ رَبِّهِمۡ يُرۡزَقُونَ﴾

***«Аллах жолундагы күрөштө өлтүрүлгөндөрдү эч качан өлүктөр деп ойлобогула! Жок, алар тирүү! Алар Аллах Өз*** *(фазилети менен берген ниъматтардан)* ***пайдаланып курсант болушууда»*** [3:169]

Расулуллах ﷺ да шахиддикке үндөдү:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَا يُقَاتِلُهُمُ الْيَوْمَ رَجُلٌ فَيُقْتَلُ صَابِرًا مُحْتَسِبًا مُقْبِلًا غَيْرَ مُدْبِرٍ إِلَّا أَدْخَلَهُ اللَّهُ الْجَنَّةَ»

**«Жаным колунда болгон Затка ант, бүгүн ким аларга каршы согушса, кийин сабыр кылып, ажр-соопту үмүт кылып жана чегинбей алдыга умтулган абалда өлтүрүлсө, Аллах аны бейишке киргизет».** Аллах бизди сабыр-кайраттуу болууга да үндөдү:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱصۡبِرُواْ وَصَابِرُواْ وَرَابِطُواْ وَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ لَعَلَّكُمۡ تُفۡلِحُونَ﴾

***«Эй, момундар, сабыр кылгыла жана сабыр-такаат кылууда*** *(кафирлерден)* ***өйдө болгула о.э. дайыма*** *(жихад үчүн белиңер байлануу абалда)* ***даяр болуп тургула! Аллахтан корккула,*** *(ошондо)* ***мүмкүн нажат табасыңар!»*** [3:200]

Расулу Акрам бизди Аллах жолунда сакчы болууга үндөдү:

«عَيْنَانِ لَا تَمَسُّهُمَا النَّارُ عَيْنٌ بَكَتْ مِنْ خَشْيَةِ اللَّهِ وَعَيْنٌ بَاتَتْ تَحْرُسُ فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

**«Эки көз бар, аларга тозок оту тийбейт. Аллахтан коркуп ыйлаган көз жана Аллах жолунда сакчылык кылып түндү өткөргөн көз».** Аллах бизге азап чегип жаткан акыйдалаш боордошторубузга жардам берүүнү важиб кылды:

﴿وَإِنِ ٱسۡتَنصَرُوكُمۡ فِي ٱلدِّينِ فَعَلَيۡكُمُ ٱلنَّصۡرُ﴾

***«Эгер алар дин жолунда силерден жардам сурашса, жардам берүү мойнуңарда»*** [8:72]

Расулу Акрам стратегиялык жана коопсуздук даражасында аскерий пландарды түзүүгө жана манёврларды жасоого этибар берди. Ал зат душманды чалгытып, кабарларды топтогон жана тыңчыларды ар тарапка жиберген. Муъта жана Табук газатында Фарс жана Румду коркутуу үчүн манёвр жасады. Гатафан уруусун Курайштан бөлүү же алар менен яхудийлердин ортосундагы союзду бузуу үчүн да манёвр жасады.

4 – **Аскерий тартип:** ахлакий даражада Расулуллах ﷺ ахлакий аскерий тартипти орнотуп, согуш учурунда мусулман аскер баш ийиши керек болгон өтө жогору жана мыкты инсаний ахлакты белгилеп берди.

«لَا تَخُونُوا، وَلَا تَغُلُّوا، وَلَا تَغْدِرُوا، وَلَا تُمَثِّلُوا، وَلَا تَقْتُلُوا طِفْلًا صَغِيرًا، وَلَا شَيْخًا كَبِيرًا، وَلَا امْرَأَةً، وَلَا تَقْطَعُوا نَخْلًا وَلَا شَجَرَةً مُثْمِرَةً، وَلَا تَذْبَحُوا شَاةً وَلَا بَقَرَةً وَلَا بَعِيرًا إِلَّا لِمَأْكَلَةٍ. وَسَوْفَ تَمُرُّونَ بِأَقْوَامٍ قَدْ فَرَّغُوا أَنْفُسَهُمْ فِي الصَّوَامِعِ فَدَعُوهُمْ وَمَا فَرَّغُوا أَنْفُسَهُمْ لَهُ»

**«Кыянаттык кылбагыла, гулул кылбагыла (олжолор бөлүштүрүлүшүнөн мурда билдирбей алуу), убаданы бузбагыла, өлгөндөрдүн денесин акаараттабагыла. Жаш балдарды, карыларды жана аялдарды өлтүрбөгүлө. Курма жана мөмөлүү бактарды кеспегиле. Кой, уй жана жана төөнү жеш үчүн гана сойгула. Силер тез ара өздөрүн ибадатканага арнаган коомдун алдынан өтөсүңөр, аларды өз абалына койгула».** Согуш этикасына тиешелүү ушул өзгөчө тартип бул түрдөгү эрежелердин биринчиси болот. Бул эреже Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин ири күчтөр түзгөн "Женева конвенциясынан" 14 кылым мурун түзүлгөн. Мындан тышкары, анын пункттары амал кылынышы керек болгон, теги жана динине карабастан, бардык адамдар үчүн жалпы болгон шаръий өкүмдөр болуп эсептелет. О.э. ал – Женева конвенциясы сыяктуу – христиан Европа аймагына гана таандык болуп, алар үчүн иштеген, башка калктар андан чыгарылган агитациялык керектөөчүлүк характерге же өз ара ички характерге ээ болгон эреже эмес. Мына, силер адам укуктары жөнүндө мактанып сүйлөп жаткандардын көз алдында газалыктарга каршы жасалып жаткан кыргындарга

жана жырткычтыктарга күбө болуп жатасыңар. Аскерий доктринанын Ислам акыйдасына таянышы аны туруктуу доктринага айлантат. Ал тышкы техникалык, саясий, коопсуздук жана стратегиялык таасирлер себептүү туруктуу трансформация, өзгөрүү жана алмаша турган учурдагы илманий аскерий доктриналардан айырмаланат.

5 – **Иътикадий азык:** Ислам акыйдасы – исламий аскерий мекеменин акылы, туйгулары жана сезимдери. Ошол нерсе мусулман согушкеринин аклиясын жана нафсиясын калыптандырып, анын мумтаз аскерий шахсиятын бекемдейт. О.э. ал исламий аскерий доктринаны өзүнүн жогору багыт жана маънавияттары менен сугарат. Ал мусулман аскерге жана Ислам армиясына түздөн-түз таасир кылып, ага даңк жана натыйжалуу ийгиликтерди алып келет. Ислам акыйдасы жахилият доорундагы алсыз денеге жан берип, арабдарды жана фатх кылынган өлкөлөрдөгү башка калктарды өлүмдөн коркпогон, эч ким ага каршы тура албаган күчтүү арстандарга айлантты. Аллах Таала айтат:

﴿أَوَ مَن كَانَ مَيْتًا فَأَحْيَيْنَٰهُ وَجَعَلْنَا لَهُۥ نُورًا يَمْشِى بِهِۦ فِى ٱلنَّاسِ﴾

***«Оболу өлүк*** *(кафир)* ***болгон, кийин биз аны*** *(динге хидаят кылуу менен)* ***тирилтип, ага адамдар арасында өзү менен бирге алып жүрө турган нурду*** *(ыйманды)* ***берип койгон бир адам»*** [6:122]

Ислама акыйдасы мусулман согушкерге тайманбастык-курбанчылык рухун сиңдирди. Аны үлкөн энергия жана табигый эмес өзгөчө күч менен толуктап, шахиддик долбооруна айлантты. Жихад Ислам өркөчүнүн чокусу болуп, эң чырайлуу ибадаттардын бири болуп эсептелет. Шахиддик момундун эң жогорку максаты болуп, Ислам Умматынан башка иътикад үчүн баатырлары жанын курман кылган бир да калк жок. Себеби, Ислам акыйдасы мусулмандардан бако гарыйзасынын эң маанилүү көрүнүштөрүн тартып алып, алардын жүрөгүн сейрек учураган өзгөчө абалда эрдик менен толуктайт жана аларды өлүмдү теңсинбей турган кылат. Кала берсе, башкалар тирүү калуу үчүн умтулушса, мусулмандар өлүмгө умтулушат. Себеби, алар үчүн өлүм жашоонун аягы эмес, тескерисинче, бейиштеги түбөлүк жашоонун башталышы. Бул нерсе аларды шахиддикке жетүү

жолунда жарышууга үндөйт. Ислам акыйдасы душман жөнүндөгү көз карашты айкындаштырат жана ага өзүнүн рухий тамгасын басат о.э. катуу душманчылык кылууну фарз жана важиб катары сиңдирет. Мусулман согушкердин өз душманына болгон душмандыгы жеке же кызыкчылыкка негизделген душмандык эмес, ал ыйык душмандык. Себеби, бул душман Аллах жана Анын Расулуна каршы согушууда, Аллахтын нурун жер жүзүнөн өчүрүүнү көздөп жатат. Ошондуктан, бул душманга каршы согушуу намаз фарзы сыяктуу фарз. Бул согуш Аллахка, Анын Расулуна жана динине жардам берүү болуп, ал мусулман согушкерге үлкөн согуштук кубат, сабыр жана бекемдик берет. Ислам акыйдасы душмандын алсыздыгын жана рухий тараптан күчсүздүгүн ачып, анын дэңгээлин түшүрүп, мусулман согушкерге кайрат берет. Аллах Таала айтат:

﴿لَن يَضُرُّوكُمْ إِلَّآ أَذًى ۖ وَإِن يُقَـٰتِلُوكُمْ يُوَلُّوكُمُ ٱلْأَدْبَارَ ثُمَّ لَا يُنصَرُونَ﴾

***«Алар силерге азар берүүдөн башка эч кандай зыян жеткире алышпайт. Эгер, силер менен согушса артына карап качышат. Кийин аларга*** *(эч ким тарабыннан)* ***жардам берилбейт»***[3:111]

﴿لَا يُقَـٰتِلُونَكُمْ جَمِيعًا إِلَّا فِى قُرًى مُّحَصَّنَةٍ أَوْ مِن وَرَآءِ جُدُرٍۭ ۚ بَأْسُهُم بَيْنَهُمْ شَدِيدٌ ۚ تَحْسَبُهُمْ جَمِيعًا وَقُلُوبُهُمْ شَتَّىٰ ۚ﴾

***«Алар*** *(мунафык жана яхудийлер)* ***биргелешкен абалдарында, силер менен жалгыз калаа-коргондуу кыштактар ичинде*** *(бекинип)* ***же дубалдар артында гана согуша алышат*** *(тактап айтканда эч качан силерге каршы ачык согушка чыга алышпайт)****. Алар өз араларында күчтүү-кубаттуу,*** *(тактап айтканда, согуш болбостон туруп, өз ара күч-кубаттуу экендиктери тууралуу апырта беришет, бирок согуш убагында алар алсыз-коркоктор). (Оуздорундагы сөздөрүнөн)* ***аларды биримдиктүү деп эсептейсиң,*** *(бирок)* ***жүрөктөрү ар түрдүү»*** [59:14]

﴿وَلَا تَهِنُوا۟ فِى ٱبْتِغَآءِ ٱلْقَوْمِ ۖ إِن تَكُونُوا۟ تَأْلَمُونَ فَإِنَّهُمْ يَأْلَمُونَ كَمَا تَأْلَمُونَ ۖ وَتَرْجُونَ مِنَ ٱللَّهِ مَا لَا يَرْجُونَ ۗ﴾

***«Бул кафир коумду кубалоодо суздук кылбагыла! Эгер кыйналып жаткан болсоңор, алар да, силер кыйналганыңардай***

***кыйналышууда,*** *(ошону менен бирге)* ***силер Аллах тарабынан алар үмүт кылбаган нерсени*** *(т.а. соопту, шахиддик ниъматына жетүүнү, кала берсе жеңишке жетүүнү)* ***үмүт кылуудасыңар го?!»*** [4:104]

Бул жана башка аяттар душманды ачыктап, анын жөндөмүн жана кайратын жокко чыгарат о.э. аны коркоктук, алсыздык жана анык жеңилүү сыясы менен жазылган китепке айлантат. Бул Ислам армиясынын аскерий доктринасы жана анын идеологиялык тамыры. О.э. бул Ислам армиясынын аскерий доктринасынын Ислам тарыхын акылга сыйгыс кандуу согуш жана каармандыктар менен толтурган майдандагы натыйжалары. Анда колонизатор кафир аны бутага алууга кантип кудуреттүү болду?

**Колонизатор аскерий доктринага сокку берүү линиясында:**

1 – **Уммат шахсиятын бутага алуу:** бул баасыз теңдеме жана анын исламий армияларды көзөмөлдөөдөгү сыйкырдуу таасири куфр башчыларынын жана колонизатор жетекчилеринин этибарынан четте калышы мүмкүн эмес эле. Айрыкча, кылымдар бою болуп келген кагылышууларда исламий аскерий доктринанын мусулман согушкердин согуштук күчүндөгү таасирине жана анын майдандагы натыйжалуулугуна күбө болушту. Ушул себептен улам исламий аскерий доктрина алардын кара ниет айла-амалдарынын тузагына түшкөнгө чейин алар ага бүтүндөй көңүл буруп, аны өзүлөрүнүн бузгунчу долбоорлорунун эң башына коюшту. Алар башынан эле, ал тургай, Усманий мамлекет кулатылышынан мурун аны бутага алып, масондор, дөнмө яхудийлери жана Союз жана өнүгүү, Түрк жаштары сыяктуу топтордун колу менен өзгөртүп бузушту. Ушул топтор согуштук аскерий доктринаны начарлатышты, андагы «ал-вала вал-баро» түшүнүгүн сасык улутчулдук, түркийлик жана мекенчилдик уулары менен бузуп, Умматты ички чыр-чатактардын очогуна салышты. Бул болсо аны алдан тайдырды жана кубатын сындырып өлтүрдү. Андан кийин Халифалык кулатылып, улуттук мамлекетчелер пайда болгондон кийин колонизаторлор аны дагы бутага алышты. Муну алардын формасын түзүп берүү аркылуу же аларга убадаларды берип, этибарларын Уммат армияларын

душмандын кызыкчылыгы үчүн жалдоого о.э. аларга Сайкс-Пико тузагын коргоо, өз калкына басым өткөрүү, анын исламий демин бууп, өз өлкөсүн талап-тоноо үчүн ачып берүү вазыйпасын жүктөөгө каратуу аркылуу ишке ашырышты. Бекем коргондор жалаң ичкериден багынтылганы жана исламий армия Ислам Умматынын бир бөлүгү болгондуктан Уммат шахсиятын аклия жана нафсия деген этиарда бутага алуу аркылуу анын аскерий доктринасына сокку берүү үчүн чөйрө даярдашты. Алар илим, медицина, модернизация жана тажрыйба алмашуу чүмбөтү астында мусулмандардын вужудуна сакафий миссионердик чабуулдарды жасоо аркылуу фикирий жана саясий жактан жарып кирүү үстүндө иш алып барышты. Андан кийин мандат астындагы мамлекеттер исламий калктарды өзгөртүү, мусулмандардын шахсиятын жок кылуу, алардын фикирлерин, каалоолорун жана садакатын исламий акыйда жана Халифалык мамлекетине болгон садакат байланышы негизинде эмес, Батыш сакафаты жана улутчулдук, уруучулук, мекенчилдик, мазхабчылдык байланыштары негизинде кайра калыптандырууга киришти. Бул үчүн алар таалим программалары, маалымат каражаттары, адаштыруучу дин башчылары о.э. өтө көп саясий жана аскерий манёврлардан пайдаланышты. Армиялар өз калкынын бир бөлүгү болгону үчүн ушул уу кадам алардын аскерий доктринасына чабуул кылуу вазыйпасын жеңилдетти жана бул болуп көрбөгөн даражада ийгиликтүү болду. Мындан да жаманы ал өз умматы үчүн согушка, душмандары үчүн тынчтыкка айланды. Кантип колонизатор кафир ушул кыйын теңдемени жүзөгө чыгарууга жетишти? Анын Умматтын вакиълигине жана келечегине башка дагы коркунучтары бар?

2 – **Аскерий социология:** бир караганда ыймансыздай туюлган бул вазыйфа алдында колонизатор кафир аскерий социология назарияларынан турган майдандагы тажрыйбалар анын тууралыгын далилдеген нерселер менен куралданды. Ал мусулман мамлекеттериндеги армиялардын доктринасын, садакатын, түзүлүшүн, уюштуруу даярдыгын, курал-жарагын жана функцияларын кайрадан курду. Исламий аскерий мекеменин денесине ага туура келбеген жат рухту

киргизди. Армиянын аскерий жана согуштук доктринасын анын диний ишенимине тескери доктринага өзгөрттү. Бул болсо, анын юридикалык шахсиятын дээрлик шизофренияга айлантты. Натыйжада, анын фикирлери каалоосунан айырмаланып, туйгулары идирегинен бөлүндү. Ошентип, армия колонизатордун колундагы дүлөй жана дудук куралга, өзүн-өзү жок кылган кыйратуучу чокморго айланды. О.э. ал кызыктай парадоксто Уммат менен душмандары, малай жана саткын өкүмдарлардан турган башкесерлери ортосундагы маддий тоскоолдукка айланды. Себеби, колонизатор кафир армияларды аракетке келтирген «ал-вала вал-баро» түшүнүгүн башка тарапка бурду, алардагы амалдардын өлчөөсүн жана бакыт түшүнүгүн бузду о.э. кызыкчылык, өмүр жана өлүм жөнүндөгү көз караштарын өзгөрттү. Армияларды жалданган канкор машиналарга, дунявий кызыкчылык артынан чуркаган аскерий падага айлантуу үчүн алардын сезимдерин жана ыракатын бузууга, кайратын суздаштырууга, алардагы эрдик жана курбанчылык рухун өлтүрүүгө катуу аракет кылды. Армиянын негизги максаты лаззат, ырахат жана кызыкчылык болуп калды. Ал наамдар, медалдар жана кызматынын көтөрүлүшү о.э. Ислам Умматынын өкүлдөрү болгон өз эли жана кошуундары үстүнөн жетишилген жеңиштерди белгилей турган болду. Колонизатор кафир армияларды улуу миссиясынан (фатхтар жана Аллах жолундагы жихаддан) чалгытып, яничарлар жана согуш арстандары муунун параддарга катышкан жөнөкөй топторго айлантты. Тынч доордо жарандарды коргоо, коомдук тартибди сактоо жана от өчүрүү вазыйпасы аларга жүктөлдү. Алардын эң кубаттуу армиялардын үрөйүн учурган жана тарыхта эң улуу жеңиштерге жетишкен согуштук доктринасына келсек, колонизатор кафир аны чабуулчул доктринадан коргонуу доктринасына өзгөрттү. Ошентип, Ислам рисалатын көтөрүп чыгып, өлкөлөрдү фатх кылган жихадий исламий армия Сайкс-Пико чегараларын коргогон улуттук республика армиясына айланды. Колонизатор республикалык башкарууну, өкүмдарларды, Батыш сакафатын, анын түзүм, түшүнүк жана кызыкчылыктарын о.э. мусулмандарды талкалоо үчүн белгиленген жасалма чегарларды коргоо вазыйпасы ага жүктөлдү. Аларга

Расулуллах ﷺдын байрагынын ордуна бир чүпүрөктөн байрак жасалды.

3 – **Катуу муштум:** колонизатор кафир бул абалды бекемдөө жана капыстан намыс ойгонуп, Умматты абалкы ордуна кайтаруудан коргоо үчүн армиялардын акылын жана саясий позицияларын көзөмөлдөдү. Ошентип, колонизатор исламчыларды жек көрүүнү, алардан коркууну армияга сиңдирди жана алардын (террорчулар менен тогуттун тарапкерлери) ортосунда бекем душмандык жаратты. Колонизатор анын пассивдүү бейтараптыгын сактап калууга, мамлекеттеги саясий иштерден жана бийликтин алмашуусунан бөлүүгө катуу аракет кылды. Аны Умматтын жан белине орнотулган, негизги эки компонентти (калк жана бийликти) токтотуп турган, аларды колонизатордун позициясына, анын долбоор жана кызыкчылыктарына байлап турган түссүз, даамсыз жана жытсыз үчүнчү компонентка айлантты. О.э. ал анын түзүлүшүн өзгөртүп, анда катъий иерархияны орнотту. Колонизатор ушул иерархиянын муундарын ага берилген, исламий шахсияттан алыс, этникалык жана мазхабчыл азчылыктар сыяктуу калк тарабынан эң аз колдоп-кубатталган адамдар менен байлады. (Сириядагы нусайрийлерди, Пакистандагы кадиянийлерди жана Бахрейндеги суннийлерди мисал кылса болот). Ошондуктан, бул иерархиянын колонизаторго берилгендиги сокурларча жана аны менен байланышы түйүлдүк менен энενин киндик тамырындагы байланышы сыяктуу маанилүү болду. Андан кийин аскерий буйруктарды четке кагуу азгырыгына түшкөн ар кандай адамды токтотуу үчүн – канчалык адилетсиз, кайрыинсаний, Ислам акыйдасы жана мусулмандардын кызыкчылыктарына тескери болбосун – катуу тартип-эреже орнотту. Армия менен Уммат ортосундагы жараканы дагы да кеңейтүү үчүн колонизатор кафир армияларды өз калкына каршы (Сирия армиясынын 4-бригадасы, Алжирдеги кара он жылдык, 1982-жылдагы Хама шаарынын штурму, Фалестиндин превентивдүү коопсуздук кызматы сыяктуу) жана кошуна мусулман калктарга каршы кандуу аскерий аракеттерге тартты. Максат Уммат менен армия ортосунда психологиялык тоскоолдукту жаратып, алардын колонизаторго каршы биригишине жол бербөө

болгон. О.э. ал аскерийлер жана коопсуздук кызматынын кызматкерлерин элден бөлүнгөн квази-геттолордо изоляция кылды жана алар үчүн өзүнчө шаарларды курду. (Саудия мисал). Мусулманлар аларды Исламдын жыты келген бардык нерседен тазалады, ал тургай алардын жолдош жана аялдарын күзөтүүгө алды. (Тунис мисал). О.э. мамлекеттин экономикасында аларга эркиндик берди жана аларды маддий кызыкчылыктарга көмүп, капиталисттик ач көздүк менен булгады. Себеби, ошондо алар колонизаторго ар дайым садык болуп калышат жана ага садык болуу алардын жеке кызыкчылыктарына ылайык келет. Ошондуктан, армия анын жана өзүнүн кызыкчылыктарынын кепилдиги деген этибарда анын кызыкчылыктарын коргоого болгон күчү менен аракет кылышат. Себеби, алардын кызыкчылыктары анын кызыкчылыктарына байланыштуу. (Мисир мисал).

4 – **Тырмактарды сууруп алуу:** колонизатор кафир армиянын көзөмөлүнөн чыгып кетишине же исламчылар өз долбоорлорун ишке ашырышында андан пайдаланышына жол бербөө үчүн анын канатын кыркып, тырмактарын сууруп алууга аракет кылат. Ошондуктан, армиянын маанилүү согуштук тармактарда (авиация, аскерий деңиз флоту, суу асты кемелери жана ядролук технология сыяктуу тармактарда) өнүгүшүнө жол берилбейт. Ал талантуу адамдарды маддий кызыкчылыктарга кызыктыруу аркылуу өзүнө тартууга аракет кылат же аларды жок кылат. (Мисалы, Итрак жана Мисир ядролук программаларнын окумуштуулары, Мухаммад Заварий жок кылынды). О.э. ал армияларды Батышка бекем байлап, таалим, технология, куралдануу, аскерий даярдык жана манёврлар жаатында өзүнө көз каранды кылат. Армияларды аларга жүктөлгөн вазыйпаны аткара ала турган даражада гана куралдантат же аскерий технологиялар менен камсыздайт. Эгер бул вазыйфа учурдагы режимди өз калкынан коргоо болсо, армияны көчө жана шаар согуштары үчүн керектүү курал-жарак менен камсыздайт. (Тунис армиясынын автоматтары мисал). Эгер бул вазыйфа яхудий вужудун коргоого каратылган аскерий манёвр болсо, жасалма куралдар менен куралдантат. (Иордания армиясы 1948-жылда ушундай куралдар менен куралдатылган). Же колонизатор анын аскерий арсеналын

жок кылууну (1967-жылдагы согушта Мисир авиациясы жок кылынгандай) жеке өз мойнуна алат. Же бул куралдардын акчасын төлөтүп, бирок, аларды жакшы иштебеген жана башкара албай турган кылып коёт. (Саудиянын «АВАКС» самолёттору сыяктуу). Эгер Умматтын каарын басууга жана яхудий вужудун бекемдөөгө каратылган аскерий оюн болсо, армияны исламий акыйдасына эркин таштап коёт жана эң жакшы куралдар менен камсыздайт. (1973-жылдагы согуш жана «Кэмп-Дэвид» келишиминин зордоп өткөрүлүшү сыяктуу).

Ал эми, эгер анын ички же регионалдык милдети маанилүү болуп, колонизатордун кызыкчылыктарына о.э. таасир чөйрөсүн кеңейтүү, стратегиялык региондорду ээлөө жана саясий Исламга каршы күрөш үстүндө болуп жаткан эл аралык күрөшкө байланыштуу болсо, берилген куралдарды белгиленген вазыйпаны аткаруу үчүн гана иштетүү кепилдигин алгандан кийин эң күчтүү куралдар менен камсыздайт. (Мисалы, Советтер Союзунун армиясын жеңүү үчүн Афган мужахиддерине берилген «Стингер» ракеталары, Халифалыкты талап кылгандарды жок кылуу үчүн колдонулган Сирия химиялык куралы, Индия жана Кытайды кармап туруу үчүн Пакистан ядро куралы, Иран ядролук программасы сунний топ үчүн «мокочо» болуп, аны колонизатордун кучагына түртөт). Колонизатор кафир ушул армиялардын аскерий доктринасына көзөмөл орнотпогондо, ал мындай кооптуу, натыйжалары өзү жана яхудий вужуду үчүн коопсуз болбогон авантюраларга берилбейт эле. Эми ал яхудий вужудунан болгону эки кадам ары туруп коркунучтуу куралдар арсеналын жыйнап алып, яхудийлер андан тартып алган жерлерди (Жулан дөңсөсү, Рафах) кайтаруу үчүн ал тургай бармагын да кыймылдатып койбогонун айтпаса да болот. Ал бул куралдарды өзүнүн мусулман калкына каршы (Мисир, Сирия, Ирак, Саудия) же мусулмандардын денелери үстүндө колонизатордун долбоорлорун ишке ашыруу үчүн (Иран-Ирак согушу, Ямандагы араб коалициясы, Сирия жана Ливиядагы түрк армиясы) иштетти.

5 – **Корутунду:** ушул негизге ылайык, бардык мусулман өлкөлөрүнүн конституциялары аскерий иштерге тиешелүү беренелерде алты өзгөргүс эрежеге таянат. Биринчи эреже:

армиянын аскерий доктринасынан динди бөлөт. Экинчи эреже: армия терроризмге (Исламга) жана анын бардык көрүнүштөрүнө каршы күрөшүүнү о.э. мамлекеттин жерлерин террордук аракет үчүн башкы штаб, өтмөк же майдан болуп калышынан коргоону өз мойнуна алат. Үчүнчү эреже: армия саясий иштерге аралашпайт. Төртүнчү эреже: бийликтин алмашуусунда армиянын ролу болбойт. Бешинчи эреже: кошуна мамлекеттер менен жакшы кошуначылыкты карманат жана алардын ички иштерине аралашпайт. Алтынчы эреже: шарт кандай болушуна карабастан, армия эл аралык милдеттенмелерди урматтайт. Мындан тышкары, ар бир мамлкеттин абалына, вакиълигине жана шартына карата өзгөчө беренелер белгиленген. Бул колонизатор кафир азыркы мусулман мамлекеттеринин армияларына колдонгон аскерий доктрина. Мындан ачык-айкын көрүнүп тургандай, колонизатор бул эрежелер аркылуу мусулман аскердин шахсиятын жана анын аскерий мекемесин кара ниет таризде калыптандырып, аны өз көзөмөлүнө моюн сундурду.

Ал аскерий мекеменин диний ишенимин ээлеп, андагы «ал-вала вал-баро» багытын башка тарапка бурду. Анын пайда жана зыян, дос жана душман жөнүндөгү көз карашын өзгөрттү. О.э. колонизатор аны курал-жаракта жана аскерий даярдыкта ага көз каранды кылды. Анын акылын жана фикирин ээлеп, аны регионалдык чөйрөсүнөн, калкынан жана Умматынан ажыратып койду. Вазыйпасын жана ролун калктардын байлыктарын тартып алуу үчүн жүргүзүп жаткан эл аралык күрөштө өзү үчүн согуштун күйүүчү майына айлантты. Ал өз кызыкчылыктарын жана малайларын коргоо о.э. Ислам жана мусулмандарды бутага алган кыйратуучу долбоорлорун ишке ашыруу үчүн аны жөнөкөй эле дүлөй жана дудук маддий куралга айлантты. Бул долбоорлор Умматтын бөлүнүшүн сактап калууга, андагы исламий умтулууну өчүрүүгө о.э. анын Ислам акыйдасы негизинде биригишине жол бербөөгө каратылды. Натыйжада колонизатор кафир Умматтын күч-кубатын өз көзөмөлүнө алды. Ал Умматтын аскерий шахсиятын сындырды о.э. дининен, хазаратынан, сакафатынан жана элинен алыстатып, аны андан жакшылык үмүт кылынбай турган жансыз денеге айлантты. Андан кийин колонизатор жергиликтүү

«куурчактар» жардамында аны өзүн-өзүн колонияга айлантууга мажбур кылды.

Эгер колонизатор кафир армиялардын аскерий доктринасын көзөмөлгө алышпаганда, ушул таң калычтуу жана акылга сыйгыс парадокс ишке ашпайт эле. Ошентип, армиялардагы абал төмөндөгү таризде турукташты: маңызынан дүйнөлүк; айрым улутчулдук жана мазхабчылдык факторлорун кошпостон, жалпысын алып караганда, улуттук; жалпы душманы саясий Ислам; аны ички, регионалдык жана эл аралык майдандагы саясаты батыштык кожоюндарынын кызыкчылыгы айланасында айланат. Бул аны Умматка каршы согушка жана душмандар үчүн тынчтыкка айлантты. Бул нерселерден кийин мусулман армиялары Газадагы боордошторуна баскынчы яхудий вужудуна каршы жардам бербесе таң калабызбы?

**Армияларды Умматтын кучагына кайтаруу**

1 – **Мүмкүнчүлүктөгү иштер:** мусулман армияларынын негизги вазыйпаларын үйрөнүп, алардын курамын кемирип жаткан, аракетин шал кылып жаткан, андагы жакшылык булактарын кууратып жаткан, аларды Умматтан алыстатып, изги вазыйпаларынан чалгытып жаткан жана аларды душмандардын кызматына тартып жаткан ооруну аныктап алганыбыздан кийин ушул негизги суроого келдик: мусулман армияларынын мойнундагы сыйыртмакты талкалап, аларды Умматтын кучагына кайтаруу жана Умматтын тагдырий маселелеринде алардан пайдалануу жолу барбы? Бул вазыйпа мүмкүнчүлүктөгү оңой ишпи же мүмкүнчүлүктөн тышкары болгон кыйын ишпи? Бул суроолорго жооп берүүдөн мурун ушуну баса белгилейбиз, мусулман армияларына карата колонизатор ишке ашырган иштер, айрыкча, мамлекеттин жоктугу жана кыянаттар көлөмү о.э. ошол доордо Умматты курчап алган жахилият, артта калуу, жакырчылык жана Исламды туура түшүнбөстүк эсепке алынса, кайрытабигый, муъжизавий жана аларды ишке ашыруу үчүн атайын кишилерди талап кылган иштер эмес. Жарым арал арабдарын Исламий мамлекетке каршы тукурууда ийгиликке жетишкен полковник Лоуренс өзгөчө адам эмес. Туурасы, ал арабдардагы «ал-вара вал-баро» багытын (Исламий Халифалыктан Араб Халифалыгына) бир аз

өзгөртүп, алардын сезимдери менен ойноду. Франция, Россия жана Италиянын Ислам өлкөлөрүн моюн сундурууда мусулман армияларынан пайдаланганын да буга кыястоо мүмкүн. Алар бул кылмыштуу ийгиликке теңдешсиз саясий мүмкүнчүлүктөр алкагында жетишти. Колонизатор мусулман армияларына аскерий социология назариясын колдонду жана аларды мыкты үйрөнүп, алар жөнүндө терең тажрыйбага ээ болду. Ал малайларды ишке салып, аларга көп акча сарфтады жана аскерий мекемени аракетке келтирүүчү рычагдарды өз колуна алды. Андан кийин колонизатор мусулман согушкерлеринин башкаруу панели т.а. алардын согуштук аскерий доктринасы үстүнөн көзөмөлдү күчөттү. Алардын аскерий шахсиятын (аклия жана нафсиясын) диний ишенимдерине тескери түрдө калыптандырды. Алардагы «ал-вала вал-баро» багытын башка тарапка бурду о.э. кызыкчылыкка, өлүм жана жашоого болгон көз караштарын, бакыт жөнүндөгү түшүнүгүн өзгөрттү. Ошондуктан, алар колонизаторго шексиз итаат кылып калышты.

2 – **Оорунун диагнозу:** мусулман армияларынын жалпысынан мусулмандардын маселелери, өзгөчө, Газадагы окуялар боюнча карманган начар жана мунаса позициясы алардын позицияларын жана сезим-туйгуларын таптакыр билдирбейт. Алар олуттуу наараздылык абалын башынан өткөрүшүүдө жана катуу жаза системасы коркунучу астында туура эмес көрсөтмөлөрдү каалабаган абалда аткарышууда. О.э. алар Газадагы боордошторуна жардам берүүгө жана яхудий вужудун жок кылууга даяр. Бирок, алар бүткүл армиянын аракетке келишине тоскоолдук кылып жаткан катуу иерархиялык түзүлүштү бузууга алсыздык кылышууда. Жеке аракеттер пайдасыз болуп, башынан эле токтоп калат жана өлүмгө алып келет. Кыянаттын жоопкерчилиги бүткүл аскерий мекеменин мойнуна түшөт. Аскерлер жана кичүү чиндеги офицерлер токтомдун булагы эмес, аткаруучу курал катары армия менен бирге айланган бөлүктөр гана. Бул абал армия командачыларына жана жогору мартабалу офицерлерге да тиешелүү болуп, алардын айрымдары гана мындан тышкары. Аларды итикадий жана инсаний факторлор аракетке үндөгөн учурда да алардын токтомдору эки

тоскоолдукка туш келет: демилге тоскоолдугу: алар жоопкерчиликти бири-бирине жүктөшөт, бако гарыйзасынын таасири себептүү өздөрүнөн башкасы демилге менен чыгышын күтүшөт жана алардын бул демилгеге моюн сунуулары кепилденген. Белгисиздикке шуңгуу тоскоолдугу: алар иштердин акыбеттери, кепилдиги жана аракет ишке ашырылгандан кийин эмне болушуна кызыгышат. О.э. таяна турган күчтүү тарапты издешет жана өз демилгелеринин акыбетине ишенип болбой турган жөн гана гарыйзалык реакция болушун каалашпайт.

Исламий армиялар – алардын коопсуздук клапаны (исламий акыйдасы) согуп турса – ар дайым жакшылыктын булагы болуп келген, дагы эле болуп келүүдө жана ар дайым ошондой болот.

Өлкөлөрдү фатх кылган, калктарды моюн сундурган, эң күчтүү империяларды кулаткан, эң кубаттуу армияларды жеңген, тандалган каармандарды дүйнөгө келтирген жана эң улуу жеңиштерге жеткендер дал ушул армиялар болгон. Алардын мумтаз аскерий шахсияты менен өзгөчөлөнүп турушуна эки нерсе тоскоолдук кылат: анын нафсиясын кишендеп турган биринчи тоскоолдук: өлүмдөн, кыйноого салынуудан, куугунтукка учуроодон, ырыскы үзүлүп калышынан, ниъматтар жана кызыкчылыктардан куру калуудан коркуу. Анын аклиясын кишендеп турган экинчи тоскоолдук: Исламдын бузуп көрсөтүлүшү, анын хукм жана түзүмдөрүн туура түшүнбөстүк.

Мындай тоскоолдуктарды алып салуу саясий мүмкүнчүлүктөр алкагындагы нерсе. Бул үчүн алардагы исламий акыйдага кайрылуу, аларга Аллах менен болгон алаканы түшүндүрүү, ахиретти эстетип, бейишке үгүттөө жана тозоктон коркутуу о.э. аларга нукура исламий сакафатты жана Ислам шарияты жөнүндөгү туура түшүнүктү берүү зарыл. Муну менен бирге, кызыкчылык, ырыскы, ажал жана бакыт түшүнүгү жөнүндөгү көз караштарын алардагы «ал-вала вал-баро» оңдой турган таризде өзгөртүү керек. Алар Халид, Каъкаъ, Кутз, Умар Мухтарлар азык алган жана ушул күндөрдө Хамас согушкерлери азык алып жаткан кубат менен аларга азык берилиши зарыл.

Булар колонизатор кафир мусулман армияларына карата кылган иштер менен салыштырганда оңой иш. Колонизатор кафир армиялар аскерий доктринасын алардын диний ишенимдерине ылайык келбей турган таризде бузууга жетишкенде биз алардын аскерий доктринасын алардын диний ишенимдерине ылайык түрдө оңдой албайбызбы?

3 – **Амалий кадамдар:** бул – жалпысынан алгандагы абал. Ал эми, анын деталдарына келсек, мусулмандардын аскерий мекемесин кайра тикелөө жана аны тирилтүү ага таандык болгондордун аң-сезиминен жана жүрөгүнөн колонизатор сиңдирген аскерий доктрина негиздерин өчүрүп, исламий аскерий доктринаны сиңдирүүнү, мусулман армиянын шахсиятын аклия жана нафсия жагынан калыптандырууну о.э. түрдүү согуштук абалдарда куралдуу күчтөрдүн фикирлөө таризине тиешелүү бир катар негизги багыттарды жамдоону талап кылат. Бул үчүн кимди дос тутуу, кимди душман деп билүү, кимге качан, кандай, эмне үчүн жана кайсы даражада согушуу белгилениши керек. Т.а. аскерий мекемени исламий долбоордун кызыкчылыгы үчүн сапарбарлыкка даярдоо максатында, анын аң-сезимин, туйгуларын исламий акыйда негизине куруу лазым. Бул үлкөн вазыйпаны ишке ашыруунун жолу түздөн-түз итикадий кайрылууну жолдоо. Анын амалий тарабына келсек, алар ушулар:

Биринчи: аскерий сапарбарлыкка чакырылган түрдүү наамдагы адамдар менен жандуу алаканы күчөтүү. Алардын арасынан жакшыларды тандап алып, алардын кайратын көтөрүү, күчөтүү жана каарын козгоо үчүн казармалардын жанындагы мечиттерди максаттуу түрдө зыярат кылуу.

Экинчи: алардагы негизги проблемага чечим берүү. Ислам акыйдасын ага жабышкан бардык ыплас нерселерден тазалоо аркылуу анын бийиктигин, тууралыгын, акылга жана фитратка ылайыктуулугун баян кылуу о.э. аны башка акыйдалардан бөлүп көрсөтүп берүү.

Үчүнчү: аларды Хизб-ут-Тахрирдин исламий долбоору менен тааныштырып, ага тартуу. Аларга байланыштуу болгон ролдун (т.а. нусраттын) маанилүүлүгүн жана бул ролду аткарышы менен алар ансарлар жана Саъд ибн Убада رضي الله عنه макамында болушун айкындаштыруу.

Төртүнчү: алардын артында терең тамыр жайган Хизб, дүйнөлүк Исламий долбоор жана күч-кубат ээлеринин демилгесине ынтызар бир Уммат бар экенин аларга сездирүү. Анткени, Уммат бекем таянычка ээ болгонуна ишеним пайда кылары менен күч-кубат ээлерине кошулууга даяр.

Бешинчи: душмандардын Умматка каршы колдонуп жаткан, исламий долбоорго тоскоолдук кылуу, мусулмандардын артта калышын, эксплуатация кылынышын жана көз карандылыгын түбөлүк кылуу үчүн түзүлүп жаткан пландарынан аларды кабардар кылуу максатында алардын көздөрүн жана акылдарын ачуу.

Алтынчы: аларга «ал-вала вал-баро» түшүнүгүн сиңдирүүгө көңүл буруу. Муну менен, момундарды дос тутуу, кафир мунафыктарды душман деп билүү калыс Аллах үчүн болуп, алардын назарында башчыларынын буйруктары маанисиз болуп калышы керек. Себеби, жаратуучуга күнөөкөр болгон орунда махлукка моюн сунулбайт.

Жетинчи: таргиб жана тархиб: алардын бейишке жана анын түбөлүк ниъматтарына болгон умтулууларын, тозок жана анын туруктуу азабынан коркууларын козгоо керек. Бул үчүн алар шахиддикке жана шахиддер үчүн Аллах даярдап койгон ниъматтарга, сахабалардын رضي الله عنهم изинен барууга үгүттөө керек.

Сегизинчи: ырыскы түшүнүгүн ачыктоо. Т.а. ырыскы бир гана Аллах тарабынан келиши, Аллахтын урухсатысыз эч ким аны токтотуп же үзүп коюуга, ал тургай, адамдар-жиндер топтолсо да аны келтирүүгө кудуреттүү эместигин түшүндүрүү зарыл. Муну менен аларда ырыскы үзүлүп калышынан коркуу жоголушу керек.

Тогузунчу: өлүм коркунучунан коркуу аларда жоголушу үчүн ажал түшүнүгү ачыкталышы керек. Т.а. өлүмдүн бир гана себеби ажал болуп, ал жалгыз Аллахтын колунда экендиги жана качан аларга ажалдары келсе, аны бир саат артка да, алдыга да жылдыра албашы түшүндүрүлүшү зарыл.

Онунчу: алардагы бакыт түшүнүгү ачыкталышы керек. Т.а. алар каалап жаткан туруктуу кадыржамдыкка мал-дүйнө, мартаба, мансап же өткүнчү лаззаттар менен жетишип болбошу, Аллах Тааланын ыраазылыгы менен гана

жетишилиши жана Аллахтын ыраазылыгына Анын буйрук жана кайтарууларына чектелүү менен жетишилиши түшүндүрүлүшү зарыл.

Муну менен бирге, касб кылынышы көздөлгөн кишилерди кыйынчылыкка салбоо жана алардагы жакшылык булактарынан пайдалануу үчүн ыкма жана каражаттар, тиешелүү шарт жана абалдар тандалышы керек. Ар кандай изги ниеттин артында Аллах бар, силерге да, мага да Ал кифая жана Ал эң жакшы өкүл. ❑

## ГАЗАГА КАРШЫ СОГУШ БАТЫШ ИДЕОЛОГИЯСЫНЫН МАҢЫЗЫН, БАТЫШ МАМЛЕКЕТТЕРИ КАНДАЙ САЯСАТ АЛЫП БАРЫШЫН АЧЫКТООДО!

**Хамд Табиб – Байтул Макдис**

От темирдин булганычын көрсөтүп тазалагандай, позиция жана окуялар кишинин табиятын ачыктап берет, деп айтылып келет. О.э. кризистер, кырсыктар жана кыйынчылыктар мамлекеттин саясатын, алар кабыл алган фикирлердин маңызын, ал адамзатка канчалык камкордук кылышын ачыктайт деп айтылат!

Тарыхта Батыш дүйнөсүндө ошондой болгон жана бүгүн Газага каршы кылмыштуу согушта ошондой болуп жатат. Бул согуш цивилизациянын өнүгүүсүн, демократия, эркиндиктер жана адам укуктарын жар салып жаткан ири мамлекеттердин жалганын, жасалмалуулугун жана адаштыруусун ачыкка чыгарды. Жада калса Батышта жашап, анын идеологиясын кабыл алган калктар да бул жалган, алдоо жана адаштыруудан тажап, өкүмдарларына каршы көтөрүлүштү. Алар минтип кыйкырышты: силер жалганчы, адаштыруучу, канкорсуңар, эки жүздүүлүк кылып, демократияны да, эркиндиктерди да, адам укуктарын да урматтабайсыңар. Тескерисинче, силер ал тургай адамгерчиликти жана ырайымды, баалуулук жана принципти жоготтуңар!

Ко-ош, бул согуш кандай болуп жатат? Америка жетектеген Батыш яхудий вужудунун бул согушун кантип колдоп жатат? Бул согуш Батыш элдерине кандай таасир кылды? Сыйкырчынын сыйкыры өзүнө кайттыбы? Бул согуш Батыш идеологиясын келечекте бүтүндөй жок кылышы мүмкүнбү? Бүгүн Батыш ушул мафкура себептүү фикирий жана экономикалык кризистерди башынан өткөрүп жаткан соң, студенттердин жетекчилиги астындагы калк менен саясатчылардын ортосундагы жарака канчалык?

Бул суроолорго жооп берүү үчүн ийри сызыктын жанына түз сызыкты сызабыз. Ошондо ийри сызыктын ийрилиги да, түз сызыктын түздүгү жана тазалыгы да ачык-айкын көрүнөт. Бир күнү Расулуллах ﷺ сызык сызып: “Бул Аллахтын жолу”, - деди. Андан кийин оң жана сол тарабына бир нече сызыктарды

сызып: “Булардын бардыгы шайтан чакырып жаткан жолдор”, - деди. Анан ушул аятты окуду:

﴿وَأَنَّ هَٰذَا صِرَٰطِي مُسۡتَقِيمٗا فَٱتَّبِعُوهُۖ وَلَا تَتَّبِعُواْ ٱلسُّبُلَ فَتَفَرَّقَ بِكُمۡ عَن سَبِيلِهِۦۚ ذَٰلِكُمۡ وَصَّىٰكُم بِهِۦ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ﴾

***«Албетте мына ушул Менин Туура Жолум. Демек, ушул жолду ээрчигиле,*** *(башка)* ***жолдорду ээрчибегиле,*** *(эгер башка жолдорду ээрчисеңер)* ***алар силерди Анын жолунан үзүп коёт, балким таква кылаарсыңар, деп силерди мына ушул нерселерге буюрду»*** [6:153]

Бул чындыкка т.а. Батыш идеологиясынын ачыкка чыгышына, Батыш өлкөлөрүндөгү калктар алдында бул идеология кандай колдонулуп жатканына, өкүмдарлардын алып барган саясаттары жана бул идеология туурасында калктарды адаштырып жатканына токтолуп өтмөкчүбүз. Батыш идеологиясынын бузгунчу жана жалгандыгы, калктарга камкордук кылууга жараксыздыгы, ал кырсык жана кыйроолорго, Газага каршы бул аёосуз согушка себеп болгону айкын болушу үчүн бул идеологияны бир нече пунктулардан карап чыгабыз. Газа калкынын башына түшкөн бул согуш адамзатын кыргын кылууда, тоо-ташты ойрон кылып, бак-дарактары өрттөп жатат, өмүр жана инсанийликти жок кылууда. Булардын бардыгы Батыш мамлекеттериндеги капиталист компания ээлериндеги өткүнчү мата, жийиркеничтүү кызыкчылык жана байлыкка кызмат кылуу үчүн ишке ашырылып жатат.

Бул пунктулар:

1 – Батыш муфаккирлеринин дүйнө калкы жөнүндөгү көз карашы.

2 – Батыш ушул күндөрдө о.э. түзүлгөндөн бери согуш жана тынчтык абалында бул көз карашты кантип ишке ашырып жатат.

3 – Батыш мамлекеттериндеги саясатчылар ар түрдүү согуштар жана колонизаторлук аркылуу өз кызыкчылыгына багытталган саясатты улантуу үчүн өз өлкөлөрүндөгү коомдук фикирди адаштырууда колдонгон жийиркеничтүү ыкмалар.

4 – Батыш режимдерин Газага каршы согушта яхудий вужудун колдоого үндөгөн реалдуу себептер жана саясаттар о.э. бул саясаттардан көздөлгөн максаттар.

5 – Батыш мамлекеттериндеги калктарды өз саясатчыларына жана алардын кылмыштарына каршы козголоң көтөрүүгө о.э. Газа согушу себептүү аларга каршы турушуна үндөгөн нерсе эмне?

6 – Батыштык капиталисттердин университет жана көчөлөрдө кеңири жайылган нааразылык кризисти чечүүдөгү ийгиликсиз аракеттери.

7 – Батыш мамлекеттериндеги бул окуялар жакшылык эшиктерин ачышы мүмкүнбү, адамдар Аллахтын динине топ-топ болуп кириши, көп жылдардан бери мактап келишкен Батыш идеологиясынын акыркы чеби кулашы, саясатчылардын студенттердин демонстрацияларына каршы күрөштө жеңилиши, исламий өлкөлөрдө мусулмандар өз динин бекем кармашы жана бул нерсе адамдардын туура исламий идеологияны өз жашоосунда колдонуусуна түрткү болушу мүмкүнбү?

**Биринчи пункт:** т.а. Батыштын бүткүл дүйнө калктарына карата кандай идеология негизинде мамиледе кылышына жана идеологиясы кандай пайда болгонуна келсек, бул идеология диндарлар жана чиркөө руханийлеринин зулумуна реакция катары келип чыккан. Т.а. (алардын көз карашы боюнча) бул идеология зулумга, зомбулукка жана коррупцияга каршы пайда болгон. Батыш идеологиясынын ээлеринин көз карашы мына ушундай. Алар зулум-зомбулукка себеп болгон чиркөө жана диний идеологиядан азат болушкан соң, бул идеяны ишке ашыруу үчүн негизги фикирлерди иштеп чыгышты. Ал ушул фикирлерден турат: «Кишен жана кулдукка каршы эркиндик», «Демократия – өкүмдар жана президенттерди эркин шайлоо үчүн саясий чөйрө», «Адам укуктары чиркөө адамдын укугун тартып алышына каршы; коомдо демократия жана эркиндик орнотуу жана адамдын жаман тарабына каршы жакшы тараптарын өнүктүрүү жана бекемдөө үчүн зарыл».

Бирок, күтүлбөгөн нерсе жүз берип, эски зулумдун (чиркөө зулумунун) ордун жаңы зулум ээледи. Бул – фикирлерди жеке кызыкчылыктарга кызмат кылуу үчүн иштеткен ири капиталисттердин жана компаниялардын зулуму. Натыйжада

бардык Батыш мамлекеттерине калктын 2%ынан ашпаган класс өкүмдарлык кылып калды. Т.а. эски зулумдун ордун дагы да чоңураак, олуттуураак жана кеңирээк зулум ээледи. Анын үстүнө, Батыш идеологиясы ойлоп тапкан эркиндик, демократия жана адам укуктары ири капиталисттердин колундагы жеке кызыкчылыктарына жетүү үчүн күрөө болуп калды. Буга бир ууч капиталист өкүмдарлар Жакынкы Чыгыштагы саясий максаттарды ишке ашыруу үчүн Газага каршы согушта колдонуп жаткан зулумдан күчтүү далил болбосо керек. Ушул даражада дейсиң, адамдар тажашты, маселенин түпкү маңызына күбө болуп, козголушту жана дагы эле тынчышкан жок. Адамдар демократия, эркиндиктер жана адам укуктарына баштагыдай амал кылууну талап кылышууда жана президенттерди – учурда АКШ жана Батыш мамлекеттери Украина жана Газа согушунда кылып жатышкандай – эки жүздүүлүктү токтотууга чакырышты!

Батыш калктарынын башка калктарга көз карашы Батыш кабыл алган идеологияга (демократия, эркиндиктер жана адам укуктары идеологиясына) негизделген көз караш. Бирок, Батыш мамлекеттериндеги саясатчылар жана мансабдарлар бул идеологияны өз өлкөсүндө да колдонушпайт. Биз бул жерде ушул идеологияны коргомокчу, же аны оңдомокчу, же каталарын баян кылмакчы эмеспиз. Ушул Батыштын 1 % тайпа саясатчылары ал тургай өз мамлекетинде да жалган саясат жүргүзүп жатышканы жөнүндө сөз кылмакчыбыз. Изилдөөчү Абдулваххаб Масирий өзүнүн «Жарым жартылай илманийлик жана кеңири көлөмдүү илманийлик» китебинде айтат: «Батыш үчүнчү дүйнөдөгү улуттук мамлекеттердин суверендигин тартып алуу оңой болушу үчүн аларды алсыратуу механизмин (БУУ, Дүйнөлүк Банк жана бейөкмөт жарандык коомдорду) өнүктүрүү үчүн болгон күчүн жумшады». Францискалык жазуучу Жан-Клод Гийба өзүнүн «Жаңы дүйнөнүн туулушу» деген белгилүү китебинде айтат: «Учурда Батышта фундаментализм өкүмдарлык кылып жатат. Аны ал тургай адамдын инсанийлигин да четке каккан суук илманий технологиялык идеологиянын гегемондугунан көрүү мүмкүн. Ушул чектен ашык позитивисттик фикир өзүнүн сциентизминде адамды жөнөкөй элементтерге, анын физикалык мыйзамдарга жана биологиялык-физиологиялык өз ара таасирине чектейт. Ал

материализмден үстөм турган эч бир идеалды же илахий рухий трансценденцияны таанызбайт. Бул өтө кооптуу агым, диний фундаменталисттик агымдан да кооптуураак, ал тургай, формасынан башкача жана ага карама-каршы болсо да».

Батыш БУУ башчылыгындагы өз мекемелеринде жазып койгон эркиндик, демократия жана адам укуктары идеялары менен вакиъликте күзөтүлүп жаткан нерселердин ортосунда анык жана толук айырма бар. Буга батыштыктар байлык, нефть жана саясий өкүмдарлык үчүн исламий өлкөлөрдө алып барган массалык кыргын согуштары ачык-айкын далил болот. Алжирде 1989-жылы Ислам бийликке Батыш айткан демократиялык жол менен келгенде, Батыш Алжирди басып алуу менен кантип коркуткан эле?! Эмнеге Батыш өзүнүн алгачкы демократиялык кадамдарын азаттык ыңкылаптары артынан калктарды аскерий колония кылуу менен баштады, эмнеге университеттерде Газадагы окуялар жөнүндө өз фикирин билдирген студенттерди репрессия кылып жатат?!

**Экинчи пункт:** Батыш бул идеологияны кантип колдонуп жатканына келсек, жогоруда айтканыбыздай, Батыштын дүйнөкарашы негизи – материализм. Ал материализмге кызмат кылган фикирлерге гана этибар берет. Ошондуктан, Батыш мамлекеттери маддий ийгиликке жана кызыкчылыкка жетүү үчүн колонизаторлукту жол кылып алды, демократия жана адам укуктарына кызмат кылышы үчүн эмес. Компаниялар жана алардын саясий өкүлдөрү өткөн жылдарда согуш жана тынчтык абалында БУУ сыяктуу Батыш идеологиясын коргогон уюмдардан ушул максатта пайдаланып келишти. Мисалы, Европа, Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин Америка да эч качан демократияга же адам укуктарына, же ал тургай эркиндикке өз мамлекеттеринин ичинде да, сыртында да кызмат кылган жок. Тескерисинче, бул мамлекеттер ири компаниялардын жана капиталисттердин каалоосуна кызмат кылып келишкен. Өткөн кылымдын ортолорундагы аскерий колонизаторлук эч качан үчүнчү дүйнө мамлекеттеринде демократияны коргоо жана колдоп-кубаттоо үчүн болбогон. Тескерисинче, ал жердеги байлыктарга жана базарларга өкүмдарлык кылуу үчүн болгон. Америка Европа мамлекеттери менен бирге Ирак, Афганистан жана башка өлкөлөрдө баштаган согуштар да капиталисттерге кызмат кылды. Айрым саясатчылардын моюндаган сөздөрү бул

согуштагыката шылтоолорду ачып берген. Бул жөнүндө жазуучу Башир Ансарий 2010-жылы 20-апрелде «Ал-Жазира нет»те жарыялаган «Баскынчы демократиядан демократияны басып алууга» деген макаласында айткан: «АКШнын Республикачылар жана Демократтар партиясындагы саясий элитасы кээ бир маселелерде келише албашы мүмкүн. Бирок, үчүнчү дүйнө мамлекеттеинде, өзгөчө Жакынкы Чыгыш жана мусулман өлкөлөрүндө гегемондук саясатын мыйзамдаштыуу жана долбоорлорду ишке ашыруу үчүн курал катары «демократияны өнүктүрүүдөн» пайдаланууга келишишкен. Себеби, демократияны өнүктүрүү урааны Батыш калктарын алдоого жана алардын назарында баскынчылыкты актоого жардам берет. О.э. баскынчы күчтөргө акылдарды жана жүрөктөрдү багындырууда жардам бериши мүмкүн».

АКШ жана Европа мамлекеттериндеги жетекчилердин яхудий вужудун колдоп-кубаттап жатышканы демократия идеологиясын бүтүндөй жокко чыгарууда. Мамлекеттердин адамдарды колония кылуусуна каршы күрөшүүгө жана адам укуктарына чакырып жаткан БУУ резолюцияларын тебелеп-тепсөөдө. БУУ өз тагдырын өзү белгилөөгө, баскынчылыкты жоюуга, качкындарды жана өз мекенинен чыгарылгандарды өз өлкөсүнө кайтууга чакырууда. Бирок, ири мамлекеттер яхудий вужудунун баскынчылыгын колдоп-кубаттап, ага каршы чыгарылган ар кандай резолюцияга каршы турат.

Маселе муну менен токтогон жок. Батыш чет өлкөдөгү согуштарда жана күрөштөрдө өлкөлөрдү жана жарандарды моюн сундуруу үчүн европалык жана америкалык калктарды алдоо максатында түрдүү шылтоолор айтышууда. Максат бир – капиталисттерге кызмат кылуу. Афганистан жана Иракка каршы демократия жана адам укуктарынын бардык маанилерин жокко чыгарган Батыш жетекчилигиндеги согушта болгондой!

Американын ичине келсек, демократия, адам укуктары жана эркиндиктер капиталисттерге жана алардын саясаттарына кызмат кылса гана колдонулат, бирок, алардын саясатына тескери келип калса өздөрүн билмексенге алышат же ага чабуул кылышат. Буга жакында университеттерде болгон наразылык демонстрациялары далил болот. Жазуучу Куинн Слобедиан өзүнүн «Талкаланып жаткан капитализм» деген белгилүү китебинде айтат: «Базар радикалдарынын бардык

нерседен үстөм каалоосу: жумушчулардын жана жарандардын укуктарын эксплуатация кылуу, саясий туруксуздуктан жана капиталдын агымы чектелишинен пайдаланып калуу о.э. мамлекеттин ресурстарын – алар адамдар болобу, жер же сот системасы болобу, айырмасыз – өз көзөмөлүнө алуу...». Китептин дагы бир жеринде автор демократия ушул таасирдүү фигуралар тарабынан канчалык колдонулуп жатканы жөнүндө сөз кылып айтат: «Батыш коомдоорундагы базар радикалдары демократия туурасында терең фатализмди колдонушат. Кээде ушул радикалдардын көпчүлүгүнүн жүрөгүндө демократияны ачыктан-ачык жек көрүү терең тамыр жайган болот».

**Үчүнчү пункт:** Батыш мамлекеттериндеги саясатчылар өз өлкөсүндөгү коомдук фикирди чалгытуу үчүн колдонгон ыплас ыкмалар жөнүндө айта турган болсок, капиталисттер өз саясатын тыгыштырууда негизинен жалган жана адаштыруучу саясатты алып барышат. Мисал: Америка жана Европа мамлекеттери 2003-жылы Афганистан жана Иракка каршы согушту актоо үчүн өз калкын терроризм деген нерсе менен адаштырган.

Ирактын Япониядагы мурунку элчиси Ганим Алван Жумайлий 2020-жылы 4-мартта «Оро» гезитине мындай деди: «”Нью-Йорк Таймс” гезити Американын Ирак согушундагы позициясын жарыялап, Америка Ирактын массалык кыргын куралдарына ээ экенин, 2001-жылы Кошмо Штаттарга сокку берген терроризмге алакасы бар экендигин айтып коомдук фикирди чалгытты».

1975-жылы БУУнун Башкы Ассамблеясы сионизм тектик кемсинтүүнүн бир түрү экени, бул сионисттик идеологияга каршы күрөштү талап кылышы, себеби, ал эл аралык тынчтыкка жана эл аралык коопсуздукка коркунуч туудурушу туурасында токтом кабыл алды. Яхудий вужуду болсо 1991-жылы өз союздаштарынын жардамында ушул токтомду бекер кылууга жетишти.

АКШ университеттериндеги антисемитизм идеологиясы да буга мисал болот. Бул жөнүндө «Шаркул Авсат» гезити 2024-жылы 22-апрелдеги санында «Байден университеттердеги антисемитизмди каралады» деген макала жарыялады. Макалада: «Жекшемби күнү АКШ президенти Жо Байден Ак үйдө адатка айланган яхудийлердин майрамын белгилөө

учурунда ачыктаган билдирүүсүндө университеттердин кампустарындагы антисемитизмди каралады», - делет. Батыш антисемитизмди яхудийлерди кээде коргоо жана кээде айыптоо үчүн ойлоп тапкан! Мисалы, Германияда жүз берген яхудийлердин окуясында Германияны антисемитизмде айыпташкан. Бирок, Европадагы айрым яхудий жетекчилери Батыш менен тил бириктирип, «Сионизм даанышмандары протоколдору» деген жалган нерсени чыгаргандан кийин яхудийлердин өзүн антисемитизмде айыпташып калды жана бул алардын Европадан депортация кылынышына киришүү вазыйпасын өтөдү!

АКШ жана Европадагы коомдук фикирди адаштырууга дагы бир мисал «Россия Европаны талкаламакчы болгон жырткыч, Украинанын жеңилүүсү Европанын жеңилүүсүн жана кооп-коркунуч Европа тарапка созулушун түшүндүрөт» деп сүрөттөлүп жатканы. Франция президенти Эммануэль Макрон 2024-жылы 15-марттагы телеинтервьюсунда мындай деди: «Россия согушту күчөтө турган болсо, Европа жоопко даяр турушу керек... Россиянын Украинаны жеңиши Европага болгон ишенимди жокко чыгарат... Украина кыйын абалда, ага союздаштардын күчтүү жардамы зарыл... Тынчтык Украинанын жеңилишин түшүндүрбөйт... Тынчтыкка умтулуу жеңилүүнү түшүндүрбөйт… Тынчтыкка умтулуу Украинадан баш тартуу дегени эмес»!

**Төртүнчү пункт:** Батыш режимдерин Газага каршы согушта яхудий вужудун колдоп-кубаттоого үндөгөн реалдуу себептер о.э. саясаттар жана ушул саясаттардан көздөлгөн максаттар. Бул жерде Батыштын яхудий вужудун колдоп-кубаттоо себептеринин Батыш калктарына, саясатчыларына жана идеологдорго жарыя кылынган шылтоолору бар. Алардын кээ бирлерин Батыш ойлоп чыгарды, кээ бирлерин яхудий жетекчилери үгүттөп, дүйнө бойлоп таратышууда. Шылтоолордун бири – Хамас террористтик кыймыл, ал дүйнө террористтеринен, өзгөчө, Иран жана анын Ливандагы хизбинен жардам алууда. Ал яхудий мамлекетин жок кылууну максат кылган деген сөз. 2023-жылы 7-октябрь окуялары артынан 11-октябрда АКШ президенти Байден америкалыктарга кайрылуусунда мындай деди: «Мен бүгүн премьер-министр Бинямин Нетаняху менен (израилдеги) үрөй

учурган жана туруктуу чабуулдар жөнүндө сүйлөштүм. Кошмо Штаттар Хамас террористтеринин Газадан жасаган бул үрөй учурган чабуулун кескин каралайт. Мен премьер-министр Нетаняхуга (израиль) бийлигине жана калкына бардык керектүү колдоо каражаттарын берүүгө даяр экендигибизди айттым. Терроризм таптакыр акталбайт».

**Батыштын бул согушту колдоп-кубатташынын жашыруун жана чыныгы себептерине келсек,** алар яхудий вужудунун бар болушунун айланасында айланат. Бул вужуд – Батыштын кызыкчылыктарын коргоо, келечекте Исламга байланыштуу ар кандай мамлекеттин пайда болушун алдын алуу жана пайда болушу менен эле тезинен ага каршы согушуу үчүн зарыл. Башка себептер да бар, мисалы, Жакынкы Чыгышты саясий колония кылуу жана өкүмдарлык орнотуу, Батышты энергия менен камсыздоо, Чыгыш менен Батыштын ортосундагы деңиз жана кургактык жолдорун коргоо о.э. Батыш өнөр жайы үчүн базарларды кепилдөө. Түрк жазуучусу Эрмин Синанович 2023-жылы 28-декабрда “Ал-Жазира нет”те жарыяланган макаласында ушуларды баса белгиледи: «Батышка ал же бул тариздe өкүмдарлык кылып жаткан тарап (израиль) эмес, тескерисинче, өздөрүн саясий жана стратегиялык кызыкчылыктарын жүзөгө чыгаруу үчүн (израилден) пайдаланып жаткан Батыш мамлекеттери. Баса белгилеп айтсак, ошол убакта эл аралык мыйзам Батыш мамлекеттерине карата колдонулбаган жана учурда (израилге) карата да колдонулбай жатат».

**Бешинчи пункт:** Батыш мамлекеттериндеги калктарды өз саясатчыларына жана алардын кылмыштарына каршы козголоң көтөрүүгө о.э. аларга каршы турууга үндөгөн нерсе эмне?

Түпкүлүгүндө адамдарды, айрыкча, интеллигент элитаны – Европада болобу, АКШда же башка жайларда болобу – өз өкүмдарларына каршы козголоң көтөрүүгө үндөгөн себептер көп:

**Биринчи:** капиталисттик идеологиянын бузгунчулугу, бул бузгунчулуктун вакиълигинде көптөгөн турмуштук тармактарда өз тастыгын таап жатканы. Мисалы, байма-бай жүз берип жаткан экономикалык кризистер, айрыкча, 2008-жылы жүз берген, акыбети бүгүнкү күнгө чейин таасир кылып жаткан кризис.

**Экинчи:** саясатчылардын интеллигент катмары адатта алданбай турган маселелерде да жалган жана чалгытууларды колдонушу. Буга Хамас кыймылына антисемитизм жана терроризмди жабыштырып жатканы же АКШ университеттериндеги студенттердин кыймылдарына антисемитизм тамгасын жабыштырып жатканы мисал.

**Үчүнчү:** кош стандартты, амалдарды жана максаттарды – ал тургай, алар мабда жана фикирлерди бузса да – актаган ыфлас прагматикалык саясат жүргүзүү. Буга мисал: Россияны Украинага баскынчылыкта айыптап, яхудийлерди айыптабоо, акыйкатта болсо яхудийлердин баскынчылыгы ачык-айкын көрүнүп туурат!

**Төртүнчү:** яхудийлердин Газа калкына карата адам укуктарын ачыктан-ачык тебелеп жатышканы жана бул ачка калтыруу, кыргын кылуу жана басым өткөрүү сыяктуу мыйзамбузууларды бүткүл дүйнө көрүп туруп, көз жумуп жатканы. Айрыкча, бул кылмыштарды батыштык расмийлер, алардын башындагы АКШ жетекчилери колдоп жатканы дартка туз сепкендей болуп жатат. Бул яхудий вужудун коргоп, Коопсуздук Кеңешинин яхудий вужудун каралоо үчүн чыгарган бир нече резолюцияларын бекер кылып жаткан саясатчылардын бир сапка тизилгенинде ачык көрүндү. Акыйкатта болсо бул саясатчылардын өздөрү ушул эл аралык мекемелердин трибуналарында туруп адам укуктарын коргоого чакырышат.

**Бешинчи:** АКШ экономикалык кубатынын бир бөлүгүн жана университеттердин кубатын яхудий вужудунун кызматына жумшап жатканы. Бул студенттердин чакырыгында ачык-айкын көрүндү т.а. алар университеттер менен яхудий вужудунун аскерий тарабын колдогон айрым мекемелер ортосундагы кызматташтыкты токтотууну талап кылышты.

**Алтынчы пункт:** Батыштык капиталисттердин университеттерде кеңири жайылган наразылык кризисин чечүү үчүн ийгиликсиз аракеттери.

Учурда университеттерде жүз берген кризисти чечүү үчүн бир катар аракеттер болду, бирок, ага карабастан кризис күчөп, кеңейип баруудa о.э. Кошмо Штаттардан башка мамлекеттерге жайылууда. Бул аракеттер:

**1 – Күч колдонуу:** АКШдагы «Адам» укук жана эркиндиктерди коргогон борбору 2024-жылы 7-майда жарыялаган билдирүүсүндө Америка бийлиги университеттердин студенттерине карата мыйзамсыз чаралар көрүп жатканына кабатыр билдирди. Студенттер яхудий вужудунун Газа секторунда фалестиндиктерге каршы жасап жаткан кылмыштары АКШ бийлиги тарабынан колдоп-кубатталышына нааразылык билдиришкенин гана баса белгилешти. Билдирүүдө төмөндөгүлөр баса белгиленген: «Фикир жана сөз эркиндиги демократиялык түзүмдүн табияты талап кылган негизги укук эркиндиктеринен. Бул эркиндик туура демократялык башкаруунун маанилүү устуну, өзгөчө жарандарды, жалпысынан коомдук фикирди аныктоодо ажыралгыс пайдабалы болуп эсептелет. Ал бир тараптан, коом күбө болуп жаткан бардык саясий, экономикалык жана социалдык окуялар туурасында, экинчи тараптан, бардык жарандарга өлкө иштерин башкарууда өз фикирин билдирүү мүмкүнчүлүгүн берет».

**2 – Бул демонстрациялар мыйзамга тескери, демократияга коркунуч жана терроризмди колдойт, деп маалымат каражаттары аркылуу о.э. саясий жана фикирий жактан адаштыруу**. Жоржия университетинде эл аралык мамилелер боюнча профессор, британиялык жазуучу Кас Мудде Британияда чыккан “Гардиан” гезитинин 2024-жылдын 1-майдагы санында жарыяланган «Эмнеге АКШ университеттери эркин өлкөдө репрессияга туш келүүдө?» деген макаласында айтат: «Ашынган оңчулдар университеттерди терроризмди колдошот, деди о.э. антисемитизм жана сөз эркиндиги сыяктуу Американын негизги принциптерине коркунуч туудуруп жаткандай кылып сүрөттөдү». АКШ конгрессинин спикери Майк Жонсон Колумбия университетин «башка университеттерге да жуктурган вирусун» тизгиндей албаса, университет ректорун иштен алынышын талап кылабыз, деди!

Бул адаштыруулардын дагы бири демократия жана эркиндиктерге туура эмес түшүндүрмө берүү. Бир нече саясатчылар университеттерде болуп жаткан демонстрацияларга окуу жараянын бузуу жана университетке өкүмдарлык кылуу аркылуу башкалардын укуктарына кол салуу, деп баа беришти.

Маалымат каражаттары аркылуу болуп жаткан адаштырууга келсек, анда антисемитизм аталышы колдонулмак. Анткени, бул адамдарды чалгытуунун бир түрү. Мисалы, Байден, үчүнчү пунктуда айтканыбыздай, атайылап ушул аталышты колдонду.

**Жетинчи пункт:** Батыш университеттеринде болуп өткөн бул окуялар Исламий Умматка, анын фикирине, Батыш жана мусулман өлкөлөрүндөгү ойгонуу жана өзгөрүүлөргө кызмат кылууда бир нече жактан өз натыйжасын бере баштады. Ислам Умматынын ойгонушуна кызмат кылган жактарга мисал:

**1 – Көптөгөн батыштыктардын Исламга кириши.** Алардын Исламга киришинин себептери: капитализм жана анын идеологиясында жүз берип жаткан мыйзамбузуулар жана актоолор, бул ыфлас идеология негизине курулган мамлекеттердин саясаттары, Ислам жана мусулмандарга, өзгөчө, Газадагы мусулмандарга каршы аёосуз чабуулдарды карап турушу. “Ал-Жазира” телеканалыны кабарчысы Ахмад Мансур өз баракчасыда 2023-жылы 2-декабрда жарыялаган «Газа согушунун дагы бир жагы» деген макалада айтат: «Биз Францияда 40 жыл мындай Исламга кирүүгө кызыгууну көрбөгөн элек, айрыкча, француз жигит-кыздар арасында. Газа согушу башталгандан бери ушуга күбө болуп жатабыз – жаңы мусулман болгондордун расмий саны бир күндө 80ден 400гө көтөрүлдү, көбөйүп баштаган франциялык мусулмандардын саны күнүнө 300дөн аз болбой жатат». Бул сөзгө караганда, демек, бир эле Франциянын өзүндө эң кеминде – «Акса ташкыны» башталгандан бери – болжол менен эки ай ичинде Исламды кабыр алгандардын саны кеминде 20 миң кишини түзүп жатат жана алардын көпчүлүгү жаштар. Бул көрсөткүчтү башка Батыш мамлекеттерине да салыштыра бергиле.

**2 – Капитализмдин акыркы чептеринин жана идеологиялык базаларынын, демократия, эркиндиктер жана адам укуктарынын чыныгы жүзү ачылышы**. «Кудсул Арабий» гезитинин 2024-жылдын 24-майындагы санында жарыяланган «АКШ студенттеринин демонстрацияларын үйрөнүү» деген макалада мындай делет: «Газа согушу адам укуктары жана жалпы эркиндиктерди урматтоо деген нерсени о.э. расмий Батыш коому канчалык эки жүздүүлүгүн, мыйзамды да, адам укуктарын да урматтабастан, калктардын кыйынчылык жана проблемаларынан өзүнүн кызыкчылыгы үчүн пайдаланып

жатканын ачыктады. АКШ студенттеринин демонстрациялары адам укуктары жана жалпы эркиндиктер, өзгөчө фикир эркиндиги деген ураандар жалган экенин көрсөттү. Себеби, Батыш демонстрацияларга зомбулук, бастыруу жана университетте окуу укугунан ажыратуу, университеттерди аскерийлештирүү, университет мугалимдерин жумуштан бошотуу жана камакка алуулар менен жооп кылды. Ушул даражада дейсиң, АКШ өзү сындап келген диктатор мамлекеттердин кылмыштарынан да ашып түштү».

**3 – Саясатчылардын жалганы себептүү алардын саясатына ишенимдин жоголушу.** Жазуучу Риза Шаннуфтун 2024-жылы 27-апрелде жарыяланган «Студенттердин демонстрациясы: Кошмо Штаттарда болуп көрбөгөн козголоң» деген макаласында айтылат: «АКШ администрациясы туңгуюкка кирип калганын көрсөткөн далилдердин катарында ушуну келтирсек болот, студенттер арасындагы бул демократиялык өзгөрүү Кошмо Штаттардын тышкы саясатынын натыйжаларына бүтүндөй тескери келет. Өз кезегинде АКШнын тышкы саясаты Америка улутуна негиз салуу философиясын түшүндүрбөйт. Ошондуктан, Конгресс жана АКШ администрациясы ишинин натыйжаларына түздөн-түз таасир өткөрүүчү, чоң эл аралык резонанска ээ болгон окуялар Американын ири университеттеринен башталат». Флорида университетинин мурунку профессору Сомий Урян 2024-жылы 11-майда «Ал-Жазира нет»те жарыяланган «АКШдагы студенттердин демонстрациялары... Акылдан тайган саясаттын аракеттери» деген макаласында айтат: «АКШнын байма-бай алмашкан администрациялары көптөгөн мамлекеттерге, Россия, Иран, Венесуэла, Түндүк Корея жана Кытайга адам укуктарын бузган деп санкцияларды киргизди. Бирок, бүгүн биз Кошмо Штаттар фалестиндик элге каршы (израиль) жасап жаткан мыйзамбузууларга атайылап көз жумуп жатканына күбө болуп жатабыз. Акыйкатта болсо, бул калк ансыз деле ондогон жылдардан бери ушул баскынчы мамлекеттин жырткычтыктарын башынан өткөрүп келишкен».

**4 –** Ыфлас Батыш фикирлери ачыкка чыккандыктан мусулмандар өз динине бекем амал кылып жатышканы. Чындыгында, Батыш университеттеринде болгон, дагы эле болуп жаткан окуялар мусулмандарды өз динине дагы да

бекем амал кылууга үндөдү. Мусулмандарга мурун Батыштын демократия, адам укуктары жана эркиндиктер сыяктуу идеологиясы чоң таасир кылган. Бирок, ушул окуялар бул сыяктуу түшүнүктөрдүн баарын кыйратты. Адамдарды ушул идеологияга токтолуп, аны текшере турган жана саясатчылар менен катардагы адамдардын ортосундагы айырманы түшүнүп жете турган кылды. «Форин афферс» журналында жарыяланган «Кошмо Штаттарда демократия кыйраса эмне болот?» деген макалада мындай делет: «Бүгүн Кошмо Штаттар дагы да күчөп жаткан антидемократиялык кыймылга туш келүүдө жана бул нерсе экстремисттердин сабында эле эмес, Америка администрациясынын жогорку кызматтагы жетекчилеринин чоң тобунда да көрүнүп жатат. Бул демократиялык шайлоолордун негиздерине коркунуч салган аракет. Эгер бул аракеттер ийгиликтүү болсо, Кошмо Штаттар демократия багытына амал кылбаган биринчи өнүккөн жасалма демократиялык мамлекетке т.а. демократия аалымдары белгилеген эркин жана адилеттүү шайлоолор үчүн минималдуу шарттарга жооп бере албаган мамлекетке айланышы мүмкүн». Макаланын автору минтип эскертет: «Американча демократиянын ийгиликсиздиги Америкага гана кыратуучу болуп калбастан, мунун келечекте терең дүйнөлүк акыбеттери болот. Себеби, учурда, Хантингтон баса белгилегендей, эркиндиктер жана демократия реалдуу курчоодо калган».

**Корутунда иретинде мындай дейбиз:** бүгүнкү күндө Батыш мамлекеттеринде болуп жаткан окуялар, өзгөчө, студенттердин демонстрациялары ансыз деле кулап жаткан бүгүнкү системанын структурасынын сөөктөрүн кемирүүчү курт болуп эсептелет. Бул курт чоңоюп, күчкө толуп ушул структураны кулатуу алдында турат. Негизи, бул системанын куураган дарагынын жалбырактары төгүлүп, бардык айыптары ачылып бүттү. Мына, анын акыркы чеби болгон эркиндиктер жана андан келип чыккан нерселер ойрон болду. Анын саясатчылары, алардын максаттары менен ушул саясатчылардын кызыкчылыгына кызмат кылып эзилген калктар ортосунда чоң жарака пайда болду. Себеби, 2008-жылдагы кризистен баштап, андагы экономикалык идеологиянын базар эркиндиги же базар саясаты сыяктуу өтө көп мууну сынды. Булардын бардыгы бизге андан мурунку

социалисттик системанын идеологиясын эске салып жатат. Ошондо курт анын бут-колдорун кемириши натыйжасында ал жерге кулап, ташка урулуп талкаланып кеткен.

Бул вакиълик жана тездешип жаткан ушул окуялар бизге эки нерсенин кушкабарын берет:

**Биринчи:** бул түзүмдүн бүтүндөй жок болушуна жана тарапкерлеринин ага ишеними өлүшүнө жакын калды. Мунун белгилери университеттердин окуясында ачык-айкын көрүндү. О.э. бул белгилер адамдардын Исламга кирүүгө умтула баштаганда да, капиталисттик идеология эркиндиктерди жана адам укуктарын коргобой жатат деп айыпталып жатканында да, бул идеологияны вакиъликте жүзөгө чыгаруу, коргоо жана туура колдонулушун камсыздоо үчүн программа жана механизмдин жоктугунда да көрүндү. Демек, бул ушул идеологиянын кемчиликтүү-жараксыздыгына далил.

**Экинчи:** бул туура эмес фикирлердин ордунда жогору илахий идеологиянын өнүгүшү. Бул жогоруда айтып өткөнүбүздөй, исламий өлкөлөрдөгү адамдар Батыштын идеологиясына, анын саясатына жана саясатчыларына көп жылдар азгырылышкандан кийин өз динине болгон ишенимдери күчөшүндө көрүндү.

Сөзүбүздү Аллах Азза ва Жалланын ушул сөзү менен корутундулайбыз:

﴿أَفَمَنْ أَسَّسَ بُنْيَـٰنَهُۥ عَلَىٰ تَقْوَىٰ مِنَ ٱللَّهِ وَرِضْوَٰنٍ خَيْرٌ أَم مَّنْ أَسَّسَ بُنْيَـٰنَهُۥ عَلَىٰ شَفَا جُرُفٍ هَارٍ فَٱنْهَارَ بِهِۦ فِى نَارِ جَهَنَّمَ ۗ وَٱللَّهُ لَا يَهْدِى ٱلْقَوْمَ ٱلظَّـٰلِمِينَ ۝ لَا يَزَالُ بُنْيَـٰنُهُمُ ٱلَّذِى بَنَوْا۟ رِيبَةً فِى قُلُوبِهِمْ إِلَّآ أَن تَقَطَّعَ قُلُوبُهُمْ ۗ وَٱللَّهُ عَلِيمٌ حَكِيمٌ﴾

***«Анан бул курулуштарын Аллахтан коркуу жана Анын ыраазылыгынын негизине курган адам жакшыраакпы же курулуштарына жемирилип бара жаткан жар жакасын негиз кылып алып, ошол себептүү өзү да тозок отуна кулаган адамбы?! Аллах мындай залим коумду хидаят кылбайт. Курган курулуштарынын*** *(бузуп ташталышы)* ***алардын көңүлдөрүндө шек-күмөн болуп калат. Бирок жүрөктөрү жарылып-жандары чыгып кетсе гана*** *(шек-күмөндөрү да жок болот)*. ***Аллах Билимдүү, Даанышман»*** [9:109-110] ❑

## БАТЫШ ХАЛИФАЛЫККА КАРШЫ КҮРӨШҮҮ МЕНЕН АНЫН ТИКЕЛЕНИШИН МОЮНГА АЛУУ ОРТОСУНДА

**Казы Абдуллах – Яман вилаяты**

Ислам өзүнүн бийлигине жана эл аралык саясат сахнасына кайтышына каршы глобалдуу кампанияга туш келди. Бул кампанияга Пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рошид Халифалыкты тикелөө аркылуу гана каршы турууга болот. Ал мамлекет катары ушул ачык согушка каршы тура алат. Биз Батыш саясатчылары, өкүмдарлары жана аскерий операцияларды алып барган командачылары аркылуу айткан билдирүүлөрүн ачыктоодон мурун негиз жөнүндө айтып өтмөкчүбүз. Ушундай бир негиз ал фитратка ылайык келет, акылды канааттандырат, жүрөктү кадыржам кылат жана мусулмандарды өз акыйдасында бекемдеп, Роббисинин убадасына жана Пайгамбарынын башаратына болгон ыйманын күчөтөт.

Куръани Карим аяттары мусулмандардын жүрөгүндөгү үмүтсүздүккө жана түшкүндүккө каршы күрөшүү жана алардын жүрөгүндө үмүт ойготуу үчүн келди. Т.а. Ислам үмүтсүздүктү харам кылды жана анын ордуна үмүттү берди, пессимизмди харам кылып, анын ордуна оптимизмге буйруду. Ошондуктан биз кудуретсиздерден айырмаланып, чоң үмүттөрдү кылган, айкөл, мээнеткеч, кайраттуу жана курбанчылыкка шашылган инсан болууну афзел көрөбүз. Белгилүү болгондой, адамдардын үмүттөрү жана амалдары канчалык айырмаланса, эркектердин эрки да ошончолук айырмаланат.

Биз Халифалык жакындашып калганын баса белгилеп, ашыра айтпайбыз жана Уммат жашап жаткан абалды көрсөтүүдөн ары өрпөйбүз. Бул жаатта Пайгамбарлык минхажы негизиндеги экинчи рошид Халифалыктын кайтышы жакындашып калганын башарат кылган шаръий нусустарга таянабыз. Набавий Шарифтин сийратын үйрөнүп чыксак, ушул нерсеге күбө болобуз – Расулуллах ﷺ рисалатты жеткирип кыйынчылыктарга жана азабдарга туш келди. Душман аны изоляцияга алып, бардык түрдөгү азаб жана кыйноолорду башына салды. Бирок, ага карабастан ал зат сабыр кылды жана баарын Аллахка тапшырды. Көп өтпөстөн, караңгылык жарыктыкка, кыйынчылык жеңилдикке өзгөрдү жана адамдар Аллахтын

динине топ-топ болуп киришти. Ислам тарыхын ишеничтүү булактардан үйрөнүп чыксак, Ислам тарыхынын графиги ийри-буйру экенин, кескин төмөндөп, кескин көтөрүлгөнүн, илахий мыйзамга ылайык жогорулап, төмөндөгөнүн көрөбүз. Бул мыйзам Аллахтын:

﴿وَتِلۡكَ ٱلۡأَيَّامُ نُدَاوِلُهَا بَيۡنَ ٱلنَّاسِ﴾

***«Бул күндөрдү*** *(т.а. жеңүү жана жеңилүү күндөрүн)* ***адамдар арасында айландырып турабыз»*** [3:140]

деген сөзү. Чынында, мусулмандардын абалы кээде бийиктеп, кээде төмөн түшүп турат. Мурунку айрым кылымдарда абдан төмөндөгөн, жада калса Хажарул Асвад тартып алынды, аны Карматийлер зордук менен алып кетишти жана чейрек кылым ошолордун колунда болду. Андан соң кайра ордуна кайтарылды. Монгол-татарлар Багдадды ээлеп, халифаны өлтүрүп, Ислам Умматын аёосуз кордошкондо Ислам тарыхы жарга кулады. Бирок кулаган тарых тезинен кайра тикеленди. Бир кылым өтпөстөн мусулмандар Австрия борбору Вена дубалдарына чейин жетишти. Андан мурун Андалусту басып өтүп Франциянын түштүгүнө жетишкен. Толкундардын ириминде айланып турган бул тарых – моюнга алыш керек болгон чындык. Демек, бүгүнкү күндө Ислам Умматынын башына түшкөн кыйынчылык жана мусибаттар мусулманды үмүтсүздүккө салбайт. Тескерисинче, ал сабыр кылышы лазым. Сабыр – ыймандын жарымы. Ислам Умматын оор жаракаттар жана ырайымсыз абал өз иримине тартып жаткан болсо да, бирок Аллахка болгон ишеничибиз чексиз. Анткени Куръаний аяттарда жана набавий сахих хадистерде ушундай бир сөздөр бар, жүрөктөрдү кадыржам кылат, дилдерге үмүт берип, келечек – Аллахтын урухсаты менен – ушул динге таандык болору жөнүндө Умматка кушхабар берет. Аллах Субханаху ва Таала айтат:

﴿فَإِنَّ مَعَ ٱلۡعُسۡرِ يُسۡرًا ۝ إِنَّ مَعَ ٱلۡعُسۡرِ يُسۡرًا﴾

***«Демек, албетте ар бир кыйынчылык менен бирге бир жеңилдик да бар. Албетте ар бир кыйынчылык менен бирге бир жеңилдик да бар»*** [94:5-6]

Расулуллах ﷺ айтат:

«بَشِّرُوا وَلَا تُنَفِّرُوا وَيَسِّرُوا وَلَا تُعَسِّرُوا»

**«Кушхабар бергиле, иренжитпегиле. Жеңилдеткиле, оорлоштурбагыла».** (Бухарий риваяты). Түн канчалык узун болбосун, Аллахтын урухсаты менен, шексиз таң атат. Андыктан, бул Умматта жакшылык – инша Аллах – кыяматка чейин түбөлүк болуп, бул жакшылыкты үрөй учурган бороондор да, катуу шамалдар да учура албайт. Караңгылык канчалык оор болбосун, Умматыбыз кыйынчылыктарды жеңип өтүүгө кудуреттүү, инша Аллах. Ал ар дайымкыдай – Аллахтын урухсаты менен – шексиз биригип, бир сап болот.

Расулубуз ﷺ келечек Исламга таандык экендиги жөнүндө башарат берген хадистер:

**Биринчи башарат:** Абдуллах ибн Амр ибн Ас رضي الله عنه риваят кылат: Расулуллах ﷺдан: “Я Расулуллах, кайсы шаар биринчи фатх болот, Константинополбу же Римби?”, деп сурашты.

«مَدِينَةُ هِرَقْلَ تُفْتَحُ أَوَّلًا»

**«Ираклий шаары биринчи фатх болот»**, деп жооб берди. (Имам Ахмад риваяты). Константинополь исламий тарыхта Исламбол деп таанылган азыркы Истамбул болуп эсептелет. Суроо ушул нерсени түшүндүрөт – сахабалар رضي الله عنهم эки шаардын фатх кылынышын билишкен, бирок алардын кайсы бири биринчи фатх болушун билмекчи болушуп, Ираклий шаары деген жообду алышты. Константинополду мусулман саркерде Мухаммад ибн Мурад фатх кылды, ал тарыхта саркерде Мухаммад Фатих деп белгилүү болгон. Ираклий шаары хижрий 857-жылы жумадулаввал, миладий 1453-жылы май айында фатх кылынды. Белгилүү болгондой, ушул улуу фатх монгол-татарлар Багдадга кирип, Халифалыкты кулатышкандан кийин эки кылым өтүп болду. Ошол монгол-татарлар учурунда адамдар Ислам төмөндүккө кетти деген ойго барышкан. Алар Ислам бул дүйнөдө эч качан бүтпөстүгүн унутушту. Анткени, дүйнөдө Ислам бүтсө, дүйнө өзү да бүтөт. Күн батып, жылдыздар өчүп, бүткүл аалам бүтөт. Бардык нерсеге кудуреттүү жана улуу Аллах Өзүнүн азиз Китебинде мындай деген:

﴿هُوَ ٱلَّذِيٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ﴾

***«Ал Өз Расулун Туура жол жана чындык дин менен – мушриктер каалашпаса да – бардык диндерге үстөм кылуу үчүн жиберген Зат»*** [9:33]

Башараттын кийинки бөлүгү т.а. Римдин фатх кылынышы калды. Бул албетте жүз берет, инша Аллах. Азыр инсандар, Аллахка хамд болсун, Аллахтын динине топ-топ болуп киришүүдө жана Аллахтын фазилети жана карамы менен, Европада инсандар динибизге ар күнү киришүүдө.

**Экинчи башарат:** Хузайфа ибн Яман ﵁ Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللَّهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ. ثُمَّ سَكَتَ».

**«Силердин араңарда Аллах каалаганча пайгамбарлык уланат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот.** Андан соң Пайгамбар ﷺ сүкүт кылды**»**. (Имам Ахмад риваяты). Бул хадис Халифалыктын шексиз келишин жана күмөнгө баргандар, Ислам жана мусулмандарды жаман көрүп, душмандык кылгандар каалашпаса да, Ислам шексиз тикеленишин, анткени ал бүткүл инсаниятка жакшылык жеткирген хак жана адилет дини экенин баян кылууда.

**Үчүнчү башарат:** Савбан Расулуллах ﷺдын мындай дегенин риваят кылат:

«إِنَّ اللَّهَ زَوَى لِيَ الْأَرْضَ فَرَأَيْتُ مَشَارِقَهَا وَمَغَارِبَهَا وَإِنَّ أُمَّتِي سَيَبْلُغُ مُلْكُهَا مَا زُوِيَ لِي مِنْهَا»

**«Аллах жерди мага чогултуп көрсөттү, ошондо анын күн чыгышынан күн батышына чейинки бардык жайларын көрдүм. Умматымдын мүлкү мага чогултуп көрсөтүлгөн жайларга чейин жетип бараары анык».** (Имам Муслим риваяты). Бул хадис Ислам мамлекети кеңейип, чыгыш жана батышты т.а. бүткүл жер жүзүн – Аллахтын урухсаты менен – өз ичине аларынын кушхабарын айтууда.

**Төртүнчү башарат:** Расулуллах ﷺ мындай деди:

«لَا تَزَالُ طَائِفَةٌ مِنْ أُمَّتِي ظَاهِرِينَ عَلَى الْحَقِّ لَا يَضُرُّهُمْ مَنْ خَذَلَهُمْ حَتَّى يَأْتِيَ أَمْرُ اللَّهِ وَهُمْ كَذَلِكَ»

**«Умматымдын бир тайпасы хак үстүндө үстөм абалда болот. Жардамсыз таштап койгондор аларга зыян жеткире алышпайт жана шексиз алар ушинтип турушканда Аллахтын буйругу келет».** (Имам Муслим риваяты). Дагы бир риваятта:

«لَا يَضُرُّهُمْ مَنْ خَالَفَهُمْ إِلَّا مَا أَصَابَهُمْ مِنْ لَأْوَاءَ حَتَّى يَأْتِيَهُمْ أَمْرُ اللَّهِ وَهُمْ كَذَلِكَ»

**«Аларга каршы чыккандар аларга зыян жеткире алышпайт, өздөрүнө жеткен мусибаттан башка. Алар ушинтип турушканда Аллахтын буйругу келет»**, делген. “Я Расулуллах, алар каерде болушат?”, деп суралганда, Расулуллах ﷺ:

«بِبَيْتِ الْمَقْدِسِ وَأَكْنَافِ بَيْتِ الْمَقْدِسِ»

**«Байтул Макдисте жана Байтул Макдистин айланасында»**, деди. (Имам Ахмад риваяты). Бул жерде Расул акрам ﷺ Умматта жакшылык – инша Аллах – кыяматка чейин болорун баян кылууда. О.э. Куддуста жана Куддустун тегерегинде жашаган мусулмандарды мактап, инша Аллах, алардын арасынан бир мансур тайпа чыгышын, Куддус, Уммат кабылган ушунча мусибаттарга карабастан, кыямат күнүнө чейин Ислам сепили болорун, анын эли Фалестиндеги исламий ыйык нерселерди Ислам Умматынын өкүлү катары коргогон ок болушун айтты.

Ушул башараттар келечек – инша Аллах – ушул динге таандык экендигин баса белгилөөдө. Ошондуктан биз Исламдын кайтышына жана анын мабдасы кайра дагы дүйнөдө жеңип чыгышынына таптакыр үмүтсүз болбойбуз. Анткени Расулуллах ﷺ мындай деди:

«لَيَبْلُغَنَّ هَذَا الْأَمْرُ مَا بَلَغَ اللَّيْلُ وَالنَّهَارُ، وَلاَ يَتْرُكُ اللَّهُ بَيْتَ مَدَرٍ وَلاَ وَبَرٍ إِلَّا أَدْخَلَهُ اللَّهُ هَذَا الدِّينَ بِعِزِّ عَزِيزٍ أَوْ بِذُلِّ ذَلِيلٍ، عِزًّا يُعِزُّ اللَّهُ بِهِ الْإِسْلَامَ، وَذُلاًّ يُذِلُّ اللَّهُ بِهِ الْكُفْرَ»

**«Бул иш күн жана түн жеткен жерге чейин жетип барат. Аллах бир да отурукташкандын, көчмөнчүнүн үйүн калтырбастан, ага бул динди азиздин азиздиги жана кордун кордугу менен киргизет. Ушундай бир азиздик, Аллах аны менен Ислам динин азиз кылат, ушундай бир кордук, Аллах аны менен куфрду кор кылат».** (Имам Ахмад риваяты). Бул хадис Аллах Тааланын Куръани Каримдеги ушул каламына тастыктоо катары келген:

﴿هُوَ ٱلَّذِىٓ أَرۡسَلَ رَسُولَهُۥ بِٱلۡهُدَىٰ وَدِينِ ٱلۡحَقِّ لِيُظۡهِرَهُۥ عَلَى ٱلدِّينِ كُلِّهِۦ وَلَوۡ كَرِهَ ٱلۡمُشۡرِكُونَ﴾

***«Ал** (Аллах) **Расулун хидаят жана акыйкат дин менен – мушриктер каалашпаса да – бардык диндерден үстөм кылуу үчүн жиберген Зат»*** [61:9]

Мына, Роббибиздин каламынан цитата келтирдик жана анын артынан нафс-каалоосуна таянып сүйлөбөгөн заттын сөздөрүн келтирдик. Эми, Батыштын маанилүү саясий адамдарынын жана жетекчилеринин Халифалык жөнүндөгү билдирүүлөрүнөн жана эскертүүлөрүнөн мисал келтиребиз. Алар Исламга ачык-айкын күрөшкөн жана Умматыбызды эң катуу кыргын кылган кимселер болуп эсептелет. Мурунку АКШ президенти Барак Обама өз билдирүүсүндө «жихадчыларга Сирия жана Ирак жерлеринде Исламий Халифалык мамлекетин курушуна таптакыр жол бербестигин» баса белгиледи. Бул билдирүү жөнү жок айтылбады, ал акыркы жылдарда Батыш дунясынын жетекчилери арасында ачык жарыя кылынган сапарбарлык абалына карата айтылды. Муну менен бешинчи рошид Халифалыктын тикеленишинен эскертилди. Анткени көпчүлүк мусулмандар Халифалыкка умтулуп, ал Шам диярына кайра келиши туурасындагы нусустарга таянып аны күтүп жатышат.

Обамадан мурун АКШнын мурунку жетекчиси Жорж Буш Ирак басып алынгандан кийин көп иш-чараларда Исламий Халифалыкты тикелөөгө чакырып жаткан топтор күчөп бара жатканын жана аларды адамдар колдоп жатканын эскертти. Ал 2005-жылдын 6-октябрындагы билдирүүсүндө: «Эгер фундаменталисттер бир мамлекетке өкүмдар болушса, бул көптөгөн мусулмандардын биригишине жана региондогу

бардык режимдерди кулатып, Испаниядан Индонезияга чейинки Ислам фундаменталисттик империясынын орнотулушуна алып келет», - деди.

Британиянын мурунку премьер-министри Тони Блэр 2005-жылы 16-июлда Лейбористтер партиясынын конференциясында сүйлөгөн сөзүндө баарынан душманчыл экенин көрсөттү: «Биздин алдыбызда ушундай кыймыл турат, алар Ислам Умматы үчүн Халифалыкты тикелөө аркылуу “Израиль” мамлекетин жок кылууга, Батышты Ислам дүйнөсүнөн кууп чыгарууга жана Ислам дүйнөсүн шарият мыйзамдары менен башкарган Ислам мамлекетин тикелөөгө умтулушууда». Тони Блэр ошол кезде АКШ жана Британиянын Ирактан чыгуусунун акыбетинен эскертип: «Ирактан азыр чыгып кетүү Жакынкы Чыгышта Халифалыктын тикеленишине алып келет», - деди.

Франциянын мурунку президенти Николя Саркози жана бир катар европалык саясий жана аскерий лидерлер да 2001-жылдын 11-сентябрь окуяларынан кийин берген билдирүүлөрүндө Буш жана Блэрди ээрчишти. Алардын бири-бирине шайкеш билдирүүлөрү жетекчинин жөн гана бир тынчсыздануусу эмес, алар изилдөөлөргө негизделген олуттуу сөздөр. Бул изилдөөлөрдүн эң маанилүүсү 2005-жылы «Руби Лаффоон Париж басылма фонду» тарабынан чыгарылган отчёт болсо керек. «АКШ разведкасы 2020-жылды кандай көрүп жатат?» деп аталган бул изилдөөдө бир катар америкалык эксперттердин божомолдору көрсөтүлдү. Бул божомолдордун башында социолог жана келечекти божомолдоо боюнча башкы эксперт, «Келечек соккусу» китебинин автору Элвин Тоффлер жана БУУ даярдаган «Миң жылдык» долбоорунун башкы эксперти Тед Гордон жана Вашингтондогу Борбордук Разведка Башкармалыгы үчүн эки жыл иштеген башка америкалык белгилүү эксперттердин божомолу турат. Алар өздөрүндөгү далилдерге таянып ошол күндөн тартып 15 жылдан кийинки дунянын абалы жөнүндө олуттуу отчёт даярдашты. Отчёттун корутундусунда ошол жылдан баштап 2020-жылга чейин саясий Ислам глобалдуу масштабда кеңири жайылышы, этникалык жана улуттук исламий кыймылдар бир-бири менен байланып, улуттук чегаралардан тыш бийликти тикелөөгө умтулушу баса белгиленген.

Ошентип, Америка жана анын Батыш лагердеги союздаштары Исламий Халифалыктын кайтышына жол бербөө үчүн убакыттан утууга киришип, бардык мүмкүнчүлүктөрүн ишке салышты. Жада калса бул үчүн Батыш мамлекеттери Араб мамлекеттери жана Иран ортосунда эл аралык коалиция түзүүгө туура келди жана мабдага негизделген бирер жамааттын бийликке келип, региондогу режимдерди өзгөртүшүнө мүмкүнчүлүк берген өнүккөн куралдарга ээ болушун алдын алуу үчүн кечеги шериктер кайра биригишти.

Муну менен Америка бир катар эксперттердин кеңешинен жүз үйрүдү. Алар реалдуулуктагы фактыга макул болуу зарылдыгын жана кайтышы анык Исламий Халифалыкка кандай мамиле кылуу керектигин Ак үйгө кеңеш беришкен. Америкалык жазуучу Жей Толсондун фикирине ылайык «Батыш Халифалык идеясын туура түшүндү, аны коркунуч туудурган абстрактуу түшүнүк деп эсептеди. Бирок, Халифалык Ислам дүйнөсүнүн маданий зээнинде терең тамыр жайган». Америкалык саясий талдоочу жана жазуучу Жон Ши ошол кездеги АКШ президенти Обамага кат жазып, аны бешинчи рошид Халифалык менен мунаса кылуу эшигин ачууга чакырды. Анткени ал Америка күчтөрү Халифалыкка каршы күрөшкө же аны жок кылууга кудуреттүү эместигин баса белгилеп, мындай деген: «Ачык-айкын чындык ушул: дунядагы эч бир армия – канчалык жакшы куралданган болбосун – акыйдавий мафкураны таптакыр жеңе албайт. Муну моюнга алышыбыз керек. Биз Жакынкы Чыгыштагы ар бир мамлекетте Халифалык мафкурасынын жетекчилерин камап, алардын китебдерин өрттөп жок кыла албайбыз. Анткени мусулмандар ортосунда бул фикир жөнүндө тилектешик бар. Бүгүн Жакынкы Чыгыш Европа мамлекеттерининин бириккен экономикалык кубатына туш келүүдө жана бул чындык. Бирок, ушуну унутпайлы, эртең Батыш да бешинчи рошид Халифалыктын бириккен кубатына туш келет».

АКШнын мурунку президенти Обаманын ички коопсуздук боюнча кеңешчиси Мухаммад Эбиари баарынан ашып өттү. Ал Американы Исламий Халифалыктын тикеленишине каршы туруудан эскертип, Кошмо Штаттар үчүн жалгыз мүмкүнчүлүк Халифалыкты Европа сыяктуу уюшкан түзүмгө айлантуу экендигин баса белгиледи. Бирок, бул ишке ашмак беле.

Анткени Халифалыкты тизгиндөөнүн мүмкүнчүлүгү жок. Ал өзүнчө көз карандысыз вужуд. Анын теңдешсиз жашоо таризи бар. О.э. АКШнын мурунку мамлекеттик катчысы Генри Киссинжердин Кэмп-Дэвид келишими түзүлөрү артынан ошол кездеги яхудий вужудунун премьер-министри Менахем Бегинге берген кеңешин таптакыр унутпайбыз. Ал мындай деген: «Мен сага уктап жаткан умматты берип жатамын. Проблема ушул – ал уктап жатат, өлгөн жок. Андыктан, колуңдан келгенче уктап жатканынан натыйжалуу пайдаланып кал. Анткени ал ойгонсо, кылымдап жоготкон нерсесин саналуу жылдар ичинде эле кайтарып алат». Ошентип, яхудийлер Ислам Умматынын ондогон жылдардан бери уктап жатканынан пайдаланып, Фалестин жерине өкүмдар болушту жана көптөгөн Батыш мамлекеттеринин жетекчилерин жана коңшулаш араб мамлекеттеринин өкүмдарларын яхудий вужудунун коопсуздугун жана кызыкчылыгын коргоого өз элинин коопсуздугун жана кызыкчылыгын коргоодон көбүрөөк кам көрө турган кылды. Бирок алардын көпчүлүгү бүгүн Киссинжердин эскертүүлөрүнөн болуп көрбөгөндөй коркуп калышты. Анткени өздөрү көрүп турушкандай, жер жүзүнүн чыгыш-батышындагы мусулмандар бир кылымдан ашуун Ислам Умматы башынан өткөрүп жаткан кордуктан тажашканын жарыя кылышууда жана Пайгамбарлык заманынан кийин рошид Халифалык заманында болгон даңкын кайра тикелөөгө умтулушууда. Алардын ушул атак-даңкы Умавийлер, Аббасийлер жана Усманийлер доорунда, 1924-жылы Халифалык кулатылганга чейин уланды. Мисрлик кибтий жазуучу доктор Рафик Хабиб өз макаласында ушуларды баса белгилейт: «Бир Ислам мамлекетин тикелөө идеясы Батыш мамлекеттеринин назарында улуу мамлекет түзүлүшүн куруу долбоорун түшүндүрөт. Мунун артында бул мамлекет бүгүнкү күндө дүнянын улуу күчтөрү болгон Батыш жана Америкага каршы күрөшөт, деген маани жатат. Батыш башка мамлекеттерден үстөм болуп түбөлүк кала албайт. Анткени Исламий биримдик мамлекети курулса, тез арада Батыштын түштүк чегараларында жайгашып, Батышты дүнянын калган мамлекеттеринен үзүп коёт, дүйнөнүн жүрөгүн ээлейт. Андыктан, качан Ислам мамлекети тикеленсе, Батыш ири державалыгын уланта албайт. Мындан да эң маанилүүсү,

Батыш цивилизациясынын (хазаратынын) дуняда өкүмдарлык кылып жаткан цивилизация катары ролу бүтөт. Ошондуктан колонизатор Батыш мамлекеттери бул ийгиликти Халифалыкты кайтарууга каршы реалдуу тоскоолдук болгон себебдер, шарттар жана пландар менен курчап алышы табигый жана күтүлгөн нерсе. Ким колонизатор Батыш күчтөрүнүн Халифалык мамлекетинин тарыхы жана анын күтүлүп жаткан келечеги жөнүндөгү көз караштарын аңдап жетсе, бул күчтөр ушул мамлекеттин кайтышына тоскоолдук кылууга канчалык катуу көңүл буруп жатканын да түшүнүп жетет. Эгер бир Ислам мамлекети тикеленсе, глобалдашуу арзуусу т.а. либерал Батыштын дуняга гегемондук кылуу арзуусу бүтөт. Анткени Ислам мамлекети албетте дунянын салмактуу бөлүгүнө өкүмдар болот. Муну менен Батыш цивилизациясына каршы атаандашкан башка хазаратты алып келет жана Батыш цивилизациясынын дуняга гегемондук кылышына чекит коёт. Бир Ислам мамлекети арзуусу Батышка түрдүү доорлордогу Ислам мамлекети менен болгон тарыхын эске салууда. Ал кезде Батыш Исламий Халифалык мамлекети кулатылмайынча өз гегемондугун жана глобалдуу лидерлигин жүзөгө чыгара албаган. Себеби, Халифалык мамлекети Батыш мамлекеттерине дүйнөлүк хазарий коркунуч болгон».

Доктор Рафик Хабиб айткандай, Батыш Халифалыктын тикеленишине жол бербөө үчүн мусулмандарга тоскоолдук кылууну көздөйт. Мындан улам, колонизатор мамлекеттер Халифалыктын кайтышына жол бербөө жана анын идеясына каршы күрөшүү үчүн көптөгөн жолдордон жана усулдардан пайдаланышат. Алардын айрымдарын көрсөтүп өтөбүз:

1 – Саясий адаштыруу. Бул услуб бардык мусулман өлкөлөрүндө жалпы саясат катары Батышка моюн сунууга алып келди. Акыбетте режимдер Батышка дагы да көбүрөөк кулдук кылып калышты жана алардын колонизаторлуктун кишенинен азат болуу мүмкүнчүлүгүн азайтты.

2 – Мафкуравий адаштыруу. Бул Батыш фикирлерине Ислам кийимин кийдирип Ислам Умматына сиңдирүү. Бул таълим дастурлары, маалымат каражаттары, Батыш фикирлерине ишенип, үгүттөгөн батышпарас партиялар жана жазуучулар, арамза сарай уламалары аркылуу ишке ашырылат.

3 – Маалымат каражаттары жана катуу көзөмөл. Бул көзөмөлдү Батыш күчтөрү Халифалык мафкурасына, долбооруна, бул долбоорго алакадар бардык иш-чараларга, иш-аракеттерге жана фикирлерге каршы орноткон.

4 – Батыш күчтөрүнүн саадагында калган эң акыркы ок бул "муътадил" деп жатышкан исламий кыймылдар. Алар бул кыймылдар аркылуу аты исламий, бирок Батышка берилген, Халифалык долбоорун жок кылган башкаруу моделин орнотууга аракет кылышат. Бул үчүн Батыш аны Умматка үлгү кылып көрсөтүүдө. Бирок Уммат тез арада бул үлгүнүн майнапсыздыгын, көз карандылыгын жана Ислам мабдасынан алыстыгын ачыкка чыгарды.

Батыш саясатчыларынын жана жетекчилеринин Халифалыкка каршы күрөшүүгө чакырган жана андан эскерткен билдирүүлөрүн келтиргенибизден кийин дагы да маанилүү билдирүүлөрүн жана иш-аракеттерин айтып өтөбүз. Бул билдирүү жана иш-аракеттер колонизатор Батыш күчтөрүнүн Халифалык кайтышынан канчалык коркуп жатышканын, аны кечиктирүү үчүн региондо согуш чыгарууга өтүшкөнүн көрсөтүүдө. Лекин алар буга жетише алышпайт. Анткени алда качан убак-сааты келген мафкурага жана жүзөгө чыгышы белгиленген долбоорго таптакыр каршы тура алышпайт. Бул билдирүүлөрдүн негизгиси Байдендин Пакистан жөнүндө «мени көбүрөөк кабатырга салып жаткан нерсе Афганистан дагы, Ирак дагы, Ирандын ядролук кризиси да эмес, ал - Пакистан» деген сөзү болду. Ал кийин: «Билемин, Пакистан чоң өлкө, колунда ядролук куралы бар, ал жерде экстремисттик калктын маанилүү азчылыгы жашайт», - деди. Анын бул билдирүүсү көптөгөн расмийлердин жана эксперттердин кабатырланган билдирүүлөрүнүн жана Пакистан келе жаткан Халифалыктын борбору болушунан эскертүүлөрүнүн фонунда айтылды. 2009-жылы 24-ноябрда Аризонадагы «Форт Хуачука»дагы армия разведка борборунун командачысы генерал-майор Жон М. Кастер "Вашингтон Таймс" гезитине берген интервьюсунда мындай деди: «Эски аскерий командачылар бизди жакшы көрүшөт, Америка маданиятын түшүнүшөт жана биздин душман эместигибизди билишет. Бирок алар азыр куралдуу күчтөрдөн тышкарыда». БРБнын башкы командачысы Дэвид Петреустун кеңешчиси

Дэвид Килкуллен 2009-жылы мартта «Вашингтон Пост» гезитинде чыккан билдирүүсүндө мындай деди: «Пакистанда 173 миллион калк, 100 ядролук бөрктөр жана АКШ армиясынан чоң армия бар... Биз Пакистан режими алты ай ичинде кулашы мүмкүн болгон доорго келдик... Экстремисттердин бул режимди кулатышы бүгүнкү күндө терроризмге каршы күрөшүү үчүн көргөн бардык чараларыбызды жокко чыгарат». 2009-жылы 2-декабрда Пакистандын “Geo” каналында АКШ мамлекет катчысы Хиллари Клинтон Пакистандагы Халифалык үчүн болуп жаткан иш-аракеттен кабатырда экенин билдирди.

Бул билдирүүлөр элге ашкере болгон. Мындан ондогон жылдар мурун айтылганына карабастан, алар бүгүн болбосо, эртең анын тикеленишин божомол кылып жатышканынан бул күтүлүп жаткан Халифалыктан коркуп жатышканы даана маалым болууда. Айрымдары аны 2020-жылы тикеленишин божомол кылышты, маселен, БРБнын Виржиниядагы улуттук разведка идарасы чыгарган «Глобалдык келечекти белгилөө» деген отчётто жана Россия Мамлекеттик Думасынын төрагасынын мурунку орун басары Михаил Юрьев билдирүүсүндө келгендей.

Бул билдирүүлөр биз баса белгилеген Халифалык жакындашып жаткандыгынын жалгыз далили эмес. Мунун эң күчтүү жана ачык-айкын далили Уммат жашап жаткан реалдуулук. Анткени бүгүн Ислам Умматы Халифалыкка, биригүүгө, жашоонун бардык тармактарында шарияттын колдонулушуна катуу умтулуп жатат. Ал Исламына болуп көрбөгөндөй бекем амал кылган, анын жолунда ар кандай курбандыктарды берүүгө даяр Умматка айланды. Буга аны үндөп жаткан нерсе – акыйдавий түшүнүгүнүн кеңейгени жана мындай жаман абалдан чыгуунун жалгыз жолу Ислам мамлекетинин тикелениши деп билип жатканы. Бүгүн Умматта «Бул иш башында эмне менен оңдолсо, бүгүн да ошол нерсе менен оңдолот» деген ураан амалий түшүнүккө айланды. Ислам Умматын минип алган өкүмдарлардын да айыптары ачык-айкын ашкере болуп, Умматка жана анын хазарий долбооруна каршы ашынган душманга айланышты. Алар Исламга каршы күрөштө АКШ жана Батышка шерик. Өкүмдарлар эле эмес, Батыш күчтөрү ким экендиги ачылып, ушунча үлкөн аскерий техникага ээ экенине карабастан,

армиялары да, аскерий кубаты да начар экендиги ачыкталып калды. НАТО Афганистанда ушундай бир үрөй учурган абалды башынан өткөрдү дейсиң, анын тынчын армия жана Уммат бузбады, бир топ мусулмандар эле бузду. Жада калса НАТО кошууну арасындагылар Афганистандагы мужахиддердин чабуулдарынан коргонуу үчүн акча төлөп келишкенине да күбө болдук. О.э. яхудий вужудунун армиясы – Батыштан ушунча күч жана курал-жарак менен камсыздалып жатканына карабастан – аз сандагы газалык мужахиддерге туш келгенде артын карабастан качып жатышканына күбө болдук, дале күбө болуп жатабыз. Бул жеңилген кафир Батыштын психологиялык жана согуштук абалы болсо, мунусу азаб-кыйынчылыкта жашап жаткан Умматтын абалы жана бул Ислам Умматы жакындашып келе жаткан Халифалык мамлекетин өз кучагына алууга даяр экенин ырастап турат. Анткени Халифалык анын назарында курулай кыял жана арзуу эмес, эртең боло турган реалдуулукка айланды.

Батыш соңку жылдарда өткөргөн көптөгөн сурамжылоолор мусулмандардын 70%ы Исламий Халифалыктын кайтышын колдорун, алардын көпчүлүгү Халифалык көз ачып жумганча тикеленет деп эсептеп жатышканын көрсөттү. Андыктан, Батыш дүйнөсү, жакшысы, бул жааттагы божомолун кайрадан карап чыкканы макул. Батыш өзүнүн акылдуу жарандарынын кеңештерине кулак салсын. Тактыны коргоо үчүн согушка кирүүнү кеңеш берип жаткан кимселердин келжирегине кулак салбасын. Анткени алар билген нерселаринин баарын унуткан эң жаман күндү көрүүгө (т.а. өзүн башкара албаган карылыкка) кайтарылган кимселер. Маселен, Фиръавн куткаруучу пайгамбардын чыгышын алдын алмакчы болду жана ыйман келтиргендердин жаңы туулган балдарын бирин калтырбай өлтүрүүнү буйруду. Бирок Аллах Өз эрки менен, аны шерменде кылды жана Муса عليه السلام Фиръавндын үйүндө жана аялынын кучагында чоңоюшун, жада калса анын өлүмү да Муса عليه السلامдын колу менен болорун такдыр кылды. Бечара инсандарга ырайым кылып, аларды Фиръавндын салтанатына, сарайларына жана казыналарына мураскор кылды.

**Корутунду:** биз Батыш муфаккирлеринин билдирүүлөрү арасында европалык Бернард Шоудун билдирүүсүнөн өткөн ачык-айкын билдирүүнү таппадык. Ал мындай деген: «Бүгүн

бүткүл дүйнө Мухаммад ﷺдай бир кишиге мухтаж. Анткени ал дүйнөнүн проблемасын бир чыны кофе ичип жатып чечип коймок». Бул сөз дуня бардык социалисттик жана капиталисттик мафкуралардан баш тарткандыгынын жаркын далалаты жана дуня ушул динди үйрөнүшү, саййидибиз Мухаммад ﷺдын рисалатына ыйман келтириши жана Ислам негиздерин ишке ашырышы лазым. Мына ошондо бүткүл адамзат Аллахтын урухсаты менен тынч кадыржам жашоого жетет. ❑

## ГАЗА КАЛКЫНА НУСРАТ БЕРҮҮ ҮЧҮН ИСЛАМ УММАТЫНЫН УЛАМАЛАРЫНА КАЙРЫЛУУ

**Жамал Хумайсий**
**Яман вилаяты**

Оо, Ислам Умматынын уламалары! Биз Расулуллах ﷺ айткан гарибдер заманында жашап жатабыз:

«بَدَأَ الْإِسْلَامُ غَرِيبًا وَسَيَعُودُ غَرِيبًا فَطُوبَى لِلْغُرَبَاءِ»

**«Ислам гариб болуп башталды, кайра гариб болуп кайтат. Гарибдерге бейиш болсун».**

**Эй, уламалар!** Силер бул заманда чөгүп бара жаткандарды – Аллахтын урухсаты менен – куткара турган куткаруу курусуңар. Себеби, фитна караңгылыгында көздөр сокур болуп калганда акыйкатты көрө алчулар – бул уламалар. Аллах уламаларды ушундай бийик даражага көтөргөн, ага мусулмандар көздөрү жана жүрөктөрү менен талпынышат. Аллах Таала айтат:

﴿يَرۡفَعِ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡعِلۡمَ دَرَجَٰتٖۚ وَٱللَّهُ بِمَا تَعۡمَلُونَ خَبِيرٞ﴾

***«Аллах силерден ыйман келтиргендерди жана илим тартуу этилгендерди*** *(бийик)* ***даража-мартабаларга көтөрөт. Аллах кылып жаткан амалыңардан кабардар»*** [58:11]

Аллах эмнеге уламаларды мындай жогору деңгээлге көтөрдү. Себеби, мусулмандар кыйынчылыктарда ар дайым уламаларга кайрылышкан, алардын сөздөрүнө жана көрсөтмөлөрүнө таянышкан. Аллах уламалардын жоопкерчилигине Умматтын тагдырий маселелери алдында – айрыкча азыркы учурда – көптөгөн вазыйпаларды жүктөгөн.

**Эй, уламалар!** Газада кишилер, аялдар жана наристелер массалык түрдө кыргын кылынып, ал тургай, бак-дарак жана тоо-таш да аман калбаганы силерге жүктөлгөн жоопкерчиликти козгобой жатабы?! Аллах силерден алган убада-шерт силерге түрткү болбой жатабы?!

﴿وَإِذۡ أَخَذَ ٱللَّهُ مِيثَٰقَ ٱلَّذِينَ أُوتُواْ ٱلۡكِتَٰبَ لَتُبَيِّنُنَّهُۥ لِلنَّاسِ وَلَا تَكۡتُمُونَهُۥ فَنَبَذُوهُ وَرَآءَ ظُهُورِهِمۡ وَٱشۡتَرَوۡاْ بِهِۦ ثَمَنٗا قَلِيلٗاۖ فَبِئۡسَ مَا يَشۡتَرُونَ﴾

***«Эстегин, Аллах китеп берилген кишилерге «албетте ал Китепти адамдарга ачык баян кыласыңар жана***

***жашырбайсыңар!» – деп убада-шерт алган эле. Кийин алар бул убада-шертерин арттарына таштаашты жана аны арзан баа нерселерге алмаштырып жиберишти, алардын бул алды-саттылары кандай жаман нерсе!»*** [3:187]

Ошондуктан, эй, уламалар, Аллахтан коркуп, акыйкат сөздү айтышыңар, Умматка шаръий вазыйпаны баян кылышыңар, бөлүнүү жана Сайкс-Пико чегаралары негизинде ыдыроону четке кагып, Умматтын бирдигин талап кыла турган түшүнүктү жайышыңар зарыл.

Уламаларга ушуну түшүндүрүү вазыйпасы жүктөлгөн – Ислам Умматынын биригиши шаръий болуп, Халык Субханаху ушуга буюрган жана муну нусратка жетүүгө жана жер жүзүндө үстөм болуууга себеп жана мыйзам кылып койгон. Аллах Таала айтат:

﴿وَٱعۡتَصِمُواْ بِحَبۡلِ ٱللَّهِ جَمِيعٗا وَلَا تَفَرَّقُواْ﴾

***«Бардыгыңар Аллахтын арканына*** *(Куръанга)* ***байлангыла жана бөлүнбөгүлө!»*** [3:103]

﴿وَأَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥ وَلَا تَنَٰزَعُواْ فَتَفۡشَلُواْ وَتَذۡهَبَ رِيحُكُمۡۖ وَٱصۡبِرُوٓاْۚ إِنَّ ٱللَّهَ مَعَ ٱلصَّٰبِرِينَ﴾

***«Аллахка жана Анын Расулуна итаат кылгыла жана*** *(өз ара)* ***талашып-тартышпагыла, антпесе араңар суздашып, күч-кубатыңар кетет. Сабыр кылгыла! Албетте, Аллах сабыр кылуучулар менен бирге!»*** [8:46]

**Эй, Уммат уламалары!** Газада эле эмес, бүткүл дүйнөдө мусулмандардын башына түшүп жаткан мусибаттардын жалгыз себеби – бул бөлүнүү. Демек, силер сүкүт кылуу менен, ага үгүттөө менен бөлүнүүгө шерик болбогула.

**Эй, Уммат уламалары!** Мусулмандардын бөлүнүшү өтө кооптуу экенин түшүнүшүңө үчүн Газадагы мусулмандардын башына түшүп жаткан ушунча азабдар азбы?! Муну түшүнүшүңөр үчүн ал жердеги кыргын жана ойрондулуктар жетпейби?! Аллахка ант, Уммат бирикмейинче эч качан азиздик жана күч-кубатка жетпейт. Мусулмандар кайра баригишмейинче, кайда болушпасын, жаны жана намыстары корголмоюнча нусрат таптакыр келбешине жүрөгүңөрдө ишеним пайда болушу үчүн аялдар-балдардын кыргыны жетиштүү эмеспи?!

Силердин, уламалардын ролу – маал-маалы менен болбогур сөздөрдү айтып, шерменде позицияны кармангыдай – өткүнчү эмес. Деги, бул Уммат кабылган оор мусибаттар алдында эч нерсе эмес го. Жок, тескерисинче, бул мойнуңардагы чечүүчү роль жана шаръий фарз болуп, Усманий Халифалык мамлекети кулатылганда Уммат башына түшкөн эң чоң кыйроодон бери ар дайым бар болуп турат. Себеби, ошол үлкөн кырсык себептүү Уммат мына ушундай кор-зар абалга түштү. Ушул даражада дейсиң, Уммат доңуз жана маймылдардын урпагы болгон яхудийлер кыргын кылып жаткан Газа калкына жардам бере албай жатат. Бирок, силердин көзүңөр муну көрүп, оозуңар туура эмес сүйлөп же келжиреп жатат!

**Эй, Уммат уламалары!** Силердин бүгүнкү баскычта Умматтын Исламий Халифалык байрагы астында кайра биригүү идеясын бекемдөөдө өзүнчө-маанилүү ролуңар бар. Имам Маликтин «Бул Умматтын акыры башы эмне менен оңдолгон нерсе менен гана оңдолот» деген сөздөрүн эстегиле. Шексиз, бул Умматтын башы Ислам менен, анын акыйда жана түзүмү менен, Аллахтын ишин кылып, акысын өтөп, Анын жолунда жихад кылуу менен болду. Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалыкты кайтарып, мусулмандардын халифасына жер жүзүнүн батышы-чыгышындагы бардык мусулмандар байъат бериши аркылуу Исламды акыйда жана түзүм катары колдонууга кайтпасак, бул абалыбыз таптакыр оңдолбойт. Абу Хурайра ﵁: Мен Расулуллах ﷺдын мындай дегенин уккам, деди:

«إِنَّمَا الْإِمَامُ جُنَّةٌ يُقَاتَلُ مِنْ وَرَائِهِ وَيُتَّقَى بِهِ»

**«Имам-халифа – анын артында туруп согуш кылына турган жана аны менен корголо турган калкан».**

Силердин вазыйпаңар, эй, уламалар, яхудийлердин кылмыштарын каралоо же колдорунан эч нерсе келбей жаткан катардагы адамдарга кайрылуу эмес. Согушту токтотуу үчүн Коопсуздук Кеңешинин аралашуусун талап кылуу да силердин вазыйпаңарга кирбейт. Бул начар жана кор позицияңар менен Аллах Тааланын бул буйругуна тескери иш кылып жатасыңар:

﴿أَلَمْ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزْعُمُونَ أَنَّهُمْ ءَامَنُوا۟ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيْكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبْلِكَ يُرِيدُونَ أَن يَتَحَاكَمُوٓا۟ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدْ أُمِرُوٓا۟ أَن يَكْفُرُوا۟ بِهِۦ وَيُرِيدُ ٱلشَّيْطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمْ ضَلَٰلًۢا بَعِيدًا﴾

**«***(Эй, Мухаммад)***, өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге** *(Куръанга)* **жана сенден мурда түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген деп эсептеген** *(айрым)* **кимселер шайтанга өкүм сурап барууну каалап жатышканын көрбөдүңбү, акыйкатта болсо аларга ага ишенбөө буйрулган эле.** *(Себеби)* **шайтан аларды бүтүндөй жолдон азгырууну каалайт»** [4:60]

Демек, эй, уламалар, өзүңөр жөнүндө да, мусулмандар тууралы да Аллахтан корккула, маърузаңарды Уммат кошуундарына караткыла. Алар Аллах аларга жүктөгөн милдеттерин т.а. Ислам жерлерин азат кылуу, Ислам калкына нусрат берүү жана бул милдетти аткарууга жолто болгон бардык тоскоолдуктарды алып салуу үчүн жихад кылуу милдетин аткарышы керек. Уммат кошуундарына бул вазыйпаны аткаруусуна жол бербей жаткан эң чоң тоскоолдук бул мусулмандарды башкарып жаткан малай өкүмдарлар болуп, алар Аллахка, Анын Расулуна жана Умматка кыянаттык кылышты.

**Эй, Уммат уламалары!** Унутпагыла, албетте Аллахтын алдында турасыңар, акыйкат сөздү айтуу жана исламий өлкөлөрдүн өкүмдарларынын кыянатын ачыктоо сыяктуу амалдарга көңүл бурбаганыңар үчүн суралбай калбайсыңар. Ошондой болгон соң, бул суроого эмне деп жооп берүүгө даярдангыла! Бүгүн силердин желкеңерге түшкөн милдет – бул олуттуу жана анык позицияны кармануу. Бул позиция Газа калкынын кыргын кылынышын мыйзамдаштырып жаткан жана яхудий вужудун таанып, аны менен мамилелерди нормалдаштырып жаткан кишилердин таъвил жана бурмалоолорун кабыл албайт... Силерге эмне болду, кандай өкүм чыгарып жатасыңар?!

**Эй, уламалар!** Бүгүн силердин вазыйпаңар – Газада болуп жаткан окуялардын шаръий өкүмү жихад жарыялап, армияларды аракетке келтирүү экендигин баян кылуу. Бул жихад мусулмандардын Газадагы жана бүткүл Фалестиндеги мусулман боордошторуна жардам берүү о.э. эки кыбланын биринчиси жана эки харамдын үчүнчүсү болгон Масжидул Аксаны азат кылуу үчүн алып барылат. Аллах Таала айтат:

﴿وَمَا لَكُمْ لَا تُقَٰتِلُونَ فِى سَبِيلِ ٱللَّهِ وَٱلْمُسْتَضْعَفِينَ مِنَ ٱلرِّجَالِ وَٱلنِّسَآءِ وَٱلْوِلْدَٰنِ ٱلَّذِينَ يَقُولُونَ رَبَّنَآ أَخْرِجْنَا مِنْ هَٰذِهِ ٱلْقَرْيَةِ ٱلظَّالِمِ أَهْلُهَا وَٱجْعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ وَلِيًّا وَٱجْعَل لَّنَا مِن لَّدُنكَ نَصِيرًا﴾

***«****(Эй, момундар)****, силерге эмне болду, Аллах жолунда жана «Роббибиз, бизди тургундары залим болгон бул шаардан азат кыл жана бизге Өз алдыңдан бир дос бергин, бизге Өз алдыңдан бир жардамчы кылгын», деп жаткан эркектер, аялдар о.э. балдардан турган бечаралар****(ды азат кылуу)* ***жолунда согушпай жатасыңар?!»*** [4:75]

Мусулмандарга фаръий-экинчи даражалуу иштер жөнүндө сүйлөө силердин вазыйпаңар эмес. Себеби, азыр анын учуру эмес! Султанул улама, баиул умара деген лакаб алган Изз ибн Абдуссаламдын «Ким зына кеңири жайылган жерге барып, адамдарга сүткорлуктун харамдыгы жөнүндө ваъз айтса, ал Аллах жана Расулуна кыянаттык кылган болот» деген сөзүн эстегиле! Силер да Аллахка, Расулуна жана Ислам Умматына кыянаттык кылбагыла! Аллах Тааланын ушул сөзүн эстегиле:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ لَا تَخُونُواْ ٱللَّهَ وَٱلرَّسُولَ وَتَخُونُوٓاْ أَمَٰنَٰتِكُمْ وَأَنتُمْ تَعْلَمُونَ﴾

***«Эй, момундар, Аллах жана Анын Расулуна кыянаттык кылбагыла жана билип туруп силерге ишенип берилген нерселерге*** *(дин жана башка ар кандай аманаттарга)* ***кыянаттык кылбагыла!»*** [8:27]

Учурда Ислам Умматы башынан өткөрүп жаткан жүрөктөрдү эзген ызаа жана оорулар, шексиз, толгоктун ооруусу, бул толгоонун артынан бизге Аллах убада кылган, Расулу ﷺ башарат берген нерсе келет. Силер уламалар бул:

**«ثُمَّ تَكُونُ خِلَافَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ»**

**«... Кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот»,** деген башарат экенин, ал шексиз болорун анык билесиңер. Андыктан, Аллах Таала айткан бул кимселерден болуп калбагыла:

﴿وَجَحَدُواْ بِهَا وَٱسْتَيْقَنَتْهَآ أَنفُسُهُمْ ظُلْمًا وَعُلُوًّا ۚ فَٱنظُرْ كَيْفَ كَانَ عَٰقِبَةُ ٱلْمُفْسِدِينَ﴾

***«Өздөрү анык билип туруп зулумдук-текебердик кылышып, аны инкар кылышты. Эми, ал бузуку адамдардын акыбети кандай болгонун көргүн»*** [27:14]

**Эй, Уммат уламалары!** Мына, акыйкат ачык-айкын болду. Бүгүн акыйкат менен батыл бөлүнгөн күн. Ушул себептен улам же акыйкат жана анын кошуундары менен бирге болосуңар, же батыл жана анын кошуундары менен бирге болосуңар!

**Эй, Уммат уламалары!** Акыйкат сөздү айтпоо аркылуу жетишкен кызматыңардан жана наамыңардан баш тарткыла. Исламий өлкөлөрдөгү саткын жана малай өкүмдарларга сыйкырчылар Фиръавнга жооп бергендей жооп бергиле:

﴿قَالُواْ لَن نُّؤْثِرَكَ عَلَىٰ مَا جَآءَنَا مِنَ ٱلْبَيِّنَـٰتِ وَٱلَّذِى فَطَرَنَا ۖ فَٱقْضِ مَآ أَنتَ قَاضٍ ۖ إِنَّمَا تَقْضِى هَـٰذِهِ ٱلْحَيَوٰةَ ٱلدُّنْيَآ﴾

***«Алар айтышты: «Биз эч качан өзүбүзгө келген таасын далил-муъжизаны жана бизди жараткан Затты коюп, сени тандабайбыз. Демек, кыла турган өкүмүңдү кыла бер. Сен бар болгону ушул дүйнөдө гана өкүм кыласың»*** [20:71]

Ахиретиңерди дүйнө матасына алмаштырбагыла, акыры, силер Аллах:

﴿إِنَّمَا يَخْشَى ٱللَّهَ مِنْ عِبَادِهِ ٱلْعُلَمَـٰٓؤُاْ ۗ إِنَّ ٱللَّهَ عَزِيزٌ غَفُورٌ﴾

***«Аллахтан пенделери арасындагы уламалар гана коркушат, албете, Аллах кудуреттүү, кечиримдүү»*** [35:28] деген кишилерсиңер.

**Эй, Уммат уламалары!** Малай өкүмдарлар силерди өлтүрүшүнөн же кыйноого салышынан коркуу акыйкат сөздү айтуудан тоспосун. Тескерисинче, ар дайым Аллах Тааланын:

﴿قَالُواْ لَا ضَيْرَ ۖ إِنَّآ إِلَىٰ رَبِّنَا مُنقَلِبُونَ﴾

***«Эчтеке эмес. Аиткени, биз Роббибизге кайтуучубуз»***[26:50] деген сөзүн эсте сактагыла.

**Эй, Уммат уламалары!** Халифалык кулатылган күндөн тартып ушул күнгө чейин Фалестиндин каны төгүлүүдө, жардам берген эч ким жок. Силер, уламаларга – Аллахты ортого коюп айтамын – ушул өкүмдарлардан жакшылык күтүп жатасыңарбы?! Акыры, алардын жүрөктөрү таш сыяктуу, балким, андан да катуу жана мусулмандарга каардуу, кафирлерге мээримдүү адамдар го! Алардын Фалестин калкына жардам беришин күтүп жатасыңарбы?! Жок! Аллахка ант, Фалестинге экинчи рошид Халифалык мамлекетинен

башкасы эч качан жардам бербейт. Ошондуктан, Хизб-ут-Тахрир Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылып жатат.

Хизб-ут-Тахрир бул даъваты менен силерге курулай сөздөрдү айтып жаткан жок, арзуулар азгырыгында учуп жүргөн жок. Тескерисинче, Хизб, силер, уламалардан аны менен бирге болушуңарды сурап жатат. Аны менен бирге акыйкат сөздү айтышыңарга, мусулмандарга алар 13 кылым Халифалык көлөкөсүндө азиз жана кубаттуу болуп жашашканын баян кылып беришиңерге чакырууда. О.э. бул Халифалык күчтүү түркүгү болуп, ар бир мусулман баанек табышын, дубалдары алдында кафир Батыштын арзуулары талкаланышын жана аны тикелөө менен Фалестин азат кылынышын жана бардык исламий өлкөлөр күч-кубатка толушун ачыктап беришиңерге чакырууда.

**Эй, Уммат уламалары!** Газа калкына жардам берүүнүн жалгыз жолу рошид Халифалык мамлекетин тикелөө экенине эч качан күмөн болбосун.

**Эй, Уммат уламалары!** Абу Умаматул Бахилийден риваят кылынган сахих хадисте Расулуллах ﷺ айтат:

**«لَيُنْقَضَنَّ عُرَى الْإِسْلَامِ عُرْوَةً عُرْوَةً، فَكُلَّمَا انْتَقَضَتْ عُرْوَةٌ تَشَبَّثَ النَّاسُ بِالَّتِي تَلِيهَا، وَأَوَّلُهُنَّ نَقْضًا الْحُكْمُ وَآخِرُهُنَّ الصَّلَاةُ»**

«**Ислам негиздери албетте биринин артынан бири бузулат. Качан бир негиз бузулса, адамдар кийинки негизге бекем жабышат. Эң биринчи болуп бузула турган негиз – өкүм, Ислам менен өкүм жүргүзүү. Акыркысы болсо – намаз**». Мындан улам ушул биринчи өкүм – башкарууга кайтмайынча Ислам Умматынын мусибаттары бүтпөйт, жакшы жашоо болбойт. Аллах Таала айтты:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ ٱسۡتَجِيبُواْ لِلَّهِ وَلِلرَّسُولِ إِذَا دَعَاكُمۡ لِمَا يُحۡيِيكُمۡۖ وَٱعۡلَمُوٓاْ أَنَّ ٱللَّهَ يَحُولُ بَيۡنَ ٱلۡمَرۡءِ وَقَلۡبِهِۦ وَأَنَّهُۥٓ إِلَيۡهِ تُحۡشَرُونَ﴾

***«Эй, момундар, Аллах жана Анын пайгамбары силерди түбөлүк жашоо бере турган нерсеге*** *(т.а. динге)* ***даъват кылганда, аны кабыл алгыла жана билип койгула, шек-күмөнсүз, Аллах ар бир киши менен анын дилинин ортосун ээлеп турат. Албетте, Анын алдына топтолосуңар»*** [8:24] ❑

## Кайс Саиддин кайра шайланышын камсыздоо үчүн мыйзамсыз чектөөлөр жана репрессиячыл услубдар

2024-жылы 6-октябрга белгиленген президенттик шайлоо жакындашып келе жатат. «African Exponent» сайты жарыялаган хабар Тунистеги талкууларга себеб болгон саясий сахнага айкындык киргизди. Хабарга ылайык, оппозициячыл партиялар, президенттикке талапкерлер жана адам укуктарын коргогон уюмдар Тунис режимин учурдагы президент Кайс Саиддин кайра шайланышын камсыздоо үчүн «мыйзамсыз чектөөлөр» жана коркутуу услубдарын колдонгондукта айыпташты. Сайттын хабарына ылайык, бул талкуу Саиддин 19-июлда дагы беш жыл жетекчилик кылуу үчүн өз талапкердигин койгонун жарыя кылгандан кийин жаралды. 2019-жылы шайланган Саид 2021-жылда парламентти таратканы жана “жогору тараптын” буйругу менен өкүм жүргүзүп жатканы үчүн сындоолорго кабылган. Бул чараларга оппозиция мамлекеттик төңкөрүш деп баа берди. Саиддин «мекенсиздерге» бийликти бербеймин деген билдирүүсү шайлоо натыйжаларынын калыс болушу туурасында кабатырларды дагы да күчөттү. Эл аралык коомчулук Тунистин мына ушундай туруксуз доорду башынан өткөрүп жатканын жакындан күзөтүүдө, бул шайлоонун натыйжалары жана аларды өткөрүү жолу Тунистин демократия багытына жана эл аралык шериктештери менен мамилелерине үлкөн таасир кылышы мүмкүн, делди сайтта.

**Ал-Ваъй:** бул мамлекет жана бул жетекчинин ахвалы башка исламий өлкөлөрдүн жана өкүмдарлардын ахвалынан айырмаланбайт. Баарына Батыш көшөгө артынан буйруктарды берип турат. Алар жасалма шайлоолор аркылуу өз элине зомбулук менен өкүм жүргүзүшөт. Бул малай саткын режимдер ушинтип тура берсе, Батыш мамлекеттери аларды башкарып, аракеттендире берсе, ахвал ушундай бойдон өзгөрүүсүз калат. Мындан кутулуунун жалгыз жолу – саясий Ислам. Баары саясий Исламга каршы күрөшүп жатат. Анткени Ислам хак болуп, батыл Батыш өзүнүн илманийлиги жана капитализми себебдүү андан коркот.

## Америкалык сенатор «терроризм үчүн бажы төлөмү» долбоорун сунуштоодо

ААЛАМ МУСУЛМАНДАРЫНЫН КАБАРЛАРЫ

Америкалык республикачы сенатор Линдси Грэм нефть сатып алуу аркылуу Иранга жардам берип жаткан Кытай сыяктуу мамлекеттерди эскертип, «терроризмге каршы бажы төлөмү» деп аталган мыйзам долбоорун сунуштады. «Иранга жардам берип жаткандар өздөрүн да санкцияга кириптер кылышат», - деди ал басма сөз жыйынында. Андан Кытай жөнүндө суралганда ал: «Мен бул маселени Кытайга калтырамын. Ал өзү айтсын, Иранга кандай мамиле кылат жана жардам берүүнү каалайбы», - деди. Линдси Грэм айтышынча, ал эки күн мурун «терроризмге каршы бажы төлөмүн» талаб кылган жаңы мыйзам долбоорун сунуштады. Ал: «Бул долбоор боюнча, эгер Иран режиминен нефть сатып алсаңыз, сиздин АКШга жеткирилген товарларыңыз үчүн бажы төлөмү алынат», - деп түшүндүрмө берди. Ал дагы мындай деди: «Бул мамлекеттер террорчу мамлекеттин экономикасына жардам берүү аркылуу аны байытып жатышат. Демек, алар акы төлөшү керек. Анткени биз алардан бул нерсени токтотушун каалайбыз, санкцияларыбыз майнаптуу болбой жаткан көрүнөт». Кытай Ирандын – айрыкча соода тармагында – ишеничтүү шериктеши болуп саналат. Ирандын санкцияларга учураган нефтисинин эң ири кардары да Кытай. Ядролук келишимди аткарып жаткан Европа мамлекеттери жөнүндө сенатор ушуларды баса белгиледи: «Бул мамлекеттер Иранды терроризмдин демөөрчүсү катары көрүшөт деп ойлоймун. Яхудий мамлекетин жок кылууга келишим түзгөн уюмдардын жетекчилерин кысымга алууга “Израиль” толук акылуу... Бул Европага байланыштуу. Лекин мен АКШнын коопсуздугун камсыздаган саясатты курууга жардам беремин... Аятулла Хаманаи менен жаңы Иран президентине – эгер ушинтип уланта берсеңер, демек, муну өз коопсуздугуңарга каршы кылып жатасыңар, деймин».

**Ал-Ваъй:** Американын турган турпаты карамүртөз болуп, андан карамүртөздүк гана чыгат. Бул бузуку, бузгунчу жана залим мамлекет абийирди тебелөөдө, жасаган бардык кылмыштарын мыйзамдаштырып, дуняга зордоп тыгыштырууда... Биз белебиз, Иран Американын тышкы саясатына көз каранды. Иран бул финансылык чектөөлөр

Трамптын келиши менен аны – Трамптын президенттиги учурунда болгондой – блокада кылуусунан коркот. Анткени бул чектөөлөрдөн Ирандын тышкы саясий иш-аракеттерин көзөмөлдө кармап туруу жана Американын эл аралык кызыкчылыктарынын алкагынан чыкпастыгын камсыздоо көздөлгөн. Ошол эле учурда, Америка Иранды кантип иштетүүнү жана Фарс булуңунда «мокочо» кылып көрсөтүүнү, «Иран терроризминен» кантип натыйжалуу пайдаланууну жакшы билет. Т.а. эл аралык терроризмдин «энеси» Америка болуп эсептелет.

## Амирликтер режими Фалестинге тилектеш фикирде болгон арабдарды куугунтуктоону улантууда

Бириккен Араб Амирликтеринде жашаган Фалестин маселесин колдоп-кубаттап жаткан арабдар дале азаб-кыйынчылыктарды башынан өткөрүшүүдө. Бул мамлекет 2020-жылы августта баскынчы (Израиль) менен мамилелерди нормалдаштырып келет. Амирликтер бул нерсе Батыш Жээктеги Иордан өрөөнүнүн (Израиль) тарабынан аннексия кылынышын токтотот деди. Амирликтерде жашаган араб мамлекеттеринин жарандыгына таандык инсандар болсо камак, кыйноо жана айыппул сыяктуу түрдүү кыйынчылыктарга туш келишүүдө. Айрымдары Фалестин маселесине жана он айдан бери тынымсыз геноцидге дуушар болуп жаткан Газа секторуна «электрондук тилектештик» билдиргени үчүн депортация кылынууда. Фалестиндин «Сафа» жергиликтүү маалымат агенттиги ачыктаган хабарга ылайык, жакында Амирликтердин коопсуздук хызматы жүздөгөн арабдарга карата камакка алуу жана депортация кылуу кампаниясын өткөрдү жана бул алар кылмыш жасаганы же коомдук тартибди жана мыйзамды бузушканы үчүн эмес, Газадагы фалестиндиктерге электрондук тилектештик көрсөтүшкөнү үчүн болду. Күбөлөр айтышынча, айрымдары, айрыкча Фалестин, Миср, Тунис, Марокко жана Алжир жарандары камакка алынуудан мурун уурдалышкан. «Увайр», «Разин», «Садр» жана «Дубай борбордук» камактарында тергөөлөрдү, дене жана рухий кыйноолорду башынан өткөрүшкөн. Андан кийин

алар ири өлчөмдө (250 миң долларга чейин) айыппул төлөөгө мажбурланышып, мамлекеттен депортация кылынышкан.

**Ал-Ваъй:** биз мурун да арабдардын иблиси (бул лакаб менен белгилүү болгон Мухаммад ибн Зайид) жөнүндө көп айтканбыз. Аллах Талаадан бул кимсени жана араб өкүмдарларын бул дүнүяда кор кылуу, кыямат күнү эң оор азабга кириптер кылуу менен көздөрүбүздү кубантууну суроодон башка тилегибиз калбады. Ал эми бул өкүмдарлардын буйругун аткарган мусулман кошуундарыбызды кыяматта ошолор менен бирге тирилүүдөн эскертебиз, балки бул өкүмдарларга итаат кылууга эмес, тескерисинче, аларды кулатууга аракет кылып, Ислам шариятын тикелөө менен Аллахтын ансарларынан болууга чакырабыз.

## Намазкөйлөрдү кыргын кылууда колдонулган кырсыктуу Америка ракеталарынын температурасы 7 миң даражага жеткен

Газадагы жарандык коргонуу хызматынын камсыздоо департаментинин директору доктор Мухаммад Мугир маалымдашынча, Дараж кварталындагы балдардын мектеби Американын ар биринин салмагы 2 миң фунт, температурасы 7 миң даража болгон үч «Mark 84» тибиндеги кыргын ракетасы менен бомбаланган. Доктор Фалестин маалымат каражаттарына баса белгилешинче, бүгүн эрте менен бутага алынган мектеб 2400 мекендешке башбаанек катары хызмат кылып жаткан жана жалпысынан ушул аптада баскынчылар Газанын түндүгүндө алты башбаанек болуп турган мектебди бомбалашкан. Өткөн айдын ортосунда баскынчы күчтөр Ханюнустагы Мавасий регионуна көчүрүлгөн адамдарды кыргын кылып, 100гө жакын кишини шахид кылган жана ошондо да АКШнын кыргын бомбаларын колдонгон. Ибраний тилде чыккан «Маариф» гезити бул кыргында Американын «JDAM» бомбалары колдонулганын, алар «лазер менен башкарылган системага же глобалдуу ордун аныктоо системасына (GPS) ээ бомбалар» экенин, алдыңкы сенсордук технология жана жасалма интеллектке таянышын баса

белгилеген. Гезитте көрсөтүлүшүнчө, «жогору тактыкка ээ жана радиоэлектрондук байланыш жана электрондук согушка жарактуу ушул бомбанын колдонулушу АКШ администрациясынын Газа секторунда (Израиль) согушун улантуу саясаты боюнча реалдуу оозеки келишими менен ишке ашырылган. Баскынчынын армиясынын радиосу мындай хабар берет: «”Израиль” аба күчтөрүнүн кыргын операциясында 8 «JDAM» бомбасы ташталган. Бул 390го жакын фалестиндиктин өлүмүнө жана жараат алышына алып келген».

**Ал-Ваъй:** ачык-айкын көрүнүп тургандай, Газага каршы бир эмес, эки согуш алып барылууда: (Израиль) согушу жана Америка согушу. (Израиль) согушунда бүткүл дүня анын канчалык кылмышкерлигин, бардык эл аралык жана гуманитардык тыюуларды бузуп жатканын көрдү. О.э. яхудий заты инсандардын эң ыфласы экенине жана мусулмандар эле эмес, дүня калктары аларды четке кагышына күбө болду. Америка өз согушун саясий жактан, маалымат каражаттары аркылуу жана фашист яхудий вужудунун армиясын эң кыргынчыл курал-жарак менен камсыздоо аркылуу алып барууда. Эки согуштун өз максады бар: (Израиль) нукура яхудий мамлекетин курууну каалайт. Ал эми Америка региондун эрежесин өзүнүн кызыкчылыгына туура келген көрүнүштө курмакчы. Исламдын саясий башкаруусуна каршы душмандык кылууда жана Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыктын тикеленишин алдын алууда экөөсүнүн тең тили бир. ❑

بِسْمِ ٱللَّهِ ٱلرَّحْمَٰنِ ٱلرَّحِيمِ

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

﴿وَهُوَ ٱلَّذِى جَعَلَكُمْ خَلَٰٓئِفَ ٱلْأَرْضِ﴾

***«Ал силерди жер үстүнө халифалар кылган»***

Аллах Талаа мындай дейт:

﴿وَهُوَ ٱلَّذِى جَعَلَكُمْ خَلَٰٓئِفَ ٱلْأَرْضِ وَرَفَعَ بَعْضَكُمْ فَوْقَ بَعْضٍ دَرَجَٰتٍ لِّيَبْلُوَكُمْ فِى مَآ ءَاتَىٰكُمْ ۗ إِنَّ رَبَّكَ سَرِيعُ ٱلْعِقَابِ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

***«Ал силерди жер үстүнө халифалар кылган жана Өзү берген ниъматтар менен силерди сыноо үчүн айрымдарыңарды айрымдарыңардан жогорураак даражаларга көтөрүп койгон Зат. Албетте, Роббиң тез жазалоочу жана албетте Ал магфират кылуучу, ырайымдуу»*** [6:165]

Бул аят жөнүндө Шаъровийдин тафсиринде минтип келген:

"الْخَلِيفة" - халифанын мааниси башканын ордун басуучу. Бул орунду басуу белгилүү бир заманда болот же белгилүү бир мекенде болот. Заманда ордун басуу анын доору жана күнү мурункунун доорунан жана күнүнөн кийин келет деген маанини билдирет. Мекенде ордун басуу болсо бир киши олтурган болот, кийин кетет жана башкасы келип, анын ордун ээлейт. Инсанга карата турмуштук коидага (эрежеге) назар салсак, ал жашында күчтүү болгонуна, кийин жашы өтүп, ордуна башкасы келгенине, т.а. карылыкка карап бара жатканына күбө болобуз. О.э. бир инсан бир жайга ээлик кылат, кийин аны таштап, ал жайды башкасы ээлегенин көрөбүз. Хак Субханаху ва Талаа Халифалык дегенде инсандын инсанга орун басар болушун эмес, инсандын жерде Роббисине орун басар болушун ирада кылды. Анткени ар бир нерсе Аллахтын таасирине түшүүгө, Ага моюн сунууга мажбур. Хак Субханаху ва Талаа көптөгөн ниъматтарын тартуу кылып, айрым нерселерди башка нерселерге моюн сундуруп жаратты жана бул Анын ырайымы болуп эсептелет. Маселен, от жаксаң, ал сага моюн сунат, жер айдап, урук эксең, сага моюн сунат,

суу ичсең канасың, жесең тойосуң. Булардын баарын кайдан алдың?

Сен муну Хак Талаа барлыктагы нерселерди сага моюн сундуруп, сабаб жана мусаббабдарды жаратып бергени үчүн алдың. Демек, сиз кудум ирадалардын орун басарысыз жана ушул аркылуу Аллах Субханаху Өзү каалаган ишин кылышын бизге далилдөөнү каалады. Ошондуктан биз бул маселени постулат (далилсиз да кабыл алынган коида) катары кабыл алуубуз лазым. Эгер муну сынап көрмөкчү болсоң, ар кандай инсанга, жада калса кафир болсо да назар салгын: эгер ал ордунан турмакчы болсо, дене мүчөсү ага моюн сунат жана ал турат. Ко-ош, ал туруу үчүн кайсы мүчөсүнө буйрук берет? Муну билбейт, анткени турууну кааласа жетиштүү, турат. Сен булардын баарын өзүмдүн аракетим себебдүү алдым, деп түшүнүп калбашың үчүн Аллах Субханаху өлүм жана тирүүлүк сыяктуу айрым нерселерди умумий жана универсал кылып жаратты. Бул эки нерседе англис, француз жана арабдын ортосунда айырма жок. Күлүү жана ыйлоо да ушундай. Англистин күлүшү менен коммунисттин же капиталисттин күлүшү ортосунда айырманы көргөнсүңөрбү? Жок албетте. Баары күлкү, бул глобалдуу лугат. Ошондуктан Аллах Талаа:

﴿وَأَنَّهُۥ هُوَ أَضۡحَكَ وَأَبۡكَىٰ﴾

***«Албетте күлдүргөн да, ыйлаткан да Анын Өзү»***[53:43] деди. Аллах Субханаху бардык инсанда бар ортоктош нерсени көрсөттү, маселен, сен өзүң каалаган көрүнүштө жана услубда сүйлөйсүң жана аракет кыласың, лекин күлсөң сени Ал Зат күлдүрөт. Эгер сен кимдир бирөөнүн көңүлүн алуу үчүн күлсөң, күлкүң жасалма болгонуна таң каласың. Хак Талаа муну түшүндүрүүдө: барлыктын тизгини Менин колумда, адамдарды бир нерседе ыхтыярлуу кылсам, башка нерседе баарын – алар каалашпаса да – мажбурий кылдым. Андыктан, Өзүм аларды күлдүрөмүн, Өзүм ыйлатамын. О.э. англисче ый, же французча ый, же болбосо немисче ый жок. Инсан затынын баары бул нерселерде бирдей-ортоктош.

﴿وَهُوَ ٱلَّذِى جَعَلَكُمۡ خَلَٰٓئِفَ ٱلۡأَرۡضِ﴾

***“Ал силерди жер үстүнө халифалар кылган”.***

Эй, инсан, сенин өз тулку боюңа жана мүчөлөрүңө болгон каалооң тартуу кылуучу, каалаганын кылуучу Улуу Заттан сага берилген жөндөм-күч. Ал ушул жөндөмдү айрымдардан алып коёт, т.а. мээге буйрук берип – сен баланча мүчөгө сигнал бер, дейт, мээ моюн сунуп сигнал берет, акыбетте ошол мүчө шал болот. Эгер маселе инсандын колунда болгондо, бул шалдыгына каршы тура алмак. Демек, силер жерде халифаларсыңар, нерселер силерге Аллах моюн сунушун каалаганча көлөмдө моюн сунат. Эгер моюн сунууну алып койсо, силерге ушуну ырастамакчы – нерселерди өз күч-кубатыңар менен моюн сундура албайсыңар. Тескерсинче бул нерсе Анын колунда, кааласа мутлак орун басарлыкты берет, кааласа аны чектеп коёт.

﴿وَرَفَعَ بَعۡضَكُمۡ فَوۡقَ بَعۡضٍ﴾

***«айрымдарыңарды айрымдарыңардан... көтөрүп койгон».***

Орун басарлык маселесинен көрүнүп тургандай, биз бир-бирибиз менен бирдей жана окшош эмеспиз. Аллах Талаа күч-жөндөмдө бир-бирибизди толуктообузду каалады. Анткени инсандар кубатта бирдей болушса жашоонун бузулушу турган кеп. Ошондуктан жөндөмүбүз айырмаланат, анткени жашоонун талабдары ар түрдүү. Мисалсы, эгер баарыбыз дарыгер болсок, таптакыр туура келбейт. Эгер баарыбыз казы болсок, баарыбыз мухандис же баарыбыз дыйкан жана башка ушул сыяктуу бирдей иште болсок, жашоо бузулат. Демек, Аллах Субханахунун:

﴿وَرَفَعَ بَعۡضَكُمۡ فَوۡقَ بَعۡضٍ دَرَجَٰتٍ﴾

***«айрымдарыңарды айрымдарыңардан жогорураак даражаларга көтөрүп койгон»*** деген каламындагы каалоосу жүзөгө чыгышы керек. Т.а. айрымдар жогорулайт, айрымдар болсо жогорулабай калды. Ко-ош, көтөрүлгөндөр ким, көтөрүлбөй калгандар ким? Силердин ар бириңер жөндөмү бар тармакта көтөрүлгөн, жөндөмү жок тармактарда болсо көтөрүлбөгөн болот. Анткени Аллах Талаа махлуктардын кызматташуусун каалайт, кызматташуу болсо афзелдиктен эмес, мухтаждыктан келип чыгат. Ушундан улам ааламдагы кызыкчылыктарды идара кылуу зарыл. Бул улуу, жаратуучу

Заттын инженерлиги. Сен мунун мисалын өзүң менен орто мектебге киргендердин жадыбалын түзүүдө көрүшүң мүмкүн. Кимдир бирөө орто таълимди бүтүрөт, дагы кимдир бирөө окууну улантып, жогорку таълимге даярдык баскычына өтөт, алардын азыраак экенин көрөсүң. Жогорку окуу жайында окугандары андан да азыраак экенин, докторлукту жактагандары баарынан азчылык экенине күбө болосуң.

Ушундайча биз айрымдардын окуудан чыгып жатканын көрөбүз. Анткени көптөгөн кесиптер бар, алар үчүн орто мектеб таълиминин аттестаты же экинчи баскыч таълиминин диплому жетиштүү. Эгер окуучулардын ар бири жогорку таълимге чейин окушса, ушул кесиптер менен шугулданган кишини таппай калабыз. Ошондуктан Аллах Талаа ааламдагы кызматташууну афзелдик эмес, мухтаждык кылды. Жакшылап көңүл бургула, эгер инсандын же перзенттеринин курсагы ачса, ал ар кандай жумушта иштөөгө раазы болот. Эгер ал жайгашкан иште Аллахтын такдырына раазы болсо жана башка ишке көз салбаса, ушул иштин чеберине айланат, ушул иште жогору даражага көтөрүлөт, Аллах ага халал таза рызкы берет. Ошондуктан имам Али «Кишинин кадыры анын эмнени жакшы кылышында. Эгер инсан ишин жакшы кылса, демек ал барлыктагы ийгиликтүү инсан» деген.

Ошентип, Хак Субханаху ва Талаа бизди бирдей адамдардан кылбады, тескерисинче бир-бирибизден афзел, айырмалуу кылып, бирибизди башкабыздан жогору даражага көтөрдү жана ар бирибиз жакшы кылган ишибизде жогорубуз, жакшы кыла албаганыбызда бизден жогорулар бар. Ар бирибиздин жакшы кыла албаган ишибизде ага ушул ишти кылып берген кишиге мухтаждыгы болушу көздөлгөн. Ушуну менен аалам афзелдик эмес, кызыкчылык жана мухтаждыкка ылайык байланышкан.

﴿وَرَفَعَ بَعۡضَكُمۡ فَوۡقَ بَعۡضٖ دَرَجَٰتٖ لِّيَبۡلُوَكُمۡ فِي مَآ ءَاتَىٰكُمۡ﴾

***“Өзү берген ниъматтар менен силерди сыноо үчүн айрымдарыңарды айрымдарыңардан жогорураак даражаларга көтөрүп койгон”.*** Бул көтөрмөлөө пендеге мажбурият илимин үйрөтүү үчүн Аллах тартуу кылган жөндөмдө аларды сыноого окшойт. Хак Субханаху пенде кыла турган ар бир нерсени эзелтен билет. Бирок пенде кыла турган

нерсеге садик болушу үчүн нерсени аткаруу мүмкүнчүлүгүн анын өзүнө калтырды. Бул пендеге каршы хужжат болсун. Аллахтын ﴿لِّيَبۡلُوَكُمۡ﴾ (***силерди сыноо үчүн)*** дегени силерге хабар берүү үчүн эмес, өзүңөргө каршы моюнга алышыңар үчүн сынайт дегени.

﴿لِّيَبۡلُوَكُمۡ فِي مَآ ءَاتَىٰكُمۡ إِنَّ رَبَّكَ سَرِيعُ ٱلۡعِقَابِ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمُۢ﴾

***«Өзү берген ниъматтар менен силерди сыноо үчүн... Албетте, Роббиң тез жазалоочу жана албетте Ал магфират кылуучу, ырайымдуу».***

Аллах Субханаху (سريع العقاب) ***тез жазалоочу***. Андыктан ахыретти алыс деп ойлобо. Анткени өлүм жакын, артынан сооб жана жаза келет.

Өлүм себеб эмес, анткени ар бир инсан өлүмгө туш болот. Ушуну менен анын кыяматы кайым болот. Эгер инсандын кыяматы кайым болсо, бүттү, эч бир нерсени кыла албайт. Демек Аллах Субханаху тез жазалоочу. Бирок айрымдар Аллахтын ак көңүлдүгүнө алданып, ахыретти алыс деп ойлошот. Ошондуктан аалымдардын бири айтат: «Шүкүрдүн сага берген ниъматтары эч түгөнбөгөн Затка болсун, итаатың сен таптакыр муктажсыз болбой турган Затка болсун, моюн сунушуң сен мүлкүнөн жана салтанатынан тышкарыга чыкпаган Затка болсун». Демек, Хак Талаанын ар бир сыфаты кул пендеде – ага берилген ниъматта – көрүнөт, бул Аллахтын ага берген белеги. Сен токтомокчу болсоң, маселен, токтоо үчүн кайсы булчуңду ишке салуу керектигин билбейсиң, бирок токтоону каалашың менен токтойсуң. Бул – Аллахтын бир нерсени бол деш менен болтура турган каалоо-ирадасынын көрүнүшү. Ырас, орун басар экенбиз, кайталанышыбыз эмес, мыктыланышыбыз лазым. Ар бир кишиге бир тармакта башкасынан көрө көбүрөөк жөндөм берилген, башкасына болсо башка тармакта көбүрөөк жөндөм берилген. Себеби, жер жүзүндөгү ар бир махлук башкасы менен кызматташы – бири-бирине жардамдашы көздөлгөн. Ушул аркылуу ал мындагы жөндөмдүн натыйжасын алсын жана өзү буга өз жөндөмүнүн натыйжасын берсин. Хак Талаа бизден жөндөмдөрдүн натыйжасын айкөлдүк кылып беришибизди эмес, аларды мухтаждыкка (зарылдыкка) айлантууну каалайт. Анткени сен өзүңдө жөндөм болбогон тармакта башканын

жөндөмүнө, т.а. башкага мухтажсың жана ал да сенин кайсы бир нерсеңе мухтаж.

Аллах Табарака ва Талаа бизди ушул күрөнүштө халифа-орун басар кылганда барибиз башкабыздан жогору болот. Ошондуктан Аллах бизге муну минтип түшүндүрдү: Мен бириңерди бириңерден афзел кылдым, бирок Мен бир тайпа төмөн болушу үчүн башкасын афзел кылбадым, ар бири бирер нерседе – ушул нерседе ага жөндөм берилгени үчүн – афзел, жөндөмү жок болгон башка тармакта болсо андан көрө афзели бар. Ушундайча бардык инсандар барабар болот.

Биз баарыбыз Аллахтын карамагындабыз. Эч барибиз Аллахка башкабыздан көрө акылуураак эмеспиз. Аллах Субханахунун шериги да, перзенти да жок. Ошондуктан эгер инсанияттагы жөндөмдөрдү эсептеп, аларды бардык калкка бөлүштүрсөк, бардык инсандардагы жөндөмдөрдүн жыйындысы бирдей болуп чыгат (т.а. бир инсанда бир жөндөм жок болсо, башкасында мурунку инсанда бар жөндөм жок). Ал эми сен бирер жөндөмдө үстөм болсоң, башка бир жөндөм сенде жок жана үчүнчү бир жөндөм сенде болушу мүмкүн, бирок аны өзүң жактырбайсың. Эгер бардык инсандардын жөндөмдөрүнүн даражаларын салыштырып көрсөң, ар кандай инсан башкасына барабар экенин, инсандар бир-биринен бир гана таквада афзел экенин көрөсүң.

﴿وَهُوَ ٱلَّذِى جَعَلَكُمْ خَلَٰٓئِفَ ٱلْأَرْضِ وَرَفَعَ بَعْضَكُمْ فَوْقَ بَعْضٍ دَرَجَٰتٍ لِّيَبْلُوَكُمْ فِى مَآ ءَاتَىٰكُمْ ۗ إِنَّ رَبَّكَ سَرِيعُ ٱلْعِقَابِ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌۢ﴾

***«Ал силерди жер үстүнө халифалар кылган жана Өзү берген ниъматтар менен силерди сыноо үчүн айрымдарыңарды айрымдарыңардан жогорураак даражаларга көтөрүп койгон Зат. Албетте, Роббиң тез жазалоочу жана албетте Ал магфират кылуучу, ырайымдуу».***

Андыктан, ар барибиз мен жогорумун, деши мүмкүн, бирок текеберленип-алданып калбасын. Анткени андан жогору да бар. Теңдик ушул жагынан болот. Бирер даражада жогору болгонуң сыймык эмес жана бирер даражада төмөн болгонуң кордук эмес. Анткени бул Аллахтын ирадасы. Бул Аллахтын ага каалаганы.

Ким Аллахтын өз махлуктарына бөлүштүргөн жөндөмдөрүн урматтаса, Аллах ага ошол жөндөмдөрдүн эң жакшысын берет. Ушундан улам бир жөндөм ээси эч качан мумтаз-үстөм болбойт. Бирок бул нерседе баары эле ийгиликке жете бербейт. Анткени сынып кала турган кимселер бар. Айрымдар бирөөнүн андан бай, өзү болсо жакыр экенин көрүп, ага көрө албастык, хасад кылат. Биз ага мындай дейбиз: сен өзүңдөгү күч-кубатка кара, андан күчтүү болушуң мүмкүн жана көп нерселерде андан бактылуу болушуң мүмкүн.

Сен Аллах сага берген жөндөмгө да, башкага берген жөндөмгө да карагын. Ар бир инсандагы жөндөмдөр жыйындысы бир-бириникине тең. Ким ушул өлчөөдө ийгиликке жетсе, Аллахтан ажр-сообго ээ болот жана Аллах анын айрым күнөөлөрүн кечирет.

Ким Аллахтын махлуктарына берген өлчөөсүн урматтабаса, Аллах аны жазалайт. Ошондуктан Аллах муну минтип түшүдүрүп жатат: Мен силерди сынаймын, ким ийгиликтүү болсо магфират жана рахматка татыктуу болот, ким ийгиликке жетпесе жазаланат, Менин жазамды алыс деп ойлобогула. Анткени инсан менен жазанын ортосунда өлүм гана бар. Өлүмдүн белгилүү себеби жок. Анткени инсан капыстан өлүп, жазасы башталышы мүмкүн:

﴿إِنَّ رَبَّكَ سَرِيعُ ٱلْعِقَابِ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌ﴾

***«Албетте, Роббиң тез жазалоочу жана албетте Ал магфират кылуучу, ырайымдуу».***

Ошону менен Анъам сурасы бүттү, Аллах Талаа аны ٱلْحَمْدُ لِلَّهِ деп баштап, وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌ деп бүтүрдү. Бул дуняда да, ахыретте да Аллахка хамд болсун. ❑

## РОБИЪ ИБН ЗИЯД ХАРИСИЙ

**«Халифа болгонумдан бери эч ким мага Робиъ ибн Зиядчалык чын сөздү айткан эмес»**
(Умар ибн Хаттаб)

Расулуллах ﷺдын шаары (Мадина) Сыддыктан айрылганын унутпай жатып, шаарлардан ар күнү өкүлдөр келе баштады. Алар Умар ибн Хаттабга кубанычта да, кайгыда да (оор күндөрдө да, жеңил күндөрдө да) кулак салып итаат кылууга байъат берүү үчүн келешти. Ошондой күндөрдүн биринде эртелеп муминдер амиринин алдына башка өкүлдөр менен бирге Бахрайн өкүлдөрү да келди.

Фарук رضي الله عنه анын алдына келген өкүлдөрдүн сөздөрүн угууга абдан ынтызар эле, алардын сөздөрүнөн жетик ваъз же пайдалуу фикир алуу үмүтүндө болду. Келгендердин бир канчасына сөз берди, лекин алар арзыгыдай эч нерсе айтышпады. Ошондо жакшылык аламаты көрүнгөн бир кишиге карап, ымдап, «ичиңердегини чыгаргыла» деди. Ал сөзүн Аллахка хамд-сана менен баштап: «Эй, муминдер амири, сен Аллах Азза ва Жалла тарабынан сыноодон өтүшүң үчүн гана бул Умматтын ишине валий кылындың. Андыктан, бул ишиңде Аллахтан корк, билип койгун, Фурат жээктеринде бир кой адашып калса да кыямат күнү сен ал жөнүндө сураласың», - деди.

Умар катуу ыйлап: «Халифа болгонумдан бери эч ким мага сендей чын сөздү айткан эмес, сен кимсиң?», - деди. Ал: «Робиъ ибн Зияд Харисиймин», - деди. «Мухажир ибн Зияддын иниси болосуңбу?», - деп сураганда: «Ооба», - деди. Жыйын бүткөн соң Умар ибн Хаттаб Абу Муса Ашъарий رضي الله عنهну чакырып: «Робиъ ибн Зияддын ишин текшерип чык. Эгер ал чынчыл болсо, андан көп жакшылыктар келет жана бул ишибизде жардамы тийет. Аны иштетип, мага ал жөнүндө жаз», - деди.

Ошол күндөн көп өтпөстөн Абу Муса Ашъарий халифанын буйругуна ылайык Ахваз жериндеги «Маназир»ди фатх кылуу үчүн кошуун даярдады жана кошуунга Робиъ ибн Зияд менен агасын кошту. Абу Муса Ашъарий Маназирди курчоого алды жана анын калкына каршы кемден-кем учураган катуу чабуулдарды жасады. Мушриктер эч кимдин оюна келбеген бекем сабыр жана күчтүү каршылык көрсөтүштү. Мусулмандар

арасында набыт болгондор абдан көбөйүп, күтүлгөндөн ашып кетти. Робиъ ибн Зияддын агасы Мухажир мусулмандардын набыт болгондору көбөйүп кеткенин көргөн соң өз жанын Аллахтын ыраазылыгы үчүн сатууга чечим кылды жана денесине мумия сүртүп, кепин кийип, инисине осуят кылды... Робиъ Абу Мусага барып: «Мухажир орозо кармаган абалда өз жанын сатууга чечим кылды, мусулмандарга согуштун оордугу жана орозонун кыйынчылыгы тең келип алдан тайышты, алар орозону ачуудан да баш тартышууда, бирер нерсе кыл», - деди.

Абу Муса Ашъарий ордунан туруп кошуунга: «Оо, мусулмандар, мен ар бир орозодор оозун ачат же согушту токтотот деп касам ичтим», - деди. Андан соң адамдар анын артынан ооздорун ачылыш үчүн жанындагы көзөдөн суу алып ичти. Мухажир бул сөздү угуп, бир ууртап суу ичип: «Аллахка касам, чаңкаганымдан ичпедим, болгону амиримдин касамын актадым (амиримдин касамын аткардым)», - деди. Ал кылычын чыгарып, сапты жарып кирди, эч бир коркууну билбестен адамдарды талкалады. Ал душмандын аскерлери арасына дагы да көбүрөөк кирип, душман анын чар тараптан курчап алды, алдынан да, артынан да кылыч шилтешти. Ошентип Мухажир жерге кулап жан берди...

Андан кийин мушриктер Мухажирдин башын кесип, согуш талаасындагы бийик жерге орнотуп коюшту. Робиъ агасын көрүп: «Сага Туба жаннаты жана жакшы акыбет болсун! Аллахка касам, сен үчүн жана башка набыт болгон мусулмандар үчүн шексиз өч аламын, инша Аллах», - деди. Абу Муса Робиъ өз агасы үчүн кайгырганын көрүп, анын ичинде Аллахтын душмандарына каардануу толкуп жатканын көрүп, кошуундун командачылыгын ага калтырып, өзү «Сус»ту фатх кылганы кетти.

Робиъ кошуундары менен мушриктерге жапырылды, чептерин кудум селдей каптап, саптарды бузушту, кубатын кайтарып, бүтүндөй алдан тайдырышты. Аллах Талаа Робиъ ибн Зиядга Маназирди күч менен фатх кылууга жеткирди... Ушинтип душмандын согушкерлерин өлтүрдү, калкын туткунга алды, Аллах каалаганча чоң олжону колго алды.

Маназир кармашы артынан Робиъ ибн Зияддын жылдызы жанды, ал адамдардын оозунда дастан болуп, баары суктанган жана улуу иштери себебдүү адамдар ага үмүт кылган белгилүү

командачылардын бирине айланды. Мусулмандар Сижистанды фатх кылууга чечим кылышып, кошуунду ага тапшырышты жана анын колунан келечек нусраттан үмүт кылышты.

Робиъ ибн Зияд өзүнүн Аллах жолундагы газий кошууну менен узундугу 75 фарсах болгон жана кесип өтүүгө чөл жырткычтары да барбаган чөл аркылуу Сижистанга өттү. Ал биринчи болуп «Рустак Залик»ке (Сижистандагы чоң бекем шаарга) туш келди. Рустак үлкөн сепилдер менен курулуп, бийик чептери менен оролгон, байлыктарга толо, мөмөзарларга бай шаар болгон.

Зейрек командачы Рустак Заликке барардан мурун ал жерге тыңчыларын жөнөттү жана анын калкы жакында майрам үчүн чогуларын билип, ошол убакты күттү. Адамдар түндө майрамдап капарсыз болуп турушканда бастырып кирип, душманды кылычтан өткөрдү жана өлкөнү күч менен басып алды. Туткундардын саны 20 миңге жетти, Сижистан башчысы да туткунга түштү. Туткундардын арасында башчынын бир кулу да болгон, аны өз кожоюнуна алып баруу үчүн үч жүз миң топтогонун көрүштү. Робиъ андан: «Бул мал-мүлк кайдан келди?», - деп сурады. «Айылдардын биринен, кожом», - деди. «Бир айыл жылына ушунча мал-мүлк береби?!», - деп сураганда: «Ооба», - деди. «Кантип?!», - деп сурады. «Балталарыбыз, орокторубуз жана төккөн терлерибиз менен», - деп жооб берди.

Согуш бүткөндөн кийин Сижистан башчысы Робиънин алдына барып, ага өзүн жана үй-бүлөсүн куткарып алуу үчүн фидя сунуштады. «Эгер фидяны көп төлөсөң, коё беребиз», - деди. «Канча калайсыз?», - деп сурады. Робиъ айтты: «Бул найзаны жерге саямын жана ушул найзаны көмгөнгө чейин үстүнө алтын жана күмүш төгөсүң», - деди. «Раазымын», - деп, хазынасындагы алтын-күмүш байлыктарды алып чыгып, найзаны көмгөнгө чейин төктү...

Робиъ ибн Зияд өзүнүн жеңүүчү кошууну менен Сижистан жерине кирди. Сижистан калаалары кудум күзгү шамалда дарактын жалбырактары төгүлгөндөй анын тулпары астына бирме-бир кулай баштады. Багындырылган шаар-айылдардын калктары баштарына кылыч такалышынан мурун амандык тилеп, Робиъни чөгөлөп күтүп алып жатты. Робиъ Сижистан борбору Заранжга жеткенде душман согушка даярдык көрүп,

алардын отряддары менен салгылашуу үчүн кошуун бөлүктөрүн даярдап, аларды тартибге салды, кошумча күчтөрдү чакырып, канчалык кымбатка түшпөсүн борборду коргоого жана анын бастырып киришин токтотууга чечим кылды. Робиъ менен душмандары ортосунда айыгышкан согуш башталды, эки тарап тең максадына жетүү үчүн курбандарын аябады. Жеңиш мусулмандар тарапта болушунун алгачкы аламаттары көрүнөрү менен душмандын Парвез деген мирзабаны (мирзабан фарс тилинде коом башчысы) Робиъ менен сулх түзүүнү ойлоду. Анда дагы эле аман калган күч болгондуктан өзү жана коому үчүн жакшыраак шарттарды коюу үмүтүндө Робиъ ибн Зиядга элчи жөнөтүп, сулх түзүү үчүн сүйлөшүү өткөрүлө турган убакытты белгилөөнү сурады. Робиъ анын сунушун кабыл алды.

Робиъ өз адамдарына Парвезди тосуп алуу үчүн жай даярдоону буйруду. Сүйлөшүү өткөрүлө турган жайдын айланасына фарс аскерлеринин жасаддарынан үймөк кылууну, алардын бир бөлүгүн Парвез өтө турган жолдун эки тарабына башаламан таштап коюуну дайындады. Робиъ узун бойлуу, далысы кең, кара өңдүү, тулку бою чоң болуп, көргөн адамдын жүрөгүнө коркуу салган. Парвез Робиънин алдына киргенде аны көрүп жана ар тарапта жаткан аскерлеринин жасаддарына карап, корконунан титиреди, буттары калтырап, жүрөгү апкарып, Робиънин алдына барып кол берип учурашууга батына албады. Алыста туруп, титиреп сүйлөшүү өткөрдү. Робиъге миң жаш жигит, ар бир жигиттин башына бир аяк алтын берүүнү сунуштады. Робиъ макул болуп, Парвез менен бул шартка келишишти. Эртеси Робиъ Мадинага ошол жигиттердин коштоосунда, мусулмандардын тахлил жана такбирлери астында кирип барды жана бул Аллахтын унутулгус күндөрүнүн бири болуп калды.

Робиъ ибн Зияд мусулмандардын колундагы Аллахтын душмандарына каршы чабуул кылган кылычка айланды, ал мусулмандар үчүн шаарларды фатх кылды, вилаяттарга валийлерди дайындады. Башкаруу Бану Умайяга өтүп, Муавия ибн Абу Суфян Робиъни Хорасанга валий кылып дайындады... Бирок Робиънин валийликке көңүлү чыкпады. Айрыкча, Бану Умайянын чоң валийлеринин бири Зияд ибн Абихтен кат алганда Робиънин капалыгы артып, валийликтен ого бетер

иренжиди. Катта мындай делген эле: «Муминдер амири Муавия ибн Абу Суфян сага согуштагы олжолордун алтын-күмүштөрүн мусулмандардын Байтулмалы үчүн сактап коюшуңду, алардан башкасын мужахиддерге бөлүштүрүп беришиңди буйруп жатат». Робиъ ага: «Мен Аллах Азза ва Жалланын Китеби сен муминдер амиринин атынан жазган нерсеңден башка нерсеге буйруганын билемин», - деп жооб жөнөттү. Андан кийин ал адамдарга кайрылып, эрте менен олжоңорду алгыла деп, анын бештен бирин Дамасктагы Халифалык сарайына жөнөттү. (Куръани Каримде согуштагы олжолордун бештен бири Байтулмалга тапшырылышы, калган бештен төрт бөлүгү согушкерлерге бөлүштүрүлүшү айтылган)...

Кат жеткенден кийинки жума күнү Робиъ ибн Зияд намазга ак кийимде чыгып, адамдарга жума хутбасын окуду. Хутбадан соң аларга: «Эй, инсандар, мен бул жашоодон зериктим, мен дуа кыламын, силер аамин деп тургула», - деди. Ал: «Аллахым, эгер мага жакшылыкты каалаган болсоң, кечиктирбестен батыраак жанымды Өзүңө ал», - деп дуа кылды. Адамдар анын дуасына аамин дешти. Ошол күнү күн батардан мурун Робиъ Роббисинин алдына кетти. ❑

## ЭРДОГАН: БИЗ АСАД МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ УЮШТУРУП, ТАРЫХИЙ ЧАКЫРУУБУЗДУ КОЛДООГО АЛУУСУН ЫНТЫЗАРЛЫК МЕНЕН КҮТҮП ЖАТАБЫЗ

«Анадолу» агенттигинин хабарына ылайык, Эрдоган Вашингтондогу НАТО саммитине катышып кайтып жатканда самолёттун бортунда журналисттердин суроолоруна жооб берди. Сирия президенти Башар Асад менен жолугушуу жөнүндөгү суроого жооб берген Эрдоган: «Түркия тышкы иштер министри Хакан Фидан учурда кесиптештери менен талкуулашып жол картасын түзүүдө. Биз ошого карап керектүү чараларды көрөбүз, инша Аллах», - деди. Ал ушуларды баса белгиледи: «Биз Сирияда адилеттүү тынчтык орнотуу мүмкүн экенине ишенебиз. Ар дайым биз Сирия аймагынын бүтүндүгү биздин да кызыкчылыгыбыз экенин билдирип келдик...», «Сирияда адилеттүү тынчтык орнотулушуна эң көп кызыктар тарап бул Түркия...», «Кошмо Штаттар жана Иран бул оң жакка өзгөрүүлөргө раазы болушу жана Сириядагы азаб-кыйынчылыктарды токтотуу жараянын колдошу керек...», «Түркия кошунасы Сирияда токтобой келе жаткан өрттү өчүрүү үчүн жылдар бою аракетин кылып келди, Сирияда жаңы жана жалгыз келечек куруу мүмкүнчүлүгүн берген чөйрө эч кимди кабатырланбашы – биз умтулуп жаткан эң маанилүү нерсе», «Мунун тушунда террорчу уюмдар ушул жолду уулоо үчүн колдорунан келгенини кылышы, провокацияларды жана оюндарды пландашы турган кеп. Бирок биз булардын баарын жакшы түшүнөбүз жана буга каршы турууга даярбыз...», «Биз Сирияда тынчтык болушун каалайбыз жана тынчтыкты колдогон тараптардын баары бул тарыхий чакырыгыбызды колдостугун каалайбыз». Президент Ражаб Таййиб Эрдоган анын мамлекети Сирия президенти Башар Асадга тийиштүү таризде жооб берүү үчүн анын мамилелерди жакшылоого кадам шилтешин күтүп жатканын баса белгилеген. «Биз мурун Сирия менен душман эмес элек, Асад менен үй-бүлөлүк жолугушууларды өткөргөнбүз жана кайра дагы ушуга чакырабыз», - деди. Ал айтышынча, Россия президенти Владимир Путин Эрдоган менен Асаддын жолугушуусуна тилектеш жана бул тилектештик Ирак премьер-министри Мухаммад Шиа Суданийде да бар. Эрдоган: «Бул жерде биз ортомчулук жөнүндө айтып жатабыз. Эмнеге муну кошунабыз менен кылбашыбыз керек», - деп кошумчалады. Ал: «Биз Асадга бул чакырыгыбызды жөнөтөбүз жана бул ар кандай учурда болушу мүмкүн. Түркия-Сирия мамилелери мурункудай кайра тикеленет деп үмүт кылабыз», - деди.

**Ал-Ваъй:** Эрдоган Сириядагы жана өзү роль ойноп жаткан башка бардык жайлардагы мусулмандар үчүн эң коопту айла-амалдуу жана жалганчы өкүмдар болуп эсептелет. Бул жерде Эрдоган анын Сирия ишине аралашуусу Ислам үчүн да, мусулмандар үчүн да пайдалу болбогонун, мухажирлерди тосуп алган ансарийлик да кылбаганын, тескерисинче, Эрдоган Сириядагы козголоңду АКШнын кызыкчылыгы үчүн муздоого аракет кылган мамлекеттин ролун ойногонун, дале ойноп жатканын өзү ачыктап жатат. Түрк режиминин позициясын үйрөнгөн киши ал мусулмандарга каршы тил бириктирүүнүн так борборунда турганын ачкы-айкын аңдап жетет. Эрдоган ушундай бир кылмыштарды жасады, бул кылмыштар Асад режиминин Халаб, Гута жана башка жерлерге киришине жардам берди. Ал Иран жана Россия менен Сириядагы мусулмандарга каршы тил бириктирүүдө. Сирия режимине карата бул кимсе уялбастан «Биз мурун Сирия менен душман эмес элек, Асад менен үй-бүлөлүк жолугушууларды өткөргөнбүз жана кайра дагы ушуга чакырабыз», «Түркия-Сирия мамилелери мурункудай кайра тикеленет деп үмүт кылабыз» деп жатат. Деги, Эрдоган талаб кылып жаткан адилеттүү тынчтык Аллахты раазы кылышы керекпи же ал өзү айткандай «АКШ жана Иран бул жакшы жакка өзгөрүүлөрдөн раазы болушу жана Сириядагы азаб-кыйынчылыктарды токтотуу жараянын колдошу керек»пи?! ❑

## ӨЛТҮРҮҮ МЕНЕН КОРКУТУУ ЖАНА АКАРАТТООЛОР... ФРАНЦИЯ ОЛИМПИАДАНЫН «АЧЫЛЫШЫНЫН УЮШТУРУУЧУЛАРЫ» КАБЫЛГАН МАСЕЛЕ БОЮНЧА ТЕРГӨӨ БАШТАДЫ

Франция борборунун прокуратурасы «Le Parisien» гезитинин маалыматтарын ырастап ачыкташынча, Париж олимпиадасынын ачылыш ырасымынын уюштуруучулары өлүм менен коркутууга учурашканы жөнүндө арыз менен кайрылышкандан кийин тергөө башталган. 26-июлда Сена дарыясында болуп өткөн бул иш-чара бүткүл дүнүйдө диний уюмдардын жетекчилеринин жана консервативдүү саясий жетекчилердин сын-пикирине учураганы айтылат. Ачылыш ырасымын уюштурууга катышкан башка тараптар тарабынан өлүм менен коркутуу боюнча башка арыздар да бар. Прокуратура берген маалыматтарга ылайык, ырасымдын көркөм жетекчиси өз арызында «социалдык тармактарда анын жыныстык ориентациясы жана туура эмес божомол кылынган (израилдик) тегин сындаган опузалаган хабарлар жана акараттардын бутасына айланганын» билдирген. Париж прокуратурасы француз диджей Барбара Бутчтун арызы боюнча да тергөө баштады. Барбара олимпиада оюндарынын ачылыш аземинде дрэг артисттер (аялдардын кийимин кийген эркек артисттер) менен бирге чыкканы үчүн интернет тармагында кысымдар, акараттоолор жана өлтүрүү менен коркутуулар астында калганын айткан. Аялдар активисттери жана лесбиянка болгон бул Барбара Бутч «Майрам» деген сындалган сахнаны уюштурган. Айрымдар айтышынча, ал бир нече киши менен бир столдун айланасында Иса жана анын хаварийлери чогулган акыркы кечени маскара кылган көрүнүштө олтурушкан. Бутч жекшемби күнү «France Inter» радиосуна: «Мен бардык тилдерде тозокто өрттөлүшүмө чакырган көптөгөн зомбулук хабарлар, свастика жана зомбулук каттарды алдым», - деди. О.э. Никки Долл да мурунку британиялык актёр Лоуренс Фокстун катуу сынына кабылган. Лоуренс «X» платформасындагы аккаунтунда бул сахнага катышкан кимселерди «бузуку жаш балдарга» окшоткон. Олимпиаданын ачылыш ырасымы дүнүйнүн диний жана саясий чөйрөлөрү тарабынан да сын-пикирге учурады. Ватикан «Париждеги олимпиада оюндарынын ачылыш ырасымындагы сахнанын аткаруучуларына кайгыда» экенин билдирди. АКШнын мурунку президенти Дональд Трамп: «Мен бул иш-чарага раазымын. Бирок менин оюмда, алар кылган иш-аракет акарат болду», - деди. Түркия президенти Эрдоган бул ырасымды «насронийлер дүйнөсүнө карата ахлаксыздык» деп баалады. Француз епископтору «өкүнүчтүүсү, насронийлерди маскара кылып, күлүү көрүнүшү болгон» ырасымдын айрым бөлүктөрүндө «провокация» бошлгонун каралады.

**Ал-Ваъй:** лесбий жана гомосексуализмге үндөп жаткан үгүт эң ыфлас үгүт болуп эсептелет. Анын артында глобалдуу таасирге ээ эл аралык жашыруун карамүртөз күч турат. Мындай шайтаний үгүттү жаюу үчүн өз таасиринен жана карамүртөздүгүнөн пайдаланып жаткан жана БУУнун токтомдору аркылуу корголгон бул күчтүн максады дүнүяны бузуу жана дүнүядагы диндерди бекер кылып, ордуна жаңы динди жаратуу. Бул жерде көңүл бурчу тарабы ушул – ырасымдын көркөм жетекчиси жыныстык ориентациясы жана (израилдик) теги үчүн айыпталууда. Дагы бир көңүл бурчу нерсе – Батыш насроний дининин маскара кылынышын сөз эркиндиги же жеке адам эркиндиги деп эсептебеди. Акыйкатта болсо, Расулуллах ﷺды акараттоо же болбосо Куръанды өрттөө сыяктуу Ислам жана мусулмандардын маскара кылынышын сөз эркиндиги же адам эркиндиги деп айтууга шашылат. Ушуна баса белгилөө зарыл, мусулмандар бул окуяны мусулмандарды да акараттоо деп билишет. Анткени саййидибиз Иса عليه السلامды акараттоо Исламды акараттоо болуп эсептелет. Ошол дасторкон Куръанда айтылган. Чынында, бүткүл дүнүя чыныгы өзгөрүүгө, айрыкча, Исламга абдан мухтаж болуп турат. Мунун ачкычы – Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалыкты тикелөө. ❑